**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**А.МЫРСАБЕКОВ АТЫНДАГЫ ОШ МАМЛЕКЕТТИК ПЕДАГОГИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**

*Кол жазма укугунда*

**УДК 37;372.8;372.882;373.1**

**АКМАТОВА ЧЫНАРА АСАНОВНА**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕГИ ЫРЛАРДЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ

**13.00.02 – окутуу жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)**

**Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган**

**ДИССЕРТАЦИЯ**

**Илимий жетекчи:**

педагогика илимдеринин доктору, профессор

**Момуналиев Сатканбай**

**Бишкек -2022**

МАЗМУНУ

**ИЗИЛДӨӨ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ**..................................4

**БИРИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕГИ ЫРЛАРДЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДИКАЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫНА ОБЗОР**

1.1.Азыркы учурда башталгыч класстарда «Адабий окуу» предметинде ырларды окутуунун максаты, милдеттери жана негизги парадигмалары.........................................................................................11

1.2. «Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу» түшүнүгүнүн теориялык проблемалары ........................................................................................21

1.3. «Адабий окуу» предметинде ырларды окутуунун жана анын изилденишинин тарыхына обзор........................................................................27

1.4. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методологиялык негиздери............ 41

*Биринчи бап боюнча корутунду*.............................................................*51*

**ЭКИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕГИ ЫРЛАРДЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ**

2.1. Илимий изилдөөнүн материалдары .......................................................55

2.2.Илимий изилдөөнүн методдору .............................................................73

2.3. Педагогикалык эксперименттин уюштурулушу, жүрүшү жана анын жыйынтыктары..........................................................................................83

*Экинчи бап боюнча корутунду*..............................................................*103*

**ҮЧҮНЧҮ БАП. «АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕГИ ЫРЛАРДЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУ УЮШТУРУУ**

3.1. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн ыкмалары жана жолдору..........106

3.2. «Адабий окуу» предмети аркылуу башталгыч класстын окуучуларынын окуу компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу..........119

3.3. «Адабий окуу» предметин окутууда элдик педагогиканын негизинде окуучулардын толеранттуулук жана этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун ыкмалары менен жолдору..........124

*Үчүнчү бап боюнча корутунду..........142*

**ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР ЖАНА СУНУШТАР..........**145

**ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР..........**148

# КИРИШҮҮ. ИЗИЛДӨӨ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Кыргызстан өз алдынча эгемендүүлүккө жетишип, суверендүү мамлекет болгон соң саясый, экономикалык, маданий жактан дүйнөлүк интеграция агымына кошулуу аркылуу улуттук баалуулуктарды кийинки муунга жеткирүү милдети алдыңкы планга чыкты. Ааламдашуу шарттарында балдарды окутуп-тарбиялоонун дүйнөлүк тажрыйбасына таянуу менен өзүбүздүн маданий мурастарды, анын ичинде башталгыч класстарда поэтикалык чыгармаларды пайдалуунун мүмкүнчүлүктөрүн кырдаалга жараша изилдөө талабы коюлду. Жаштардын бир катар бөлүгү талап-тоноочулук, баңгичилик, ичкиликпоздук, адамдарды басынтуучулук, мамлекеттик мыйзамдарды сыйлабоочулук, башка диндерге ооп кетүүчүлүк, жанбактылык ж.б. жаман адаттарга берилип кетип, тарбиялоо тармагыбыз өксүк тартып калды.

Мына ушундай шартта КР Президенти С.Н.Жапаров «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы» жөнүндөгү жарлык чыгарып, жаштарды улуттук асыл нарктар менен тарбиялоого өзгөчө басым жасады.

Мына ушул милдетти аткаруунун бир тарабы – мектепте окутулуучу адабий чыгармалар, алардын ичинде балдарга арналган ырлар. Кыргыз балдар ырлары негизинен Кыргыз Республикасынын мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жана орто мектептердин башталгыч класстарында окутулат.

«Компетенттүүлүк» жана «компетенция» түшүнүктөрүн алгачкылардан болуп чечмелеген окумуштууларга чет элдиктерден: Дж.Равен, Р.Уайт, Д.Хаймс, Н.Хомский ж.б.; россиялыктардан: В.И.Байденко, Л.И.Берестова, И.А.Зимняя, Н.В.Кузьмина, А.К.Маркова, А.В.Хуторский ж.б.; кыргызстандыктардан: Н.А.Асипова, Б.М.Акматов, Н.А.Ахметова, И.Б.Бекбоев, К.А.Биялиев, К.Д.Добаев, Э.М.Мамбетакунов, М.Х.Манликова ж.б. окумуштуулардан эмгектерин көрсөтүүгө болот.

Жогоруда аты аталган окумуштуулардын эмгектерине таянуу менен биз «компетенттүүлүккө» төмөндөгүдөй аныктама бердик. «Компетенттүү» окуучу

сунушталган материалды кабыл алып, билип, ой жүгүртүп түшүнөт жана ал билгендерин өз иш-аракетинде аткара да алат. Ушул өңүттөн алганда, башталгыч класстын окуучулары төмөндөгүдөй компетенттүүлүккө ээ болушу керек:

а) ырдын текстин үн чыгарып жана ичтен окуй билиши;

б) окуганына ой жүгүртүп түшүнө алышы;

в) окуганынын мазмунун, түшүнгөнүн өз сөзү менен айта билиши;

г) окуган ыры боюнча изложение жана мини дил баян жаза алышы (4-класстарда);

д) текстти жат, уккулуктуу айта билиши;

ж) ырдан алган таасирин өз жашоосунда колдоно билүүгө умтулушу;

з) окуганынын негизинде сөз байлыгын өстүрө алышы;

и) окуганын бөлүктөргө ажыратып, тема кое билиши;

к) окуганынын планын түзө алышы;

м)окуганы боюнча бири-бирине суроо берип жана ага жооп бере алышы.

Негизи, бала туулгандан тартып эле энесинин бешик ырларын угуп чоңоёт. Балдарга арналган ырлар ошол балдардын жаш курагына ылайык келиши, окууга, жаттоого жана түшүнүүгө жеңил болушу, сюжети, композициясы, көркөм тили жөнөкөй, мазмунунда тарбиялык мааниси күчтүү болушу керек.

Албетте, ырлардын жанрдык спецификасы, жалпы эле теориялык проблемалары орус жана кыргыз адабиятчылары тарабынан аныкталган. Ал эми балдар ырларын жогорку окуу жайларында, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында жана мектептерде окутуу боюнча диссертациялар жазылып, корголгон (Абдраева Н.Э., Каранова Т.Н., Миңбаева К.Б, Рахимова М.Р., Рысбаев С.К., Сакиева С.С., Саттарова А.Т., Токтомаметов А.Д. ж.б.). Булардын ичинен С.С.Сакиеванын докторлук диссертациясы «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деп аталып, анда адабий окууга үйрөтүү проблемасы жалпы каралып, ичинде «Адабий окуу» предметиндеги айрым ырларды окутууга арналган учурлар кездешет,

К.Б.Миңбаеванын кандидаттык диссертациясы «Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүүнүн жолдору» деп аталат жана анда Т.Самудинов, Б.Асаналиев жана К.Жунушевдин балдар ырларындагы педагогикалык ойлор тууралуу айтылып, аларды жогорку окуу жайларында окутуунун методикасы сунушталат.Биздин ишке бир топ жакын эмгек А.Т.Саттарованын «Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери» деп аталган докторлук диссертациясы. Анда орто мектептин 1-7-класстарында балдар ырларын окутуунун жалпы эле технологиялары каралып, атайын «Адабий окуу» предметине басым жасалган эмес.

Биз болсо 2-4-класстарда окутулуучу «Адабий окуу» предметиндеги балдар ырларына басым жасоо менен жогорудагы аталган диссертациялардан айырмабыз, башталгыч класстардын окуучуларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу проблемасына басым жасадык, ырларды компетенттүүлүккө багыттап үйрөтүүнүн мазмунун жана методикасын иштеп чыктык.

Жогоруда белгилегенибиздей, «Адабий окуу» предметинде балдар ырларын окутуу боюнча айрым диссертациялар корголуп, эмгектер жазылса да, ырларды окутуу аркылуу окуучуларда зарыл компетенттүүлүктү калыптандырып окутуу жагы − негизинен актуалдуу. Анын башкы *себептери жана карама-каршылыктары* мына бул факторлор менен түшүндүрүлөт:

- Башталгыч класстар окуучулардын акыл-эсин, аң-сезимин, эстетикалык табитин, адеп-ахлактык тарбиясын ырлар аркылуу өстүрүүгө мүмкүнчүлүк түзүп бере алса да, мындай чыгармаларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу иш-аракетине жардам бере алуучу илимий-методикалык изилдөөлөрдүн ишке ашырылбай келе жаткандыгы;
- «Адабий окуу» предметинде балдар ырлары кеңири сунуш кылынып жүрсө да, аларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикалык негиздери атайын изилдөөгө алынбагандыгы;
- чыгармачыл мугалимдер тарабынан балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун майнаптуу жолдору, ыкмалары аз да

болсо практикада пайдаланылып жатса дагы алардын тажрыйбалары илимий жактан үйрөнүлбөгөндүгү, методисттер тарабынан жыйынтыкталбагандыгы жана мектептерге таратылбагандыгы.

Жогоруда белгиленген карама-каршылыктарды жана алардын себептерин чечүү биздин изилдөөбүздүн **проблемасын** аныктап, темабызды **«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы»** деп атадык.

**Теманын ири илимий программалар (долбоорлор) же негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация «Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясы» аттуу нормативдик документтин идеяларын ишке ашыруу жана ОшМПУнун педагогика жана психология кафедрасынын илимий-изилдөө иштери менен байланышат.

**Изилдөөнүн объектиси** – жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарындагы (II-IV класстар) «Адабий окуу» предметин окутуу процесси.

**Изилдөөнүн предмети** – «Адабий окуу» предметиндеги балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы.

**Изилдөөнүн максаты:** башталгыч класстардын “Адабий окуу” предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу ыкмасын иштеп чыгуу жана анын натыйжалуулугун текшерүү.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Изилдөө боюнча философиялык, педагогикалык, психологиялык, адабий жана илимий-методикалык эмгектерди талдоо.

2. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметин окутуу методикасы боюнча окуу-ченемдик документтерди (мамлекеттик стандарттар, программалар, окуу китептери, окуу-методикалык куралдар ж.б.) талдоо. «Адабий окуу» предмети боюнча компетенттүүлүктүн негизинде балдар ырларын окутуунун заманбап максаттарын аныктоо.

3. Башталгыч класстарда компетенттүүлүктүн негизинде ырларды окутуунун салттуу жана инновациялык методикалык ыкмаларынын, усулдарынын, түрлөрүнүн жана каражаттарынын комплексин иштеп чыгуу. Башталгыч класстарда компетенттүүлүккө негизделген ырларды окутуунун моделин жана окуучулардын балдар ырларын өздөштүрүү боюнча баалоо критерийлерин иштеп чыгуу.

4. Педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө башталгыч класстарда ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун иштелип чыккан методикасынын натыйжалуулугун аныктоо. Алынган натыйжаларды мектеп практикасында колдонуу үчүн методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн божомолу:** «Адабий окуу» предметинде балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун оптималдуулугун өркүндөтүүгө болот, эгерде:

- «Адабий окуу» предметинде балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окуп-үйрөнүүнүн методологиялык негиздери, тарыхый сабактары туура аныкталса;
- «Адабий окуу» предметинде балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутууда алардын тектик, түрдүк, жанрдык, тилдик бөтөнчөлүктөрү, тематикалык багыттары туура табылса;
- компетенттүүлүккө негиздеп окутууда балдар ырларынын авторлорунун чыгармачылык индивидуалдуулугу эске алынса;
- балдарга арналган ырларды окутууда класстардын бөтөнчөлүктөрү, окуучулардын курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрү туура аныкталса;
- «Адабий окуу» предметинде балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутууда окутуунун салттуу жана жаңычыл методдору айкалыштырыла натыйжалуу пайдаланылса;
- «Адабий окуу» предметинде балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутууда азыркы коомдугу өзгөрүүлөр, балдардын жеке жашоо-турмушу, социалдык процесстер менен байланыштырылса.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү**: башталгыч класстарда биринчи жолу «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы (салттуу жана инновациялык ыкмалардын, формалардын, методдордун жана каражаттардын комплекси) илимий психологиялык-педагогикалык технологиялардын жана методикалардын заманбап жетишкендиктерин эске алуу менен иштелип чыккандыгы жана педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө анын натыйжалуулугу аныкталгандыгы.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**: Изилдөөнүн жыйынтыктары: а) башталгыч класстардын «Адабий окуу» предмети боюнча мамлекеттик стандарттарды жана программаларды, окуу китептерин жана окуу куралдарын өркүндөтүүдө жана иштеп чыгууда; б) филологиялык жана педагогикалык факультеттерде кыргыз адабиятынын методикасын окутуу курсунда; в) башталгыч мектептин мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, даярдоо жана кайра даярдоо курстарында; г) башталгыч мектептин окуучуларына ырларды окутуу боюнча аудио жана видео материалдарды иштеп чыгууда колдонулат.

**Коргоого коюлуучу диссертациянын негизги жоболору:**

1.Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде ырларды окутуунун изилденүүчү проблемалары боюнча илимий-методикалык, психологиялык-педагогикалык адабияттарды изилдөө, талдоо жана жалпылоо илимий-педагогикалык багыттардын жана илимий-методикалык технологиялардын заманбап жетишкендиктерине ылайык 2-4-класстарда ырларды окутууну компетенттүүлүктүн негизинде жүргүзүү керектигин көрсөтүп турат. Окутуунун билим берүүчү, тарбиялоочу жана өнүктүрүүчү максаттарды ишке ашырууда ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу натыйжалуу жана эффективдүү каражат болушу мүмкүн.

2. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметин өркүндөтүүгө биз сунуш кылган башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасын, окутуунун салттуу жана инновациялык усулдарынын, формаларынын, каражаттарынын жана

ыкмаларынын комплексин, башталгыч класстын окуучуларынын коммуникативдик-сүйлөө, этномаданий, адабий-теориялык компетенттүүлүктөрүн, ырларды өздөштүрүү боюнча баалоо критерийлерин, мугалим-практиктер үчүн методикалык сунуштардын негизинде ырларды окутуунун моделин, аудио, видео материалдарды иштеп чыгуу жана окутуу практикасына сунушталган окутуунун салттуу жана инновациялык ыкмаларын киргизүү. «Адабий окуу» предмети боюнча жаңы стандарттарды, программаларды, окуу китептерин иштеп чыгуу жана өркүндөтүү.

3. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп өздөштүрүү, биз жүргүзгөн изилдөө көрсөткөндөй, окуучулардын коммуникативдик-сүйлөө, этномаданий, адабий-теориялык жана башка компетенттүүлүктөрдүн өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Башталгыч класстардын тажрыйбасында иштелип чыккан жана сыналып чыккан ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу методикасынын натыйжалуулугу жөнүндө Кыргызстандын 6 мектебинен 782 окуучуну камтыган педагогикалык эксперименттин (аныктоочу, калыптандыруучу жана текшерүүчү этаптардын) жыйынтыктары күбөлөндүрөт жана башталгыч класстын окуучуларын руханий-адеп-ахлактык, эстетикалык жактан тарбиялоого, алган билимдерин турмушта колдоно билүүгө да өбөлгө түзөт.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасын иштеп чыгуу; педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө ырларды окутуунун методдорунун, каражаттарынын, формаларынын жана ыкмаларынын натыйжалуулугун аныктоо; башталгыч класстарда ырларды компетенттүүлүктүн негизинде окутуунун моделин, окуучулардын ырларды өздөштүрүү боюнча баалоо критерийлерин, 2-4-класстар үчүн сабактардын иштелмелеринин циклин, окутуунун практикасына сунушталган окутуунун салттуу жана инновациялык ыкмаларын киргизүү боюнча методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын тастыкталышы:** Изилдөөнүн жүрүшү жана жыйынтыктары 2012-2021-жылдардын арасында Ош мамлекеттик педагогикалык университетинде ж.б. окуу жайларда өткөн илимий-практикалык республикалык жана эл аралык конференцияларда КБАнын, Ж.Баласагын атындагы КУУнун, И.Арабаев атындагы КМУнун алдындагы диссертациялык кеңеште алдын ала коргоодо талкууланды.

**Изилдөөнүн эксперименталдык базасы –** Ош областынын Араван районунун №2 Аман Эгенов, №10 Токтогул, Кара-Суу районунун №49 Эрнест Тельман атындагы орто мектептери, №87 Сыдык Алайчы уулу атындагы инновациялык гимназия билим берүү комплекси, Ош шаарынын Навои атындагы №18 гимназия мектеби, Баткен областынын Баткен районунудагы Ж.Байжигитов атындагы орто мектептери.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы**: Изилдөөбүздүн темасы боюнча жана анын жыйынтыктары ““Адабий окуу” сабагында ырларды окутуунун технологиялары” деген аталыштагы методикалык курал, 15 илимий макалада жарыяланды. Анын ичинен РИНЦ статусу бар 5 макала эл аралык басылмаларда басылып чыкты.

**Изилдөөнүн түзүлүшү:** Эмгектин жалпы бети – 162, пайдаланылган адабияттардын тизмеси – 173, таблицалар – 20, сүрөттөр – 2.

## БИРИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕГИ ЫРЛАРДЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУН ТЕОРИЯЛЫК-МЕТОДИКАЛЫК ПРОБЛЕМАЛАРЫ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШ ТАРЫХЫНА ОБЗОР

### 1.1. Азыркы учурда «Адабий окуу» предметиндеги ырларды окутуунун максаты, милдеттери жана негизги парадигмалары

Биз жашап жаткан XX кылымдын соңку жылдарын жана XXI кылымдын биринчи чейрегин «Ааламдашуу доору», же «дүйнөлөшүү», англис тилинде «глобализация» («globalization») деп атап жүрөбүз. Бул − дүйнөнүн интеграцияланышы, бир жерде болуп жаткан окуялардын, жаңылыктардын бүт ааламга тез тарашы. Мында эң чоң нерсе – IT технологиялары, анын ичинде чөнтөк телефон, ноутбук, нетбук, планшет, электрондук кат куржун (E-mail), скайб, вотсап, теле, кино-фильмдер, OK, DVD, MTV, KTV, Internet ж.б. маалымат каражаттары. Булар жалпы дүйнө балдарындай эле кыргыз балдарына жаш кезинен эле таасир этип, балдар мектепте окуй элек кезинде эле жогорудагыдай электрондук каражаттардын, электрондук оюндардын «кулуна» айланды. Ата-эне балдардын ошондой заманбап каражаттарды колдонуусуна бөгөт коё албай калды, телевидение да, көчөдөгү көрнөк-жарнактар да бала дүйнөсүн «массалык маданияттын» жаңы көрүнүштөрү менен «булгап» жатат. Демек, азыркы учурда кыргыз балдарынын көркөм адабий чыгармаларды активдүү окубай жатышынын биринчи себеби – соңку учурда өтө ыкчам өнүгүп, биздин турмушубузга кирип келген IT технологияларынын терс таасири.

Экинчи нерсе – XX кылымдын акыркы он жылдыгында советтик социалисттик түзүлүш кыйрап, ордуна рыноктук мамилелер кирди, пландуу экономика, колхоз-совхоз, завод-фабрика дегендер бара-бара жеке менчикке таратылып, ордуна вакум пайда болду, мунун өзү чоң проблемаларды пайда кылды, биринчиси, ата-энелердин өтө чоң бөлүгү эмгек мигранты катары чет

өлкөлөргө кетти, ошол эле учурда ички миграция күчөдү, бул болсо, балдардын бир топ бөлүгүн ата-энесинин кароосунан, окутуп-тарбиялоосунан ажыратты да, ал балдардын бир кыйласы китеп окубай, «көчө балдарына» айланды да, булардын таасири калган балдарга да тийди. Мындай көрүнүш да балдарды китеп окуудан алыстатты. Рыноктук мамилелер, эмгек миграциясы «жаңы кыргыздарды» пайда кылды, алар мыйзамсыз жана коррупциялык жол менен каражат таап, байып, же рэкетчилик кылып, а түгүл депутаттык мандатка жетип, эл арасында кадыр-баркка ээ болушуп калды да, өспүрүм балдар кечээ эле мектепте араң «үч» алып жүргөн ошондойлорду идеал тутуп, ошолорго окшогусу келип, окууга болгон кызыгуулар өчө баштады.

Мына ушул адабий китептен алыстоонун дагы бир себеби – мамлекеттик көзөмөлдөн чыкканы үчүн Кыргызстандын китеп, газета-журнал басып чыгаруу өндүрүшү, аларды таратуу механизмдери бир кыйла талкаланды, өкмөт текшерүү жүргүзбөгөндүгү үчүн сапатсыз китептер чыгып кетти, колунда бар адамдар китептерин чыгарып, таратып, элдин адабий китепке болгон эстетикалык табитин, окурмандык кызыгууларын басаңдатты.

«Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» мындай милдеттер коюлат: «...бүгүн эгемендүү Кыргызстан экономиканы көтөрүү озуйпасы менен катар эле, биринчи иретте, коомдун руханий-адептик, ыймандык негиздерин чыңдоонун зарылдыгына келип такалып отурат. Биздин маалыматтуулугубуз, билимдүүлүгүбүз, кесипкөйлүүгүбүз, материалдык-экономикалык өнүгүүбүз тунук адеп-ахлак, цивилизациялуу жүрүм-турум, ички рухий маданият менен коштолууга тийиш. Коом, Ата-Мекен деген ар бир атуулдун абийири жана жоопкерчилиги аркылуу гана жакшырары анык болуп калды. Таза ыйман, айкөл рух болсо коомубузда таза башкаруу, таза жаратмандык эмгек, тынчтык, ынтымак жана стабилдүүлүк болмок. Демек, бүгүн биринчи иретте, жарандардын, келечек муундарыбыздын рухий-адептик тарбиясын колго алуу, анын концепциясын, стратегиясын иштеп чыгуу жана аны ишке чегүү –

өлкөбүздүн масштабындагы кечиктирилгис милдет жана коомубуздун зарыл социалдык муктаждыгы» [84,4].

Коомдогу жалпы деградация, рыноктук заман, балдардын тарбиясындагы өксүктөр кандай натыйжа алып келгенин адабиятчы, социолог-публицист С.О.Байгазиев изилдеп чыккан. Ошол изилдөөлөрүн мындай жыйынтыктайт: «Изилдөөлөр бүгүнкү окуучу өспүрүмдөрдүн кечөөгү ата-бабаларындай өз өлкөсү жөнүндө эмес, көбүнчө өз керт башынын маселелери жөнүндө ойлонуп, турмушка коммерциялык, прагматикалык мамиле тарабына, материалдык кызыкчылык жагына ооп баратышкандыгын ачыкка чыгарууда. Социологиялык изилдөөлөрдүн далилдеринен мисал келтирели. Маселен, балдар бүгүн моминтип ойлонушат:

- «Мен шаардын сыртында дем ала турган үйлүү болууну каалар элем.
- Мен үч кабаттуу жеке үйлүү болууну каалар элем.
- Мен миллион акчалуу болууну каалайм.
- Мен BMW машиналуу болууну каалайм.
- Мен төрт кабаттуу үйлүү болууну жана дүйнөдөгү эң бай адам болууну каалайм.
- Мен бизнесмен болууну каалайт элем, себеби мен жакшы жашоо, «крутой» болуу жана шаарда, өлкөдө «авторитет» болуу үчүн көп акча табууну каалайт элем».

Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөтүп тургандай, азыркы балдардын арасында маданий-руханий, адептик-ыймандык, атуулдук-патриоттук багытта ой жүгүрткөндөр негедир аз. Ырас, бирин-экин окуучу «Мен эски кыргыздын ырларын кайрадан жаратууну каалайм», «Мен президент болуп, өлкөмдү бай өлкө кылгым келет» дешип жооп беришкен. Балдардын тилеги жакшы, бирок өспүрүмдөрдүн анкеталык жооптору негизинен «акча», «пайда», «бийлик-байлык», «жеке атак-даңк» сыяктуу түшүнүктөрдүн тегерегинде айланчыктап турат. Балдардын дүйнөсүндөгү мындай тенденция адеп-ыйман, руханият тарбиясынын кызыкчылыгына терс таасирин тийгизип, кооптонууну жаратпай койбойт.

Бул жагдайдан улам, кененирээк ой жүгүртүп көрөлү. Бүгүнкү дүйнөдө рынок, соода-сатык системасынын үстөмдүгүнүн шартында эл, мекен, журт кызыкчылыгы деген чоң түшүнүктөр урматталбай, ыйман, уят, абийир аттуу ыйык нерселер тебеленип, материалдык байлыктын культу өсүп, үлүлчөсүнөн «кабыгынын» ичине кирип кеткен өзүмчүл, индивидуалист жандар көбөйүп, акчага, алтынга, көр дүнүйөгө жүгүнүү күчөөдө. Американлык илимпоз Кольберг «Турмушка өзүмчүлдүк, пайдакечтик, жалаң бухгалтердик, коммерциялык, технократиялык мамиле Европа менен Америкада өзүнчө бир улуттук ооруга айлангандыгын» тынчсызданып жазат. Цивилизациянын мындай терс илдеттеринин белгилери биздин Кыргызстанда да пайда болду» [35,11-12].

Андан ары 2006-жылы апрель айындагы кыргыз телеберүүсүнөн тартууланган бир көрсөтүүдө 5-6 кыргыз улутундагы өспүрүмгө «эгер кайра төрөлүп калсаң, ким болор элең» деген суроо берилгендигин, берилген ушул суроолорго окуучулардын биринин артынан бири «француз болгум келет», «орус болууну каалайм», «немис болгум келет», «англичан болгум келет» деп жооп беришкендигин, алар кыргыз болууну каалабагандыгын өкүнүч менен белгилейт. Дагы «Жаңы Ордо» газетасындагы маалыматка таянып «өлкөдөгү анархизмдин» кесепетин мындай цифралар менен далилдейт: алкоголиктер – 100000, баңгилер – 20000, сойкулар – 30000, ажырашуу жылына – 7000, кароосуз балдар – 50000, адам сатуу жылына – 4000, адеп-ахлак кетип, эртелеп, кээде партада төрөгөн өспүрүм кыздар жылына – 2000, мектеп рекеттерине козголгон кылмыш иши жылына – 500 ж.б.» [35,11-12].

Ушундай кризистик абал жыл сайын тереңдеп отурат жана андан чыгуунун орду-түбү көрүнбөйт. «Цивилизациянын мындай илдети» биздин көз алдыбызда башка муундун келе жаткандыгын тастыктайт. Алардын мүнөз-аракетиндеги, пейилиндеги, идеал-үлгүсүндөгү мындай белгилер төмөнкүлөр:

- моралдык кызыкчылыкка караганда материалдык кызыкчылыкты биринчи орунга коюу;

- советтик учурдагы советтик адамдарга идеал болгон каармандардын (Павел Корчагин, Павлик Морозов, Кычан Жакыпов ж.б.) жана тарыхый инсандардын (Чолпонбай Түлебердиев, Дүйшөнкул Шопоков, Таштанбек Акматов ж.б.) азыркы жаштарга идеал болбой калышы;
- азыркы балдардын бай коммерсанттарды, мушташ багытындагы спортчуларды, рэкеттерди, депутаттарды, эстрада «жылдыздарын» өрнөк тутуп, ошолордон үлгү алууга кызыгуусу;
- мектеп окуучулардын адабий чыгарма окуудан алыстап кетүүсү, опера жана балет, драмалык театрларга барбай калышы;
- балдардын жана жалпы эле жаштардын эстетикалык табитинин өтө төмөн түшүп кетиши ж.б.

Мындай абалды Баткен шаарындагы Кызыл-Жол орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы Махабат Алимова мындай түшүндүрөт: «Чыңгыз Айтматов ким?» деген суроого жакында эле бир окуучу ойлонбостон туруп «акын» деп жооп берип салды. Анын жанындагы жакшыраак окуган курдаштары каткырып күлүштү, бирок эмнегедир менин күлкүм келбей эле катуу ыза болдум. Эмне деген жаштардын мууну келе жатат? «Жаштар – биздин келечегибиз» дейбиз. Келечегибиз ушундай түркөй жаштарыбыздын колуна түшө турган болсо анда мамлекет кайсы жакка баратат?

Биз мектепте окуп жүргөн учурда танапис болору менен китепканага чуркап, кызыктуу китептерди башка окуучулар алып коё электе алып калалы деп шашчубуз. Китепкананын ичинде чоң кезек түзүлүп калчу эле. Анан дагы ким мурда окуп бүтөт, ким китепти көп окуйт деп бири-бирибиз менен жарышып, атаандашып окуур элек. Касымалы Жантөшовдун «Каныбегин» окуп отуруп, ичине кирип кетип, ыйлап атып, жасап аткан тамагым күйүп калганы эсимден такыр кетпейт. Биздин муундун жаштары ушинтип адабий китептерди берилүү менен окуп, чыгармалардагы каармандардын турмушунан сабак алар элек.

Азыркы окуучулар адабий китеп эмес, күнүмдүк сабакты да кыйратып окубай калды. Ар биринин колдорунда бирден телефон. Замандын талабына

жараша китепти интернет менен алмаштырып атат дейин десең, интернеттен бир пайдалуу маалыматтарды алып окушсачы? Интернетте пайдаланганы «Мейл Агент», «Одноклассники» сыяктуу такыр пайдасы жок социалдык түйүндөр» [25].

Мына ушул балдардын азыркы абалына ким, же эмне себепкер экенин толук түшүнүү кыйын, ал эми биз, мугалимдер, ушул абалдан чыгаруунун ар түрдүү жолдорун издешибиз керек. Ушул жолдордун бири 1-класстын «Алиппе» окуу китебинен тамга таанып, жазууну, окууну үйрөнгөн балдарды «Адабий окуу» сабагы аркылуу адабият дүйнөсүнө, көркөм сөз дүйнөсүнө баштап кирүү.

Адабият аркылуу, анын ичинде балдарга арналган ырлар аркылуу башталгыч класстын окуучулары төмөнкүлөрдү үйрөнөт:

- көркөм адабияттын негизги өзгөчөлүктөрүн, балдар ырларынын табиятын өздөштүрөт;
- ыр (поэзия) формасындагы текст менен кара сөз (проза) формасындагы тексттин сырткы өзгөчөлүктөрүн аңдап билет;
- «адабий окуу курсунун жетектөөчү компоненти эмоциялуу-баалуулук мамилелеринин тажрыйбасы, дүйнөнү образдуу кабылдоо (И.К.Журавлев) болуп саналаса» [38] , окуучулар дал ушул дүйнөнү сөз өнөрү аркылуу образдуу кабылдоо иш билгилигинө ээ болууга аракет кылат;
- ыр жана анын мазмуну аркылуу балдар дүйнөнү, турмушту таанып билишет;
- ырдагы автордук позицияга карата өз оюн айтып, өз пикирин билдирүү компетенттүүлүгүнө ээ болот;
- балдар ырлары аркылуу өз турмушун, жанындагы жакын адамдарынын турмушун салыштырат;
- ырларды окуу аркылуу эмоционалдык сезимдери жогорулайт;
- балдар ырлары менен таанышууда окуучулардын эстетикалык табити кылыптанып, жогорулайт;

- ырларды үйрөнүү процессинде башталгыч класс окуучуларынын сөз байлыктары жогорулап, байланыштуу речь түзүү маданияты өсөт ж.б.

2-класстын окуу китебиндеги А.Үсөнбаевдин «Комузум» деген ырын окуп көрөлү:

Тилге жолдош, үнгө дем,
Комузду кошуп ырдайлы.
Бабабыз черткен бул комуз,
Баркына жетип сыйлайлы!

Өрүктөн тандап чабылган,
Карагай капкак чабылган.
Үч кыл тагып жибектей,
Күлүктөй таптап багылган.

Ата журтун коргогон,
Эрди ырдайлы, комузум.
Бетинде түрдүү береке,
Жерди ырдайылы, комузум [8, 26].

Бул ырды окуу менен 2-класстын балдары кандай билимдерге жана компетенттүүлүккө ээ болушат.

Биринчи учурда автор Алымкул төкмө тууралуу, ал жашаган мезгил жөнүндө жана акын өзү да комуз черткенин, күү чыгарганын, төгүп ырдаганын, «Кожожаш» сыяктуу элдик дастандарды айткандыгын, Токтогул Сатылгановдун шакирти болгондугун, коомдук ишмер катары депутат болгондугун билишет.

Экинчи учурда кыргыз комузунун жасалыш технологиясы менен таанышат: ал тандалып, кургатылган өрүктү чабуу менен жасалат, капкагын карагай материалынан жасашат, анан ичегиден тилинип алынган үч кыл тагылат.

Үчүнчү айта турган нерсе – комуз байыркы учурдан бери баркталып келе жаткан кыргыздарга гана таандык музыкалык аспап.

Төртүнчү учур акын комузга жандуу нерседей кайрылып, эмне жөнүндө ырдоо керектигин кеңешет.

Сабак процессинде А.Үсөнбаевдин портерети, анын аткаруусунда «Комузум» деген ырдын интернеттеги толук варианты уктурулат. Окуучулар менен иштөөнүн эң кызыктуу учуру – класста комуз черткен балдардын, же башка класстардан «конокко» келген окуучулардын аткаруусунда комуз күүлөрүн угуу.

Жогорудагыдай иш-аракеттер аркылуу окуучулардын этномаданий компетенттүүлүктөрү (кыргыз эл турмушундагы комуздун орду), тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрү (комуздун жасалашына байланыштуу лексика), эстетикалык табити (комуз күүсүн угуу аркылуу) калыптанып, жаңы фактылар (автор тууралуу, комузчулар тууралуу маалыматтар) менен таанышат.

Балдарга арналган ушул ырды окуп-үйрөнүү аркылуу азыркы XXI кылымдын балдары кыргыз маданиятынын бийик чокуларынын бири болгон комуз тууралуу этномаданий компетенттүүлүгүн байытуу менен элине болгон урматтоосу жогорулайт, ошол эле кезде айрым жөндөмдүү балдар колуна комуз алып, келечектеги өнөрүнүн жолун ачат.

Ушул эле класстагы Т.Үмөталиевдин «Нооруз» деген ырын окуп-үйрөнүү менен кыргыз элинин улуттук майрамы болгон Жыл ажыраш майрамы тууралуу маалыматтарга ээ болот, анын кандайча, эмне үчүн өткөрүлүп келгенин билишет. Эң негизгиси – окуучулар Нооруз майрамын кандай майрамдоо керектиги, аны кандай өткөрүү тууралуу этномаданий компетенттүүлүккө ээ болот. Ж.Исабаеванын «Соң-Көл жайлоосунда», «Күн менен торгой», Д.Жамансартованын «Азаматсың, жылкычы» ж.б. ырларды окутуу процессинде мугалим менен окуучунун чыгармачылык иш билгилиги кыргыз жеринин табиятын ачууга, жаратылыш көрүнүштөрүн чагылдырууга, кыргыз эли эзелтеден барктап келген жылкычылык кесиптин артыкчылыктарын

көрсөтүүгү багытталган. Мындай ырлардын тарбиялоочулук функциясы менен таанытуучулук функциясы айкалышып, балдардын таанып билүүсүн, эстетикалык табитин көтөрүүгө салым кошот.

«Кыргыз Республикасынын жарандарын, жаш муундарын рухий-адептик, патриоттук жактан тарбиялоо концепциясында» мындай жазылган: «...таалим-тарбия маселеси стратегиялык маселе катары ар дайым мамлекеттин көңүлүнүн чордонунда турушу зарыл. Анткени тарбия– адамзат, улут, социум топтогон социалдык-тарыхый тажрыйбаны, маданиятты, руханий-адеп-ахлак салттарын муундарга мурастап өткөрүүнүн куралы. Коомдогу өтмө-катыштык жол-жобосун жүзөгө ашырып турган улуу феномен – тарбия механизми аркылуу гана коом  коом катары сакталып турат жана келечекке карай илгерилеп өнүгөт. Тарбия системасы дегенди көздөп отурган максаттын, андан улам алдыга коюлган милдеттерди, ал максат-милдеттерди жүзөгө ашырууга омок, база болуп бере турган тиешелүү мазмундун, ошол мазмунду инсандын жан-дүйнөсүнө терең сиңирүүгө жөндөмдүү таалим-тарбия методдорунун жана формаларынын өз ара ич жактан логикалуу байланышкан бирдиктүү тутумун түшүнүү зарыл. Демек, тарбия процесси деген бул – негизинде коом тарабынан, эл тарабынан ойлонулган, алдын-ала пландалган, атайын максат көздөп ырааттуу уюштурулган, башкарылып жөнгө салынып турган, өтүшү, жүрүшү жана берип жаткан натыйжалары көзөмөлгө алынып турууга тийиш болгон, өзүнө комплекстүү мамилени талап кылган олуттуу көрүнүш. Тагыраак айтканда, тарбиялоо – бул коомдун мүдөөлөрүнө жана муктаждыктарына жараша адамдын адеп-ахлак сапаттарын калыптандыруу боюнча максатка багытталган, план ченемдүү иш» [84].

Жогорудагы документтин талаптарын аткарууга башталгыч класстарда окутулуп жаткан балдар ырларынын мааниси чоң, анткени баланын адабий чыгарма аркылуу өзүнө өрнөк табуусу, дүйнөнү аң-сезимдүү таанып билүүсүнүн башталышы, кара сөз менен ырды айырмалай билүүсү дал ушул 8-11 жаш курагына туура келет.

### 1.2. «Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу» түшүнүгүнүн теориялык проблемалары

Азыркы мезгилдеги ааламдашуу процесси, маалыматтык коомдун калыптанышы Кыргызстандын жогорку кесиптик билим, жалпы билим берүү системасынын дүйнөлүк билим берүү мейкиндигине аралаша башташы калыптанып калган салттык илимий аппараты Европадагы педагогикалык системага ыңгайлаштыруу милдетин жаратууда. Анын ичинен билим берүү системасындагы билим алуу парадигмасы компетенттүүлүк позициясынан каралуусу зарыл болууда.

Кыргызстандын өнүккөн социалдык-экономикалык шартында билим берүү системасында көптөгөн реформалар, жаңылануулар болуп жатканы менен реалдуу чөйрөдө, билим берүү мекемелеринде конкреттүү натыйжаларга ээ боло турган, ааламдашуу доорунда кээ бир маселелерди өздөштүрүүдө анын себептерин изилдөөгө муктаж бойдон калууда.

Мезгил талабына ылайык азыркы мектеп дүйнөлүк эмгек рыногунда атаандаштыкка жарамдуу, ар тараптан өнүккөн, коомчулук менен мамиле түзө алган, өз алдынча жаңылбай чечим чыгара алган, ийкемдүү, иш билги, маданияттуу, көп тилди өздөштүргөн, компьютердик сабаттуулугу бар, башкача айтканда, ар таратуу компетенттүү бүтүрүүчүлөрдү даярдап чыгарууга тийиш. Азыркы мезгилде дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде абдан чоң өзгөрүүлөр орун алууда. Бул багытта Эдинбург университетинин профессору, доктор Джон Равен «коом жаңы ишенимдерге ээ болушу зарыл. Алар сөзсүз түрдө инсандык баалуулуктар менен байланыштуу боло тургандыгын билим системасы, анын ичинде мектеп эске алышы керек», – деп белгилеген [123,396].

Жаңы өзгөрүүлөр менен мектеп мугалиминин кесипкөйлүүлүгү «компетенция» жана «компетенттүүлүк» категориялары белгиленүүдө. Бул түшүнүктөрдүн так аныктамасына токтолуп кетсек: орус лингвисти С.И.Ожегов «компетенттүү» жана «компетенция» деген сөздөрдүн маанилеринин түшүндүрмөсүн төмөнкүчө берет: «Компетенттүү – ар кандай чөйрөдөгү

билимдүү, ыйгарымдуу адис. Компетенция – кимдир бирөөнүн көйгөйлөрүн жакшы билген» адам [113,268].

Кыргыз лингвистикасынын белгилүү өкүлү К.К.Юдахин кыргыз лексикасында кабыл алынган сөз катары колдонулган жогорку түшүнүктөрдүн маанисин мындай чечмелейт: «Компетенттүү – билүүчү, билимдүү, б.а., бир нерсени толук билүүчү. Компетенттүү – бир нерсени чечүүгө, бир нерсе жөнүндө чечкиндүү пикир айтууга өзүнүн билими же полномочиеси бар адам».«Компетенция – белгилүү бир адамга тапшырылган маселелер, иштер. Компетенция кандайдыр бир маселени чечүү же адамдын полномочиеси» [173,293].

Д.И.Ушаковдун редакциялоосундагы орус тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө компетенттүүлүк – абройлуулук (авторитетность); компетенция – абройлуулукту алган жактын тегерегиндеги маселелерден (компетенттүүлүк компетенциялардан) турат делип берилген.

Компетенция – бул (лат.competentia бир нерсеге укугу бар) 1) мыйзам, устав же башка акты аркылуу конкреттүү органга же кызмат адамына ыйгарылган укуктар; 2) белгилүү жактын зарыл маселелер чөйрөсү боюнча билимге, тажрыйбага ээ болушу [ Новый словарь иностранных слов.Мн: Современный литератор, 2005 . 461с. 1088 с.]

Компетенттүүлүк түшүнүгү батыш педагогикалык адабияттарында 60-70-жылдары, орус педагогикалык адабияттарында 1980-жылдары, ал эми ата мекендик адабияттарыбызда негизинен эгемендүүлүктү алган жылдарыбыздан кийин гана пайда боло баштады. Жалпы жана кесиптик билим берүүдө компетенттүүлүк багыты жаралууда. Жогоруда сөз кылгандай, компетенттүүлүк жана компетенция түшүнүктөрүнүн айырмачылыктары аныкталып, педагогикалык ишмердүүлүктү компетенциялардын негизинде баалоого аракеттер жасалууда.

«Компетенттүүлүк кандайдыр бир тармакта, чөйрөдө белгилүү бир натыйжага жетишүү, кадыр-баркка ээ болуу, кимдир-бирөөнүн кесиптик чеберчилигинин, жетишкендигинин көрсөткүчү. Компетенттүүлүк – бул

адистин интеллектуалдык, психологиялык, моралдык жана ишмердик (функционалдык) абалы, ошол аркылуу анын канчалык билим алгандыгы, көндүмдөргө ээ болгондугу, тажрыйба топтогондугу, башкалардын иш билгилигин өзүнө сиңиргендиги, маалыматтар менен куралдангандыгы жана аларын кандайча колдоно алары аныкталат. Компетенттүүлүк – бул натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүү үчүн ыңгайлуу жүрүш-туруш модели, алгоритм, кыймыл-аракеттерди ишке ашыруунун жолдору...

Компетенттүүлүк дидактикада педагогикалык ишмердүүлүктүн үзүрүн көрсөтүүнүн бир чен-өлчөмү катары кабыл алына баштады. Мурда билим алуучулук, билим берүүчүлүк мамиленин ордуна келген компетенттүүлүк окуу процессинде балдардын билим алуусу, алардын билим топтоосу менен гана чектелбейт, аларды колдоно билүүгө жетишүүсү менен байланышат. Азыр компетенттүүлүк көп өлкөлөрдө, мисалы, Орусияда жалпы мамлекеттик, федералдык стандаттарда борбордук, түйүндүү маселелердин бирине көтөрүлүп чыкты. Компетенттүү мамиле кылуу – бул коом талап кылган билим берүү иш билгилигинө ылайык таанып-билүүнүн жана аны ишке ашыруунун өзгөчө формасы. Бул мамиле орус педагог-дидактикттеринде (М.Н.Скаткин, И.Я.Лернер, В.В.Краевский, Г.П.Шедровицкий, В.В.Давыдов ж.б.) мурда эле көтөрүлүп келген. Мисалы, адабиятты окутууда окуучуларга билим, ык-машыгуу, көндүмдөрдү берүү керек, дал ошол нерсе алардын адабий-теориялык компетенттүүлүгүн негиздейт. Ошондой компетенттүүлүккө ээ болгон мектеп бүтүрүүчүсү ар кандай адабий чыгармаларды түшүнүү, талдоо, интерпретациялоо жөндөмдүүлүгөнө ээ болуп гана калбастан, чыгармадан алган эстетикалык, катарсистик, этикалык байлыктарды жеке турмушунда колдоно билүүгө жетишет» [108,554].

Демек, компетенттүүлүк төмөнкүлөргө ээ кылат:

- мектепти бүтүрүүчүнүн өз турмушунда колдоно алуучу интеллектуалдык билими, ал өз ичине когнитивдүү жана операциялык-технологиялык нерселерди гана камтыбастан, мотив берүүчү, этикалык, социалдык жана жүрүш-туруштук түшүнүктөрүнүн системасын камтыйт;

- Компетенттүүлүк – ар кандай кырдаалда мурда алган билимин, ык-машыгууларын, тажрыйбаларын колдоно алышы;
- компетенттүүлүк мектеп партасында, окутуу процессинде гана калыптанбайт, анын калыптануусуна көптөгөн факторлор (социалдык чөйрө, ата-энелер, коомчулук, маалымат каражаттары ж.б.) таасир этет.

Кыргыз Республикасындагы жалпы билим берүүчү орто мектептердин башталгыч класстарынан тартып жогорку класстын окуучуларына, атайын орто кесиптик билим берүү мекемелеринен тартып жогорку окуу жайлардын студенттерине чейин билим алуучулар ээ болуучу компетенциялар аныкталууда, башкача айтканда, ар бир адис өз кесибине жараша тиешелүү компетенттүүлүктөргө ээ болуусу зарыл.

Орус окумуштуусу А.В.Хуторской бул түшүнүккө төмөнкүдөй аныктаманы берген: «Компетенция – инсандын бири-бирине байланышкан сапаттарынын жыйындысы (билим, билгичтик, көндүм). Ал сапаттар атайын аныкталган предметтер жана процесстер боюнча болуп, инсандын аларга карата жыйынтыктуу аракетин түзөт. Компетенттүүлүк – адамдын компетенцияларга ээ болушу. Компетенттүүлүк компетенцияларга болгон инсандык мамиле жана ишмердүүлүктү жүргүзүү» [165,58-64].

Демек, компетенттүүлүк – латын тилинен алынып, «шайкеш, туура келүү» дегенди туюндуруп, адамдын белгилүү бир кырдаалда, чөйрөдө кандайдыр бир адистиктер боюнча билим, ыкма, билгичтиктерге ээ болуусу, алардын жардамы аркылуу турмушта жемиштүү ийгиликтерге жетишүүсү.

«Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандартында» [40] (Предметтик стандартты иштеп чыккандар: Токтомаметов Алмазбек Даткабекович, Абдухамидова Батмахан Абдуакимовна, КББАнын жетектөөчү илимий кызматкери, Баимбетова Нурила Козубаевна – КББАнын илимий кызматкери. Бишкек – 2019) адабий окуу жана кыргыз тили предметтеринин компетенттүүлүктөрү боюнча мындай талаптар коюлган: «Компетенттүүлүк – бул адамдын тиешелүү билимдеринин, билгичтиктеринин элементтерин жана иш-аракеттеринин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда

(окуу, турмуштук, кесиптик) өз алдынча колдоно алуу жөндөмдүүлүгү. Кыргыз тил жана окуу предметин окутууда эки түрдүү компетенттүүлүк тууралуу сөз болот. Биринчиси – негизги компетенттүүлүктөр. Алар «Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты» (КР Өкмөтүнүн 21.07.14. №403 токтому) менен аныкталып, алардын үч деңгээли көрсөтүлгөн, алар:

1) маалыматтык компетенттүүлүк;

2) социалдык-коммуникациялык компетенттүүлүк;

3) өз ишин уюштуруу жана көйгөйлөрүн чечүү компетенттүүлүгү.

Алардын калыптанышынын үч деңгээли:

1) биринчи деңгээл (репродукциялык) окуучулардын үлгүлөрдү (аракеттерди аткаруунун дайындалган алгоритми) жолдой билиши менен мүнөздөлөт;

2) экинчи деңгээл (продукциялык) курамы боюнча жөнөкөй иштерди аткаруу, ишмердиктин өздөштүрүлгөн алгоритмин башка кырдаалдарда колдонуу жөндөмү менен мүнөздөлөт;

3) үчүнчү деңгээл (креативдик) өз алдынча конструкциялоо жана негиздөө элементтери менен татаал курамдагы ишмердикти жүзөгө ашырууну түшүндүрөт.

Экинчиси – предметтик компетенттүүлүктөр. Алар башталгыч билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөнкүчө аныкталды:

1. Тыбыш жана тамга менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К1)

2. Окуй алуу компетенттүүлүгү (К2)

3. Сөз байлыгы менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К3)

4. Сүйлөм, текст менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К4)

5. Аң-сезимдүү окуу, угуу жана адабий түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүгү (К5).

С.К.Рысбаев «Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш» деген китебинде (2014) кыргыз адабияты сабактарында окуучулар ээ болуучу предметтик компетенттүүлүктөргө төмөнкүлөрдү көрсөтөт:

*1. Адабий-теориялык компетенттүүлүктөр:*

- элибиздин оозеки чыгармачылыгынан: баатырдык дастандары, лиро-эпикалык поэмалары, табышмактары, жомоктору, уламыштары, макал-ылакаптары, элдик ырлары, термелери тууралуу;

- акындар поэзиясынан: андагы дидактикалык поэзиянын мыкты үлгүлөрү, алардын мазмуну, таалим-тарбия идеялары тууралуу;

- профессионалдык жазма адабиятыбыздын эң мыкты үлгүлөрүнөн болгон аңгемелер, тамсилдер, поэзиялык чыгармалар, романдар, драмалар, эсселер ж.б. жөнүндөгү мазмундук-тематикалык билимдерге ээ болуу.

*2. Маданий компетенттүүлүктөр:*

- адабий чыгармалардын идеялык-тематикалык табияты, образдар системасы аркылуу элдин жан дүйнөсүн, философиясын, улуттук психологиясын, эстетикалык-нравалык идеалдарын, менталитетин, үйрөнүү, алар аркылуу чыгармадагы көркөм образдын негизинде ала турган тарбиялык таасирин талдай билүүгө машыгуу.

*3. Когнитивдик (т.а., таанып-билүүчүлүк) компетенттүүлүктөр:*

- адабий чыгарманын сюжети аркылуу элдин өткөн турмушун таанып-билүү;

- адабий чыгарманын бай мазмуну аркылуу элдин салт-санаасын таанып-билүү;

- каармандар, алардын образдары аркылуу тарыхый инсандарын таанып-билүү;

- идеялык мааниси аркылуу элдин дүйнөгө болгон көз карашын, келечек идеалдырын таанып-билүү;

- адабий чыгарманын тили аркылуу элдик тилди, анын маани-мазмунун, корун, байлыгын, анын өнүгүү, калыптануу жолун ж.б. таанып билүү» [137, 20-21].

Педагогикада «компетенттүүлүккө негиздеп окутуу» деген түшүнүк бар жана анын карама-каршысы «компетенттүүлүккө негиздебей окутуу» деген түшүнүк жок. Кайсыл гана доор болбосун окутуу процессинде ошол доордун

шартына ылайык, ар бир мугалимдин дараметине ылайык компетенттүүлүктөр ишке ашырылып келген. Компетенттүүлүк – бул кыргыз адабиятында адабий чыгарманы талдоо, окутуу аркылуу ошол баланы башка бир сабакта окутулбаган чыгарманы да өз алдынча түшүнө алуу, талдай алуу, башка чыгармаларга салыштыра алуу жөндөмүн калыптандыруу, жаңы сөздөрдү, сүйлөм курулмаларын үйрөнүп, аны кебинде пайдалана билүү ишмердүүлүгүнө ээ болушу, адабий каармандарды турмуштагы айрым адамдар менен ассоциациялай алышы.

Көркөм ырларды үйрөтүү процессинде окуучулардын тилдик-коммуникативдик, окумандык компетенттүүлүктөрү да улам калыптанып отурат, «компетенттүүлүккө негиздеп окутууда» мына ушул түпкү максат мугалим тарабынан атайын максатка ылайык тандалып, ар бир сабак сайын жаңыланып, өнүктүрүлүп отурулат.

Мына ушул талаптарды ишке ашыруу үчүн окуу программасында ар бир ырды компетенттүүлүккө негиздеп, б.а., жогорудагы белгиленгендери эске алып үйрөтүү педагогикалык зарыл шарттардын бири болуп саналат.

### 1.3. «Адабий окуу» предметинде ырларды окутуунун жана анын изилденишинин тарыхына обзор

Башталгыч класстарда окутулган ырлар негизинен балдар ырлары, же балдар адабиятына тиешелүү чыгармалар. Ал эми мунун өзү балдарды жана алардын адабиятын куракка бөлүштүрүү менен байланышат.

Адабиятчы М.Түлөгабылов мындай бөлүштүрөт:

1. Бөбөктөр (мектеп жашына чейин).

2. Жеткинчектер (мектеп жашындагы кенже балдар).

3. Тестиерлер жана өспүрүмдөр (жогорку класстар) [161,272].

Адабиятчылар А.Муратов менен К.Исаков бир аз башкача классификациялайт:

1. Мектеп жашына чейинки балдар (бөбөктөр) – 2-3 жаштан 7 жашка чейин.

2. Мектеп жашындагы кенже балдар – 7ден 11-12 жашка чейин.

3. Мектеп жашындагы орто жана чоң балдар (өспүрүмдөр) – 11-12 жаштан 17-18 жашка чейин [109,264].

Көпчүлүк адабияттарда жана китеп чыгаруучу басмаларда мындай бөлүштүрүү сакталып келет:

1. Бөбөктөргө арналган чыгармалар (2-7 жаш).

2. Кенже балдарга арналган чыгармалар (7-12 жаш).

3. Өспүрүмдөргө арналган чыгармалар (12-15 жаш).

Биздин ишибиздин мазмуну дал ушул балдар адабиятын классификациялоо менен байланышат, б.а., биз ишибизде караган объект, т.а., балдар ырлары балдар адабиятынын спецификасы менен байланышат.

Ырларды окутуунун жана окутуу үчүн иргеп, изилдөөнүн тарыхы кыйла тереңге барат. XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын биринчи чейрегинде Алымбек датка (Ош), Нурмолдо (Ала-Бука), Молдо Кыргыз (Наманган), Канаат хан (Кочкор), Шабдан (Чоң-Кемин), Дүр Сооронбай уулу (Чүйдүн Сайлык айылы), Калпа ажы (Ак-Талаа), Молдо Нияз (Кадамжайдын Кара-Булак айылы) медреселерди ачкан. Мына ошолордо диний китептерден куран, хадистер менен бирге эле поэтикалык тексттер (Машраб, Фирдоуси, Низами, Жами, Саади, А.Навои ж.б.) үйрөнүлгөн. Медресенин мутавалилери Молдо Нияздын «Санат дигаристер», Молдо Кылычтын «Буудайык», «Канаттуу», «Бүркүттүн тою» деген чыгармаларын, Тоголок Молдонун ырларын, тамсилдерин окуп үйрөнүшкөн. Мына ошол тексттерди кылдат тандоо үчүн мударистер эмпирикалык адабий-теориялык билимге ээ болушкан. Ырларды окутуунун адабияттаануучулук, педагогикалык-психологиялык негиздери ошол кезден башталат.

Кыргызча биринчи окуу китеби 1924-жылы Ташкент шаарынан басылып чыгат, анын автору Ишеналы Арабай уулу болуп, китеп «Кыргыз алиппеси» деп аталган. Аталган окуу китебине автор «Калб (калп) ырлар», «Чын ырлар»,

ыр түрүндөгү «Табышмактар», «Санат ырлар», «Сокур кыз менен жетим кыздын табышмагы», «Тору тай» деген балдар ырларын кийирген. Демек, бул кезде балдар жазма адабияты али калыптана элек болгондуктан, И.Арабай уулу элдик оозеки чыгармачылык мурастарынын ичинен тандап алган.

СССРде 1931-жылы «Башталгыч жана орто мектеп жөнүндө», «СССРде башталгыч жана орто мектептин структурасы жөнүндө», 1932-жылы «Башталгыч жана орто мектептеги программа жана тартип жөнүндө» деген токтомдор чыккан. Буларда мектептеги окуунун 1-4-окуу жылдары эми башталгыч класстар деп аталган, «класс» деген түшүнүк жаңыдан кирген. 1935-жылы «Баштооч, толук эмес орто жана орто мектептерде окуу ишин уюштуруу жана ички тартип жөнүндөгү» токтому жарыяланып, анда советтик мектептерде окуу иштерин уюштуруунун жана өткөрүүнүн мазмуну жана формалары көрсөтүлгөн. Кыргыз АССРнын элге билим берүү тармагы да бул көрсөтмөлөрдү кыйшаюусуз аткарууга милдеттүү болгон.

XX кылымдын 20-30-жылдарында К.Тыныстановдун сабатсыздыкты жоюу жана жалпы мектептер үчүн окуу китептери [163] жарыяланган. Анын окуулуктарына «Кайран эл», «Жаз», «Биздин ураан (Интернационал)», «Бөбөк терметкенде», «Өктөбүрдүн келген кези», «Аза маршы», «Бекбекей», «Ойсул ата», «Камбар ата», «Чолпон ата» ж.б. ырлары киргизилген. Бул ырларды акын өзү жазып чыккан же эл арасынан жыйнаган. Ырларды окуу китептерине киргизүүнүн башкы критерийи – жаңы заманга, социалисттик доорго ылайык келишинде эле. Автор тилчи, котормочу, адабиятчы, жазуучу, акын катары окуу китептерин балдарды психологиясына жана кызыгууларына ылайык келген ырлар менен камсыздай алган.

Э.Арабай уулу менен К.Карасай уулунун авторлогунда 1928-жылы «Жаңылык» аттуу чоңдор үчүн алиппеге табият темасындагы «Керме-Тоо», насааттык мүнөздөгү «Санат ырлар», «Терме-санат ырлары», эл тарыхынын оор учурун чагылдырган Ы.Шайбек уулунун «Кайран эл», Ч.Жамгырчы уулунун «Кайгылуу күн (21-нчи жаныбар)», жаңы турмуш тууралуу А.Токомбайдын «Өктөбүрдүн келген кези», Салы уулунун «Жаштарга», жыл мезгилдери

тууралуу Касымдын «Жаз», «Кыш» деген ырлары киргизилген. Бул ырларды тандоо үчүн албетте, И.Арабаев менен К.Тыныстанов ал чыгармаларды адабий-педагогикалык анализден өткөргөн.

Балдар ырларын атайын окуу программасынын, окуу китептеринин негизинде үйрөнүү 1932-жылдан башталат. Ошол жылы А.Токомбай уулу жооптуу редактору болгон алгачкы окуу программасы [18,40] пайдаланууга берилет. Акын, котормочу жана коомдук ишмер Аалы Токомбаев адабият теориясын жана мектеп практикасын жакшы билген, ошону үчүн башталгыч класстардын окуучулары үчүн түшүнүктүү жана жеткиликтүү чыгармаларды тандай билген. 1932-жылы I-IV топтор үчүн Айыл-кыштак башталгыч мектептеринин программасы [17,40] жарыяланып, анда, мисалы, 3-класска төмөнкүдөй ырлар сунушталат: К.Тыныстанов «Биздин темп», М.Элебаев «Күз», «Кең талаа», «Фабрика», «Пахта бышты», «Ырым – бештик», «Жаңы заман», «Совхоз маалы», «Маданият жаңырды», «Жаз», «Биздин аскер», А.Токомбаев «Көрүк ыры», «Москва – жүрөк», «Пионер ыры», «От араба», «Жумушчу», «Лениндин орду – ленинчил», «Сен даярдан, «Чанхайши», «Даяр бол», «Кызыл аскер», Ж.Турусбеков «Пахта сыры», «Ак алтын өлкөсү», С.Сасыкбаев «Коммунисттер партиясы», «Үнү угулуп турду», К.Маликов «Айлуу түндө», Т.Байжиев «Күрөш». Бул ырлардын бир өзгөчөлүгү – ошол 30-жылдардагы жаңы заманды курууга, коммунисттик партиянын ишин чындоого жана чарбаны колхоздоштурууга, өлкөнү индустрализациялоого арналган ырлардын мектеп окуучуларына тартуулангандыгы.

Айыл-кыштак, шаар мектептери үчүн 3-жана 4-окуу жылдарына карай 1934-жылы окуу программасы түзүлгөн [43,23-24] жана анда бир катар ырлар сунуш кылынып, аларды окуп, жаттоо, айтып берүү тапшырмалары коюлган.

1933-1935-жылдардагы 3-окуу жылына арналган хрестоматия (түзгөн У.Абдукаимов) [4,71], 4-окуу жылына арналган хрестоматия (түзгөн М.Абдукеримов) [5,104], 1938-жылкы «Адабият хрестоматиясы» (түзгөн М.Абдукеримов) [6,104], 1939-жылкы хрестоматия (түзгөндөр А.Осмонов жана М.Кырбашев) [118,235] балдар ырларын окуу китептеринин авторлору жана

мугалимдер, окуучулар үйрөнүүдөгү калыптануу этабы болгон. Бул китептерде кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгы, Токтогул, Байымбет, Ысак, Алымкул, Калык сыяктуу акындардын ырлары, жазма адабияттан А.Токомбаев, К.Тыныстанов, М.Элебаев, С.Сасыкбаев, Ж.Бөкөнбаев, Ж.Турусбеков, Т.Үмөталиев ж.б. акындардын ырлары берилип, алар сабатын жаңы жоюп жаткан эл үчүн ар тараптуу окуп-үйрөнүлгөн.

Негизи, балдарга таалим-тарбия берүү иши тээ атамзамандан бери эле жүргүзүлүп келген. Элдик оозеки чыгармачылыктын бул залкарлары улуулардын урматы үчүн эле дастандарды айтып, ырдашып, комуз күүлөрүн чертишип, алардын көңүлдөрүн көтөрүү менен гана чектелбестен балдар үчүн да жомокторду жаратышып, ырларды чыгарышкан. Алсак, Тоголок Молдо балдар үчүн элдик оозеки чыгармалардын сюжеттердин негизинде «Каркыра менен Түлкү», «Бөрү менен Түлкү», «Бөдөнөнүн Түлкүнү алдаганы» деген тамсилдерин, «Телибай тентек», «Кемчонтой», «Жанбакты» сыяктуу юмордуу поэмаларын, жаштарга арналган «Адам мүнөзү», «Санат», «Элкин тоо», «Жер жана анын балдары» деген сыяктуу чыгармаларын жараткан. Бул аталган чыгармалар жалпы эле жаштарга арналса, балдардын өздөрүнө арнаган көркөм дөөлөттөрүн да жараткан. Анын мындай чыгармаларына «Үркөр, үркөр топ жылдыз», «Турумтай», «Торпогум», «Балдар ыры» кирет.

Демократ акын Токтогул да өз чыгармачылыгында жаштар, балдар темасында кайрылган. Анын «Жетимдер жөнүндө», «Бай уулуна», «Үлгү ырлар», «Туулган жерим», «Насыят», «Жакшы кийсең жаш балдар» деген сыяктуу деген ырлары мисал боло алат.

Дагы бир залкар ырчы Барпы да жаштарга жана балдарга арнаган ырларын жараткан. Анын Бул темадагы ырлар бир топ. Алсак, «Жетим кыз», «Кара башыл эчки», «Эмне бар бул жерде», «Жакшы кыз», «Жаман кыз», «Мектеп жөнүндө ыр», «Балдарга насыят», «Өскөн элдин балдары», «Биздин туу», «Жаз», «Пионер» ж.б.д.у.с. ырларын атоого болот.

Негизи ырчылык өнөрдүн өкүлдөрү Калык Акиев, А.Үсөнбаев, О.Бөлөбалаевдер да жаштар, балдарга арнап, ырларды, жомокторду

жаратышкан. Жогорудагылардан кандай жыйынтык чыгарууга болот? Демек, кылымдардан бери өнөр ээлери эл көңүлүн ачуу менен гана чектелбестен, жаштарга, балдарга арнап, коом таанытуучулук, таалим-тарбия берүүчүлүк чыгармаларды жаратып келишишкен.

Балдар ырларынын зарылдыгы, алардын идеясы жана тематикасы кандай болушу керектиги тууралуу Кыргыз ССР жазуучулар уюму 1936- атайын кеңешме өткөрөт, анда таланттуу акын, котормочу, коомдук ишмер Ж.Бөкөнбаев «Балдар үчүн кандай адабият керек, алар үчүн чыккан китептер кандай болууга тийиш?» [52] деген темада доклад жасап, балдар ырларынын спецификасы тууралуу теориялык ойлорун ортого салып, балдар үчүн жазылуучу ырлардын келечектеги багытын көрсөткөн.

Мына ушул багытты жетекчиликке алып, кыргыз жазма адабиятынын өкүлдөрү жаштар менен балдарга атайын арнап чыгармаларды жазышкан. Албетте, буга Совет бийлигинин адабиятка койгон талаптары да көмөк болгондугу талашсыз. Анын негизги себептеринин бири советтик идеологияны жаштардын аң сезимине сиңирүү болгон. Экинчиден, окуу китептерине бул темадагы ырларды кийирүү жана окутуу да өз таасирин тийгизген.

Мунун сап башында Аалы Токомбаев турган. Ал өспүрүмдөргө, балдарга арнап ырларды гана жазбастан, атайын жыйнактарды да чыгарган. Аларга « Белегим» ырлар жыйнагы (Өспүрүмдөр үчүн), «Биздин китеп» (Бөбөктөр жана кенже балдар үчүн), «Жомоктор» (тестиер балдар үчөн), «Канаттуу достор» (Кенже балдар үчүн) деген сыяктуу чыгармаларын кийирүүгө болот.

Кыргыз адабиятынын проза жанрынын баштоочуларынын бири Касымалы Баялинов да балдар темасынан четте калган эмес. Буга анын «Бактылуу жылкычы», «Мурат», «Түлкү менен суур жана чабалекей менен жылаан» чыгармаларын мисалга тартсак болот.

Таланттуу акын Жоомарт Бөкөнбаевдин «Балдар үчүн ырлар» жыйнагы, «Чептен эрдин күчү бек» адабий жомогу балдарга арналган.

Көрүнүктүү прозаик К.Жантөшев «Адыл мерген» жомогу (тестиер балдар үчүн), «Биздин жомоктор»( тестиер балдар үчүн), «Мендирман» поэмасы

(өспүрүмдөр үчүн), «Тилек» (тестиер балдар үчүн), «Чолпонбай» аңгемелерин (тестиер балдар үчүн) жазган.

СССРдин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты Т.Сыдыкбеков– балдар үчүн астейдил чыгарма жараткан жазуучулардын бири. Ага анын төмөндөгү чыгармалары далил боло алат. «Ач көз ата» ыр менен жазылган аңгеме (кенже балдар үчүн), «Достук» (аңгемелер) (тестиер жана өспүрүм балдар үчүн), «Күн кызы Нурайымга күйөөлөгөн жер уулу Жанболот жөнүндө баян» (тестиер балдар үчүн), «Тоо балдары» романы (тестиер балдар үчүн).

Кыргыздын классик акыны А.Осмонов да бул темага кайрылып, атайын балдар үчүн чыгарма жазган. Атап өтсөк: «Балдар менен турналар», «Балдар үчүн» деген ырлар жыйнагы.

Фронтовик акын Т.Үмөталиев «Алпкаракуш», «Баатыр», «Биздин жер», «Кичинекейлерге ыр», «Күч бирдикте», «Токтомуш мерген», «Эчки, кой, төө, жылкы» деген чыгармаларын балдарга арнаган.

К.Маликовдун «Бактылуу кыз», «Жеткинчектер», «Кремль жөнүндө жомок», «Орто токой», «Сарала козу» деген чыгармалары да балдар үчүн жазылган.

Жумушчу темасын алгачкылардан болуп көтөргөн С.Сасыкбаев балдар үчүн да төмөндөгүдөй чыгармаларын жараткан: «Биринчи экзамен», «Завод балдары», «Кичинекей жумушчу», «Чабандын баласы жана көк музоо».

Куйкум сөздүү сатирик акын Р.Шүкүрбековдун каleминен балдар үчүн төмөндөгү аңгемелер жаралган: «Аңгемелер», «Балдар үчүн аңгеме», «Балдарга», «Ырлар», «Иттин жомогу», «Карга», «Түлкү менен теке», «Эки бөжөк».

Лирик акын М.Алыбаев да балдар үчүн чыгармаларын жазган. Аларга: «Бактылуу жаштык», «Жомоктор», «Жомокчу мерген», «Эки бүркүт», «Эмне үчүн короз таң алдында чакырат» деген чыгармалары кирет.

Чыгармачылыгынын негизин балдарга арнаган жазуучулардын бири – А.Токтомушев. Анын «Арстанбап», «Байка», «Булар кандай», «Жакып уулу»,

«Жаштын тилеги», «Жомоктор», «Жүрөктө»,»Хан жана Жуматай» деген чыгармалары балдар үчүн жазылган.

Жазуучу, акын, драматург Н.Байтемировдун калеминен балдар үчүн төмөндөгү чыгармалар жазылган: «Бекем достук», «Жаш муундар», «Жомоктор», «Камкордук», «Сагын», «Сыр», «Ударниктин баласы».

Лениндик жана Мамлекеттик сыйлыктын лауреаты, Кыргыз Эл жазуучу, Кыргыз Эл баатыры, залкар жазуучу Ч.Айтматов балдар үчүн дүйнөгө таанымал чыгармаларын жараткан. Аларга: «Гезитчи Дзюйо», «Эрте жаздагы турналар», «Манас атанын ак кар, көк музу», «Балалыгым» деген сыяктуу чыгармалары кирет.

Өз талантын балдарга арнаган, кырчындай кезде өмөрү согушта кыйылган К.Эсенкожоевди кыргыз жазма адабиятындагы алгачкы балдар жазуучусу десек, жаңылышпайбыз. Анын «Аңгемелер жана ырлар», «Жалындуу жаштык», «Канаттуулардын сыры», «Родинанын уулу», «Саякатчы бала», «Үчүнчү шар», «Шарше» деген чыгармалары биздин айтканыбызга далил боло алат.

Албетте, чыныгы балдар акыны – бул М.Жангазиев. Акын бүт өмүрүн , чыгармачылыгын балдарга арнаган. Анын биз төмөндөгү атаган чыгармалары биздин айтканыбызды ырастай алат. «Ажырагыс достор», «Ак козум», «Бакыт гүлдөрү», «Балалык», «Пионерлер үйү», «Бул эки кыз – жакшы кыз», «Бүлдүркөн», «Дагы кол чабылды», «Дуровдун бурчу», «Жаңы жолдош», «Жети жылдыктын жеткинчектери», «Жылдыздар», «Зоопаркта», «Келечектин ээлери», «Кырчын өмүр», «Москвага учуп бар», «Назарбектин классташтары», «Пионерлер», «Табышмактуу таш», «Тилектештер», «Үчүнчү үйдүн балдары», «Экинчи күзгү».

Балдар үчүн көптөгөн чыгармаларды жазган жазуучу – бул Шүкүрбек Бейшеналиев. Анын «Ак тайлак», «Алкыш», Чыныгы достук», «Демилге». «Мүйүздүү козу», «Табышмакчы Чынара», ал эми «Кычан» повести балдардын гана эмес, чоңдордун да сүйүп окуган чыгармалары болуп саналат.

Кыдыров Абзийдин чыгармалары негизинен балдарга арналган. Андай чыгармаларына: «Баатыр бала Карабай», «Кадыбай менен Адыбай», «Баатырдын шапкеси», «Белек», «Ар кыл ырлар», ««Жомоктор, калптар жана табышмактар», «Мекен – энем», «Тамсилдери» кирет.

Балдар акындарынын бири – Исаков Исабек. Балдар үчүн ал: «Айга учам», «Бала кыялы», «Достук», ««Ороз менен короз», «Пионер кыраакы болот»,Турсундун тамашасы» деген сыяктуу чыгармаларын жараткан.

Өз атын кыргыз адабиятына өчпөс кылып калтырган Төлөгөн Касымбеков «Жылкычынын уулу», «Туулган жер», «Адам болгум келет» деген чыгармаларын балдарга арнап жазган.

Балдар поэзиясын бийиктикке көтөргөн акындардын бири – Турар Кожомбердиев. Ал өзүнүн «Биз турган жер – бийик тоо», «Көлчүктөгү ай» «Тоо үстүндөгү күн» деген сыяктуу ырлар жыйнагын балдар үчүн жазган.

Ал эми балдар ырларын окутуу боюнча алгачкы эмгек «Жаңы маданият жолунда» журналынын 1928-жылдагы №1 санына чыккан Айыжман аттуу автордун «Окуу-окутуу ишин уюштуруу системасы» [16,18-20], №6-7 санына чыккан С.Шамырза уулунун «Комплекс жолу менен сабак берүү» [168,27-29] деген макалалары эсептелет. Бул макалаларда жаңы тартип менен окуу ишин кандай өткөрүү керектиги айтылган. Ал эми С.Нааматов башталгыч класстардын окуу китептерин [110] жана методикалык колдонмолорду [111] жазуу менен балдар ырларын окутуунун жол-жоболорун мугалимдерге түшүндүрүп берген алгачкы методист-мугалим болгон.

XX кылымдын 1930-1940-жылдарында жазылган педагогикалык-методикалык багыттагы эмгектерге М.Жаңыбаевдин «Окуу сабагын жүргүзүү жөнүндө» [60,39-45], К.Акылбековдун «Адабият сабагын окутуу методикасы» [23,27-29], «Адабият методикасынан» [20,19-22] деген макалаларын, Н.Макешовдун окуулуктарын жана усулдук китептерин [89] көрсөтүүгө болот. Алар балдар ырларын түшүндүрүүдө, талдоодо жана окуучуларга үйрөтүүдө мугалимдер үчүн практикалык жактан чоң жардам көрсөткөн.

Согуш жылдарында балдарга ылайыктап акындар Улуу Ата мекендик согуштун баатырлары тууралуу С.Сасыкбаевдин «Шумкарлар», А.Үсөнбаевдин «Панфиловду эскерип», О.Бөлөбалаевдин «Баатыр Чолпонбай», Т.Үмөталиевдин «Үч баатыр» деген ырлары жазылып, алар жарыяланары менен эле мектепте окутула баштаган.

1946-жылы чыккан 4-класс үчүн «Эне тил» окуу китебинде (авторлор З.Бектенов, Х.Карасаев, У.Абдукаримов) [45,347] 56 ыр сунушталса, 1947-жылдагы Эне тили» окуу китебинде (авторлор Н.Макешов, М.Жаңыбаев) [89] дагы ырлар, анын ичинде тамсил-ырлар көбөйтүлгөн.

1947-1949-жылдарда кыргыз адабиятын окутуунун программаларында [13] «Оп майда», «Бекбекей», «Жылкычынын шырылдаң», «Койчулардын коңур күү» ж.б. элдик ырлар, каада-салт, үрп-адат ырлары, акындар чыгармачылыгынан Б.Алыкуловдун «Балдарга насаат» деген ыры, Тоголок Молдонун «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» деген тамсили балдарга арналып окутулуп келген.

Дал ушул согуштан кийинки жылдарда кыргыз адабият таануусунда атайын китептер жарык көргөн. Т.Саманчин жазгыч акын Молдо Кылычтын чыгармачылыгы боюнча кандидаттык диссертациясын коргоп, Т.Саманчин «Кылыч – жазгыч акын» деген китебин чыгарган. Тилекке каршы, Молдо Кылыч «заманачыл акын» болгон, анын ырларында эскини эңсөөчүлүк орун алган деген вульгардык адабиятчылардын көз карашынан улам чыгармалары окутуудан алынып ташталган. Москвадан келген адабиятчы М.И.Богданова «Киргизская литература» деген монографиясын жазып, ал эмгегинде балдар ырлары тууралуу да ойлорун айткан, М.Богданова, Ө.Жакишов, К.Рахматуллиндердин «Кыргыз адабиятынын очерки» аттуу кеңири аспектиден кыргыз адабиятынын өсүшүн талдоого алган китеби жарык көргөн, анда да балдар ырлары тууралуу айтылган учурлар кездешет. Бул үч китеп адабияттаануу багытында болуу менен мугалимдер үчүн да көмөк көрсөткөн эмгектер болгон.

Булардын артынан 50-жылдарда Медина Богданованын «Токтогул Сатылганов», Жаки Таштемировдун «Барпы Алыкулов», «Тоголок Молдо», 60-жылдарда С.Байкожоевдин «Эл ырчысы – Калык», «Осмонкул Бөлөбалаев», «Алымкул Үсөнбаев» деген китептери биринин артынан бири чыгып, мектеп мугалимдерине да алардагы идеялар жеткирилген.

1950-жылы апрель айында Кыргызстан ЛКСМ БК «Республикада балдар көркөм адабиятынын абалы жана аны жакшыртуунун чаралары жөнүндө» токтому чыгат, анын негизинде Кыргыз ССРинин Жазуучулар союзунун «Кыргыз балдар адабиятын өнүктүрүүнүн чаралары жөнүндө» VIII пленумун өтүп, анда союздун төрагасы Т.Абдумомунов «Балдар адабияты үчүн жооптуулук күчөтүлсүн» деген темада баяндама жасайт да, балдар адабиятын, анын ичинде балдар ырларын өнүктүрүүнүн келечеги тууралуу маанилүү маселелерди айтып чыккан.

1952-жылы кыргыз тили жана адабиятын окутуу боюнча жаңы программа [85, 21-27] мектептерге таратылган.

XX кылымдын 1961-жылы 4-класстар үчүн «Эне тили» окуу китеби (авторлор К.Сартбаев, А.Корголдоева, У.Каримов) [145], 1970-жылы 1-класстар үчүн «Эне тили» окуу китеби (авторлор Ж.Мукамбаев, Ш.Шүкүралиев, Т.Байбураев) [106] бир катар балдар ырларын сунуш кылган, алардын арасында Тоголок Молдонун «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы», Р.Шүкүрбековдун «Булак менен бака», «Түлкү менен арстан» деген чыгармалар болгон.

Кыргыз ССР УИАнын кол жазмалар корунда сакталып жаткан мурастардын ичинен иргеп алып, аталган мекеменин илимий кызматкери П.Присов 1972-жылы «Илим» басмасынан «Балдарга арналган элдик чыгармалардын үлгүлөрүнөн» деген китеп [36] чыгарган, мына ошол китептин ичине көптөгөн балдар ырлары да киргизилген.

Тилчи-диалектолог Ж.Мукамбаев жана мугалим Ш.Шүкүралиев окуу китебин [105] жана методикалык колдонмосун [104, 72], А.Маткеримовдун «Окуу сабагынын эффективдүүлүгү жөнүндө» [96], А.Мамбеталиевдин «Жаңы доордун жаралышы сабакта» [90] деген макалалары жазылып, алардын

идеяларын башталгыч класстардын мугалимдери кеңири пайдаланган. Бул жагынын Б.Рысбекова [138] жана К.Сартбаев [144] да кыргыз балдар ырларын окутуу илимине өз салымдарын кошушкан.

1984-жылы «Жалпы жана кесиптик билим берүүчү мектептин реформасынын негизги багыттары» жөнүндөгү документ жарыяланып, башталгыч класстар эми төрт класс болуп, алты жаштан мектепке алуу тартиби киргилген да окуу программалары, окуу китептери, хрестоматиялар, методикалык колдонмолор бүт кайрадан жазылып чыккан. Мында балдар ырлары менен окуучуларды тааныштырууда 1-4-класстар үчүн класстан тышкаркы окуу үчүн түзүлгөн окуу комплекстери (түзгөндөр К.Сартбаев жана З.Маразыкова) [91] өзгөчө чоң мааниге ээ болгон.

Башталгыч класстардын «Адабий окуу» китептериндеги балдар ырларын окутуу ыкмалары жана жолдору 1980-90-жылдарда мугалим А.Курбанбаеванын өз тажрыйбасы менен бөлүшкөн макаласында [82], С.Кондучалованын «Балдардын өз бетинче окуусу» деген макаласында[77,16-19], А.Жолдошованын кандидаттык диссертациясында [63] бир кыйла ар тараптуу ачып көрсөтүлгөн. З.Маразыкова класстан тышкаркы окуу проблемаларын изилдеп, ал звенодогу балдар ырларын окутуу боюнча «1-класста сабат ачуу жолдору» [91], «Экинчи класстагы класстан тышкаркы окуу» [94], «Үчүнчү класстагы класстан тышкаркы окуу» [93] деген эмгектерин мугалимдерге тартуулаган.

«Адабий окуу» предметин окутуу методикасына үзгүлтүксүз кайрылып келип, кыргыз мугалимдеринин тажрыйбаларын жалпы дүйнөлүк педагогика илими менен салыштырып чыккан окумуштуу А.Токтомаметов. Ал башталгыч класстарда адабий окууну өткөрүүнүн теориясын жана практикасын изилдеп, 1995-жылы «Кыргыз башталгыч класстарында адабий окуунун дидактикалык негиздери» деген темада диссертациясын коргогон [154]. 2000-жылдан кийин чыккан 2-класстар үчүн «Адабий окуу» [155], 3-класстар үчүн «Адабий окуу» [156], 4-класстар үчүн «Адабий окуу» [157] китептеринин автору, ошол эле

кезде бул окуу китептери үчүн мугалимдер үчүн методикалык колдонмолорду [158] жазган.

Башталгыч класстар үчүн балдар ырларын окутуу боюнча С.Рысбаевдин да бир катар эмгектери жазылган. «Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер» [133], «Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери» [131] деген китептеринде балдар ырларынын өзгөчөлүктөрү, айрым балдар акындарынын чыгармачылыгы жана окутуу маселелери илимий-теориялык аспектиден каралган. Балдар акындарынын ырларын башталгыч класстарда окутуу маселелери анын башталгыч класстар үчүн окуу китептеринде [134, 96] жана илимий изилдөөлөрүндө [135, 64] ишке ашырылган. Ал балдар жазуучуларынын чыгармаларынын антологияларын, хрестоматияларын [128, 300] түзгөн, башталгыч класста адабий чыгармаларды талдоо процессинде окуучулардын жазуу жана оозеки кебин өстүрүүнүн технологияларын практикага киргизген [132,312].

Башталгыч класстарда адабий окуунун проблемалары С.С.Сакиеванын изилдөөлөрүнүн объектиси болгон. Адабий чыгармаларды окутуудагы окуучунун кеп иш билгилиги, окутуудагы традиция жана инновация, адабий окуунун өнүгүү тенденциялары боюнча макалаларын жазган. 2013-жылы «Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери» деген темада докторлук диссертациясын [141,49] жактаган жана анын негизинде ушул эле аталыштагы монографиясын [142, 200] жарыкка чыгарган.

С.Сакиева мындай деп жыйынтык чыгарат: «Диссертациялык изилдөө боюнча жүргүзүлгөн эксперименттин жыйынтыгы боюнча, адабий окууну өркүндөтүүнүн тенденциялары аныкталып, төмөндөгүлөр сунуш кылынды:

- адабий окууда интеграциялык ыкманы жандандыруу жана өркүндөтүү;
- адабий окууда окутуунун оптималдуу варианттарын жүргүзүү;
- адабий окууда дифференциалдык жана интеграциялык методдорду колдонуу;
- эне тилин тереңдетип окутууну колго алуу (таза жазуу, сөз өстүрүү);

- адабий окууга үйрөтүүнүн методикасын жаңы технологиялар боюнча окуу
- куралдарын иштеп чыгуу, анда:
- сабатка үйрөтүү;
- адабий окуу жана кеп өстүрүү;
- адабий билим берүүнү ишке ашыруу, ага карата окуу куралдарын иштеп чыгуу;
- окуу-тапшырма;
- окуу-хрестоматиясы;
- чыгармачылык ишмердүүлүктү уюштуруу китебинин жыйнагы;
- көрсөтмө куралдардын жыйнагы;
- мугалим үчүн  методикалык колдонмолор» [141].


С.Сакиева диссертациясында башталгыч класстардагы адабий окуу китептеринин ордун, максат-милдетин, мазмунун аныктап, көркөм тексттерди туура окуунун жана түшүнүп окуунун, талдоонун методикасын иштеп чыккан.

К.Б.Миңбаева «Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүү жолдору» деген темада кандидаттык диссертациясында [99,19] жана «Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүү жолдору» деген иштелмесинде [100,10], Т.Карановaнын «Кыргыздын элдик балдар чыгармаларынын таалим-тарбиялык ролу» [72,10] аттуу программасында жана «ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттерди окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүүнүн жолдору» аталышындагы кандидаттык диссертациясында [73,20], Н.Э.Абдраеванын «Балдар адабияты» дисциплинасынын окуу-методикалык колдонмосу» аттуу методикалык колдонмосунда [2,48] жана «Педагогикалык жогорку окуу жайларында «Балдар адабияты» дисциплинасын окутуунун методикасы» деген диссертациялык изилдөөсүндө [3,20] башка проблемалар менен бирге кыргыз фольклорундагы, акындар чыгармачылыгындагы жана

жазма адабияттагы балдар ырларынын таалим-тарбиялык функциялары, окутуу методикасы көрсөтүлөт.

С.Сакиева: «Адабий окуу башталгыч − мектептеги негизги предмет катары окутулуп, ал коомдогу толуктоолор менен кошумчаланып, изилденип туруучу илим. Биз аны төмөнкү таблицадан көрөбүз деп бул сүрөт-таблицаны сунуш кылган:

**Сүрөт 1.1. Адабий окуунун өнүгүү эволюциясы [141,16]**




Ошентип, Кыргызстандын мектептеринде «Адабий окуу» предмети токсон жылдан ашык убакыттан бери окутулуп келет, анын ондогон окуу программалары, окуу китептери чыкты, жүздөгөн методисттер жана мектеп мугалимдери бул предметти окутуу боюнча тажрыйбаларын жана сунуштарын айтты. Мына ошол сунуштар жана тажрыйбалар биздин ишке – «Адабий окуу» предметин компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча эмгекке жол ачып берди.

### 1.4. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методологиялык негиздери

Дүйнөнү жана адамды таанып-билүү багытындагы илимий билимдер философия деп аталып, ал башкы бардык илимдер үчүн негизги методологиялык таяныч болуп эсептелет. Демек, биздин изилдөөнүн аргументтүүлүгү, илимий деңгээлинин тереңдиги философия илиминин табылгаларын туура пайдаланышыбыз менен байланышат. Методология ар бир изилдөөчүгө жол көрсөтүүчү багыт, таяныч, ал негизинен мурдагы изилдөөлөрдү кабыл алуу, алардын идеяларын таануу же тануу менен байланышат. Педагогикалык эмгектердин методологиясы «педагогикалык изилдөөнүн методдору тууралуу билимдердин системасы» (И.В.Кичев [75,95]), «педагогикалык чындыкты таанып билүүнүн жана ага жетишүү процессинин принциптери, методдору жана формалары жөнүндө окуу» («Педагогика» окуу китеби [120]), «педагогикалык билим жөнүндө, ага ээ болуу жөнүндө, б.а., таанып билүү тууралуу окуу» (Р.Л.Перченок [121]) .

Биздин «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча изилдөөбүздө көркөм адабияттын тарбиялык табияты жөнүндөгү (Ю.П.Азаров) [14] философиялык окууга, руханий баалуулуктардын маани-маңызы жана азыркы күндөгү орду тууралуу теорияга (С.Ф.Анисимов) [28,253], адабий чыгарманы эстетикалык табияты тууралуу идеяга (В.Ф.Асмус [33], Т.Аскаров [31], М.М.Бахтин [38]), көркөм чыгарманы таанып-билүүнүн (Н.А.Бердяев) [47], адабияттын маданият таануу аспектиси (Д.С.Лихачев) [88] жана акыл-эстин, психологиянын каражаты экендигине байланыштуу (А.А.Салиев) [143] диалектилик окууларга негиздедик. Бул теорияларда адам жана анын жашоосу, чыгармачылык эстетика бири-бири менен татаал байланышта турган категориялар экендиги көрсөтүлөт.

Экинчи методологиялык негиз – педагогиканын классиктеринин эмгектери. Мисалы Я.А.Коменский өз эмгектеринде [138] «Энелер мектеби» тууралуу идеяны киргизген, анда энелик тарбияга өзгөчө маани берген, «Тилдерге ачык эшик» деген эмгегинде болсо баланын турмушундагы эне

тилинин маанисин ачып көрсөткөн, ал табиятка шайкеш тарбиялоо идеясын көтөрүп чыккан. И.Г.Песталоцци өз эмгектеринде [122] куру жаттоого каршы турган, мисалы, анын насааттары менен балдар ырларын окутууда ырларды жөн эле жаттатып салбай, алардын идеясына, көркөм чеберчилигине байкоо салышыбыз керектигине басым жасаган.

Орус педагогу К.Д.Ушинскийдин [164] эмгектери биздин изилдөөгө өзгөчө негиз болду. Ал «Родное слово» (1964) деген окуулугунда балдар үчүн жазылган чыгармалар кандай болушу керектигин, кайсы класстарда кандай чыгармаларды кантип талдоо зарылдыгын теориялык жана практикалык аспектиден көрсөтөт. Анын окуусу боюнча көркөм чыгарма аркылуу баланын ойлоосу, кыялдануусу, кеп маданияты, эске тутуусу өркүндөөгө тийиш. К.Д.Ушинский элдик педагогикага жана элдик салттар аркылуу тарбиялоого өзгөчө маани берген.

Жазуучу жана ойчул Л.Н.Толстойдун окуу китептери жана педагогикалык эмгектери [159] балдарды гуманизмге тарбиялоого, окутуунун демократиялык системасына багытталган, ал орус сөзү аркылуу орус балдарынын орус рухун көтөрүүгө революциялык өзгөрүү киргизген.

XIX кылымдагы орус социал-демократтары В.Г.Белинскийдин [46], Н.А.Добролюбовдун [58], Н.Г.Чернышевскийдин [167] идеяларында адабияттын чындыкты чагылдыруучу аспектиси, адам жана көркөм өнөр байланышы, руханий баалуулуктар, коомдогу илимдин жана билим берүүнүн биримдиги тууралуу теориялык ойлор көрсөтүлгөн.

Биздин илимий иштин объектиси башталгыч класстын окуучулары (8-12 жаштагылар) болгондуктан, ырларды үйрөтүү түздөн түз ошол балдардын курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрү менен байланышат. Адам жана анын психикалык өнүгүшүндөгү чөйрөнүн, коомдук ролу тууралуу (Б.Г.Ананьев) [27], жаш чактан адамдын калыптануу мезгилинин психологиялык аспектилери (Л.И.Божович) [50], педагогика менен психологиянын байланышы, б.а., баланын психикалык өзгөчөлүктөрүн жана курагын эске алып окутуу жана тарбиялоо (Л.С.Выготский) [54], психиканын өнүгүш учурлары, кырдаалдары

(А.Н.Леонтьев) [87], жалпы психологиянын теориясы (С.Л.Рубинштейн) [125], балдардын психологиялык өзгөчөлүктөрүндөгү дүйнөнү жана адамдын таанып билүү мыйзам ченемдүүлүктөрү (Д.Б.Эльконин) [171] ж.б. советтик психологдордун илимий ачылыштарын балдар ырларын окутуу боюнча эмгегибизде колдондук.

Диссертациябыз адабиятты окутууга байланыштуу болгондуктан окутуунун теориясын изилдеген педагогикалык дидактика бөлүмү менен тыгыз байланыштуу. Окутуунун методдорун аныктап, алардын сабактарда колдонулуш технологияларын көрсөткөн И.Я.Лернер [154], азыркы сабактын теориясын жана проблемалык окутуу теориясын сунуш кылган М.И.Махмутов [98], учурдагы педагогикалык технологияларды, анын ичинде салттуу жана инновациялык технологиялардын айырмачылыктарын, байланыштарын өз эмгектеринде чагылдырган Г.К.Селевко [147], окуу процессин оптималдашыруу боюнча көрүнүктүү адис Ю.К.Бабанский [45], дефференцирлеп жана инсанга багыттап окутуу боюнча И.Б.Бекбоев [76], окутуунун прогрессивдүү технологиялары жана жаңы дидактиканы сунуштаган В.П.Беспалко [49], В.К.Дьяченко [60] ж.б. дидакттардын теориялык ойлору, сунуштары биздин изилдөөбүз үчүн баалуу жол көрсөткүчтөр болду.

Окуучулардын компетенттүүлүктөрүн окутуу процессинде калыптандыруу боюнча орус окумуштууларынын (Л.П.Алексеев, Н.В.Кузьмина, А.Н.Кузнецов ж.б.) жана кыргыз педагогдорунун (Н.А.Асипова, А.Алимбеков, А.Т.Калдыбаева, К.Д.Добаев, Н.К.Дюшеева, Э.Мамбетакунов, Т.Сияев ж.б) эмгектерин методологиялык негиз кылып алдык.

Этномаданий компетенттүүлүктөрдү бүгүнкү күндө мектептерде колдонуу деңгээлин изилдөөгө алган А.Т.Калдыбаева мындай жыйынтыкка келет:

- окуучулар элдик макал-ылакаптарды, ошондой эле элдик оозеки чыгармачылыктын ж.б. жанрларын аз билишет;
- класс жетекчилери мектеп окуучулары менен тарбиялык иштерин учурдагы күндүн материалдарынын негизинде гана жүргүзүшөт;

- кээ бир мугалимдер окуу китептерин элдик педагогикалык салттар жөнүндөгү материалдарга жардылыгы аларды окуу ишинде колдонууну кыйындатаарын белгилешет;
- үй-бүлөдө элдик педагогикалык салттарды жашы бир аз улгайып калган чоң ата, чоң энелерсиз балдар үйрөнө албайт, ал эми мындай үй-бүлө элибиздин аз гана пайызын түзөт. Көпчүлүк балдар, негизинен, ата-энелери жана мектеп тарабынан гана тарбияланышат [71].

Узак кылымдар бою жаратылган кыргыздардын элдик педагогикасындагы жаш муундарды тарбиялоо идеялары жана тажрыйбалары кенже класс окуучуларында толеранттулукту колдонуп калыптандыруу изилдөөгө алына элек.

Толеранттуулук көп улуттуу өлкөлөрдө ар башка элдерди бейпил турмушта жашоосун камсыз кылуучу механизм болуп саналат жана ага окумуштуулар төмөнкүдөй аныктамаларды беришет:

Профессор А.Г.Асмолов толеранттуулукта адамдын жүрүм-турумуна карама-каршы келген жүрүм-турум үлгүлөрүнө көтөрүмдүүлүк, чыдамдуулук менен мамиле жасоо катары эсептеп: «Толеранттуулуктун башкы белгиси − өмүргө, жашоого коркунуч туудурган адамдар менен да алакага баруу, алакалашуу» деген аныктамасын берген [32,4-10].

С.Башиева, А.Геляева толеранттуулукка төмөнкүдөй аныктама беришкен: «Толеранттуулук – өзгөчө формадагы дүйнө кабылдоо, өзүн башкара билүү жана өзүн көзөмөлдөө, эмоцияга алдырбоо, кырдаалга акыл-эс менен баа берүү жана иш жасоо, чечимге келүү, башка бирөөнүн терс жана кыжыр келтирген мамилесине, жүрүм-турумуна көтөрүмдүүлүк менен мамиле жасоо» [40,90-94].

Элибиздин тарбия салтында балдарга «кечиримдүү бол!», «боорукер, кичи пейил бол!» деген насааттар айтылып, эл кастарлаган ыймандуулук, адептүүлүк, толеранттуулук ж.б. идеялар бала кезинен кулагына куюлат.

Элдик педагогикадагы толеранттуулук идеялар кенже класс окуучуларында толеранттуулукту калыптандырууда алардын куурактык жана

психологиялык өзгөчөлүктөрүнө ылайык келип, башталгыч билим берүүдө окуу материалы катары «Адабий окуу» китебинде басымдуу түрдө элдик педагогиканын каражаттарын, жомокторду, аңгемелерди, уламыштарды, эпостордон үзүндүлөрдү, макал-лакаптарды, тамсилдерди ж.б. кенен пайдалануунун мүмкүнчүлүгү кеңири.

Биз изилдөөбүздө элдик педагогикадагы толеренттуулук идеясын да негиз кылып алдык.

Изилдөөбүзгө методологиялык жактан негиз болуучу адабияттарда этномаданий компетенттүүлүктүн когнитивдик (таанымдык), көз караштык-дөөлөттүк жана жүрүм-турумдук компоненттери белгиленип жүрөт.

*Этномаданий компетенттүүлүк* тууралуу А.Алимбеков мындай деп ой жүгүртөт: «Түпкүлүгүндө универсалдуу идеалдарды этномаданий бөтөнчөлүктөр менен айкалыштыруу жаштардын «өз ата мекенинде бөтөн адам» болуп калбашын камсыз кылат, жеке адамдын, ошондой эле бүтүндөй этностун өзүнө таандык рухий, маданий автономдуулугунан ажырап, ара жолдо калбашына бөгөт коюп, дүйнөлүк цивилизациянын теңтайлаш субъекти катары өнүгүп, калыптанышына өбөлгө болот. Педагогика илиминин алп аалымы Г.Н.Волков таамай белгилегендей, «Эс-тутумсуз тарых болбойт, тарыхсыз салт болбойт, салтсыз маданият болбойт, маданиятсыз тарбия болбойт, тарбиясыз инсан болбойт, инсансыз улут болбойт». Ошондой болсо да, азыркыга чейин мектеп окуучусунун «Этномаданий компетенттүүлүгү» деген түшүнүктүн маани-маңызы, мазмундук түзүмү айкындалып иштелип чыга элек. Биздин оюбузча, «Этномаданий компетенттүүлүк» – бул тарыхый эс-тутуму, инсандык нарк-нускасы жетик, өз улутунун рухий дөөлөттөрүнө сыйчыл мамилеси, аны өздөштүрүү дымагы жогору, өзүн өткөн менен келечекти туташтырып туруучу көпүрө катары даярдоого карата сезим-туйгулары, жүрүм-туруму менен айырмаланган окуучунун инсандык сапаттарынын көрсөткүчтөрү. Окуучулардын этномаданий сапаттары – анын негизги компетенцияларынын ажырагыс звеносу, компоненти. Окуучулардын этномаданият чөйрөсүндөгү

көп кырдуу көрсөткүчтөрүнүн ичинен төмөндөгүлөрдү өзгөчө бөлүп көрсөтүүгө болот.

*Когнитивдик (таанымдык) компонент.* Когнитивдик (таанымдык) компонент окуучулардын этномаданий идеяларга жана идеалдарга негизделген түшүнүктөрүнүн, билимдеринин өнүгүш деңгээлин мүнөздөйт. Ал окуучуда төмөнкүдөй сапаттардын калыптанышын талап этет:

- өз үй-бүлөсүнүн генеологиясын (жети ата), тарыхын, ата-бабаларынын мекенди, улутту өнүктүрүүдөгү өрнөктүү иштерин жеткилең билүү;
- эне тилинин дараметин оозеки жана жазуу кебинде жеткилең колдоно алуу;
- Ата мекенинин, өз элинин тарыхый жактан өнүгүшүнүн бардык этаптарын жакшы билүү;
- этникалык маданиятка, этнографияга, фольклорго тиешелүү түйүндүү түшүнүктөрдүн маанисин, адептик-ыймандык көтөргөн жүгүн билүү;
- күндөлүк турмушта кеңири колдонулуп келе жаткан каада-салттардын, үрп-адат, ырасым-жөрөлгөлөрдүн, түшүнүктөрдүн дурус-буруш жактарын туура аңдап, айырмалай билүү;
- элдин тарыхый-маданий тажрыйбасы, адептик-этикалык салттары жөнүндө жетиштүү билимге ээ болуу;
- элдик оозеки чыгармаларды бир гана көркөм сөз үлгүсү эмес, өткөндөн калган осуят-насыяттардын казынасы катары түшүнүү жана талдай билүү;
- кичинекей кыргыз калкынын башка журтка акырындап сиңип жок болуп кетпей, эл-журт катары сакталып калышында, анын улуттук аң-сезиминин кыйын мезгилинде өчпөй, жанып турушундагы «Манастын» ордун, маанисин билүү;
- мекенчил болуунун түпкү маани-маңызын түшүнүү менен бирдикте «улуттук «менменсинүү», «толеранттуулук» сыяктуу түшүнүктөрдүн айырмалуу жактарын жеткилең аңдоо.

*Көз караштык дөөлөттүк компонент.* Көз караштык дөөлөттүк компонент окуучулардын этномаданий дөөлөттөргө карата көз караштарын, ишенимдерин, ынанымдарын мүнөздөйт:

- ата мекен жана аны түзгөн тарых, эне тил, маданият, санжыра, элдик өнөр сыяктуу дөөлөттөр менен өзүнүн ортосундагы ажырагыс бirimдикти, байланышты тереңдетүүгө, өркүндөтүүгө тынымсыз умтулуу;
- өз элинин рухий-маданий мурастары менен сыймыктануу;
- элдик өрнөктүү каада-салт, үрп-адат, ырасым-жөрөлгөлөрдү урматтоо,барктоо, аларды өзүнүн жашоо-турмушунун эреже-мыйзамына айландырууга умтулуу;
- элдик адептик жана руханий-ыймандык нарк-дөөлөттөрдү сактоого, окуп-үйрөнүүгө, иликтеп-изилдөөгө жана жайылтууга ынтызар болуу;
- элдин рухий асыл нарктары аркылуу өзүн өзү көрүү, өзүн өзү таануу, өзүн өзү баалоо, өзүн өзү тарбиялоого карата чыныгы ыклас;
- өз элинин, мамлекетинин турмушунда болуп жаткан өзгөрүүлөр үчүн тарыхый жоопкерчиликти туюу.

*Жүрүм-турумдук компонент.*

- муундар аралык руханий-ыймандык жана маданий-тарыхый уланмалуулукту бекемдөөгө, ата мекен тарыхын, эне тилди, элдик салттарды сактоого изгилик жана күйүмдүүлүк;
- улуттук ыйык дөөлөттөрдү жана символдорду сыйлоо, коомго жана мамлекетке жан аябай татыктуу кызмат кылууга чын ыкластуу иш-аракет;
- «Манас» эпосун жана анын мазмунуна ширетилген даанышман осуят-насыяттарды, инсандык өрнөктөрдү окуп-үйрөнүп, өздөштүрүүгө карата жигердүү аракет;
- ата мекенди, эне тилди, ата-баба салттарын коргоо, өнүктүрүү үчүн зарыл болгон билгичтик, көндүм жана тажрыйбалардын калыптангандыгы;

- ата журттун гүлдөп-өнүгүүсү, мекендештеринин бейпил, жыргал турмушу үчүн патриоттук иш-аракеттердин субьекти катары социалдык активдүүлүгү;
- «Этноцентризм» илдеттеринен четте болуу, чыдамкайлык, кечиримдүүлүк, башка улуттун өкүлдөрү менен мунасада жашай билүү, ар кандай кырдаалда өзүнүн эмоционалдык маанайын башкара билүү» [30,26].

Демек, Кыргызстандагы билим алып жаткан окуучулардын этномаданий компетенттүүлүктөрү алардын кыргыз улутунун байыркы маданиятын, улуттук тилин өз боюнча сиңирүү болуп саналат.

Орус адабиятын окутуу боюнча А.С.Айзерман [15], В.В.Голубков [56], Е.Н.Ильин [66], В.А.Кан-Калик [72], М.Г.Качурин [75], Е.А.Корсунский [79], Н.И.Кудряшев [81], Б.А.Ланин [87], В.Г.Маранцман [96], Н.Я.Мещерякова [99], В.А.Никольский [113], В.А.Онищук [117], З.Я.Рез [125], М.А.Рыбникова [127], В.Р.Щербина [170] ж.б. методисттер адабий чыгармаларды талдоонун жана ал аркылуу тарбиялоонун методологиялык негиздерин иштеп чыккан.

Кыргыз адабиятын окутуу методикасы илиминде Б.М.Акматов «Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы» деген темада докторлук диссертациясын [21] жана анын негизиндеги монографиясын [19] чыгарды. Бул эмгектерде ал болочок адабият мугалимдерин компетенттүүлүккө негиздеп даярдоонун методикалык системасын иштеп чыккан.

Биз изилдөөгө алган балдар ырлары, бул негизинен лирикалык жанр, ал эми лирикалык чыгармаларды окутуунун өз өзгөчөлүктөрү бар. Бул багытта үзгүлтүксүз иштеп келген С.Момуналиев. Анын кандидаттык [102,17], докторлук [103] диссертациялары, методикалык эмгектери [104] лирикалык ырларды талдоо проблемаларына арналган. Ырдагы лирикалык образды, композицияны, көркөм сөз каражаттарын ачып берүүдөгү методисттин эмгеги биздин иш үчүн үлгү болду.

Көркөм чыгарманы талдоо жумуштары С.Батаканованынын «Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери» аттуу диссертациясында жана монографиялык эмгектеринде [38] ар тараптуу чагылдырылган.

Кыргыз адабиятын окутуу боюнча адистер Б.Акматовдун [19], Б.Алымовдун [26], С.Байгазиевдин [36], К.Иманалиевдин [67], Н.И.Ишекеевдин [69], А.Муратовдун [108], С.Рысбаевдин [130] Б.Исаковдун [68], Б.А.Абдухамидованын [10], Б.Оторбаевдин [120] изилдөөлөрүндө адабиятты окутуунун теориялык маселелери каралган жана алардагы идеялар биздин изилдөө үчүн методологиялык база катары кызмат кылды.

Ырды окутуу үчүн биринчи кезекте анын эмне экендигин, б.а., ырдын теориясын (сюжет жана композиция, көркөм сөз каражаттары, ыргак, уйкаш, куплет, строфа, образ жана образдуулук ж.б.) жакшы билишибиз керек. Бул маселелер орус жана совет адабиятынын теоретиктери Г.Л.Абрамович [11], Н.А.Гуляев [57], В.М.Жирмунский [63], И.Султан [153], М.И.Тимофеев [154], Б.В.Томашевский [160] ж.б. тарабынан каралса, кыргыз адабиятчыларынын адабият теориясы боюнча эмгектеринде (М.Борбугулов [52], А.Садыков [141], Е.К.Озмитель [115], К.Рысалиев [128], Ж.Шериев жана А.Муратов [169]), адабият таануу терминдери боюнча сөздүктөрдө (К.Асаналиев менен Р.Кыдырбаева [30], Ж.Шериев менен А.Муратов [12]), адабий сын багытындагы иликтөөлөрдө (Т.Аскаров [30], К.Бобулов [50], М.Борбугулов [52], К.Даутов [58], О.Ибраимов [65], С.Жигитов [62], А.Садыков [138], А.Эркебаев[172] ж.б.) балдар ырлары тууралуу түшүнүктөр каралган жана алар да биздин иште пайдаланылды.

Биз колдонууга тийиш болгон дагы бир методологиялык база кыргыз балдар ырлары боюнча изилдөөлөр, бул багытта бир катар эмгектер (К.Абакиров [1], В.Вакуленко [54], Ү.Култаева [82], М.Сулайманов [149], А.Саттарова [146], О.Сооронов [149], М.Түлөгабылов [161], С.Рысбаев [130], Г.Орозова [118], А.Муратов жана К.Исаков [110] ж.б.) жарыяланган жана буларда балдар ырларынын табияты, жалпы кыргыз адабиятындагы орду,

айрым ырлардын тематикалык-жанрдык, стилдик өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн. Булардын катарына М.Түлөгабыловдун балдар адабиятынын тарыхы боюнча программасын [84], окуу китебин [163], макалаларын [162], М.Сулаймановдун «Балдар аңгемелери жөнүндө» [150], «Азыркы балдар прозасы» (1980) [149], республиканын жогорку окуу жайлары үчүн балдар адабияты боюнча окуу программаларын (1974, 1986) жана «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» (1992) [151] деген китептерин, «Азыркы кыргыз балдар прозасы» (1971) деген темадагы кандидаттык, «Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы» (1995-ж. Алматы) деген темадагы докторлук диссертацияларын кошууга болот.

Жыйынтыктап айтканда, «Адабий окуу» предметинде кыргыз балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча биздин эмгекке методологиялык негиз болуучу эмгектер биринчиден, философиялык, экинчиден, педагогиканын теориясы боюнча, үчүнчүдөн, психологиялык, төртүнчүдөн, адабият теориясы жана адабияттаануу багытындагы эмгектер, бешинчиден, орус жана кыргыз адабиятын окутуунун методикасы боюнча изилдөөлөр болуп, алар ишибиздин мазмундуулугун жана ишенимдүүлүгүн арттырды.

## Биринчи бап боюнча корутунду

**«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теориялык-методологиялык проблемалары жана изилдениш тарыхына»** деп аталат. Анын *«Азыркы учурда башталгыч класстарда «Адабий окуу» предметинде ырларды окутуунун максаты, милдеттери жана негизги парадигмалары»* деп аталган биринчи парагафында азыркы учурдун өзгөчөлүктөрү, дүйнөлүк цивилизациянын адамдын аң-сезимине, жүрүш-турушуна тийгизген таасирине токтолдук жана мына ушул процесстеги көркөм адабияттын, анын ичинде балдар ырларынын маанисин ачып бердик. Балдардын руханий-адептик жактан

тарбияланышында, эстетикалык табитинин калыптанышында II-IV класстарда окутулган «Адабий окуу» предметиндеги атайын балдар үчүн жазылган же оозеки чыгарылган ырлардын мааниси өзгөчө жогору.

Ырлар – окуучулардын сезимине, эмоционалдык аракетине таасир этип, алардын дилин тазартуучу касиетке ээ.

Ааламдашуу доорундагы окуучуларга жалпы коомдун руханий жактан деградацияланышы, моралдык кызыкчылыкка караганда материалдык кызыкчылыкты алдыга койгон адамдардын көбөйүшү, совет учурундагылай өрнөк тута турган адабий каармандардын жана тарыхый инсандардын азайышы, китеп окуу маданиятынын төмөн түшүп кетип жатышы өз таасирин тийгизүүдө.

Окуучуларга азыркы шартта балдар ырларын үйрөтүү менен алардын адабий-теориялык компетенттүүлүктөрүн калыптандырып өз алдынча китеп тандап окууга, китепке кызыктырууга жол ачабыз, адабият аркылуу дүйнөнү көркөм образдар аркылуу кабыл алууга, кыргыз элинин байыртадан келе жаткан улуттук тилин өздөштүрүүгө жана кебинде колдонууга, турмушту үйрөнүүгө жардам беребиз. Бул багытта А.Үсөнбаевдин «Комузум», Т.Үмөталиевдин «Нооруз», Ж.Исабаеванын «Соң-Көл жайлоосунда», «Күн менен торгой», Д.Жамансартованын «Азаматсың, жылкычы» ж.б. ырларды талдоо процессине анализ жүргүздүк.

*«Компетенттүүлүккө негиздеп окутуу» түшүнүгүнүн теориялык жана практикалык проблемалары» аттуу 2-парагарфта* компетенттүүлүк жана компетенция түшүнүктөрүнө чет элдик, орус жана өзүбүздүн окумуштуулардын берген аныктамаларына таянуу менен бул түшүнүккө болгон өз көз карашыбызды билдирдик. Ошондой эле Мамлекеттик билим берүү стандартындагы башталгыч класстын окуучуларынын кыргыз тили жана окуу сабагына коюлган компетенттүүлүктөрдү «Адабий окууда» жүзөгө ашыруунун жолдорун конкреттүү материалдардын негизинде иштеп чыктык. «Адабий окуу» предметинин негизги предметтик компетенттүүлүктөрү тыбыш жана тамгаларды өз практикасында туура колдоно алуу компетенттүүлүгү, аларды

туура колдоно билген окуучу текстти окуй алуу компетенттүүлүгүнө ээ болот да, өз курагына ылайыкталып түзүлгөн же адаптацияланган тексттерди, анын ичинде балдар ырларын үн кубултуп, көркөм окуй алат, бул болсо алардын ошол тексттеги сөздөрдүн маанисин түшүнүү, кебинде мурда кездешпеген жаңы сөздөрдү кабыл алуу жана алар менен иштей алуу компетенттүүлүгүн калыптайт. Мындай компетенттүүлүккө жетишкен окуучулар сүйлөмдөрдү жана текстти өзгөртүп түзө алат, аларга жөнөкөй план түзө белет, поэзия түрүндөгү ырдын мазмунун оозеки айтып берет, түшүнгөнүн жаза алат. Бул болсо адабий-теориялык түшүнүктөр менен иштей алуу компетенттүүлүктөрүн калыптайт, б.а., ыр менен кара сөздүн айырмасын билет, ырдагы уйкаштыктарды табат, ырдын муун санын эсептейт, муунактарга, куплеттерге ажырата билет.

*«Адабий окуу» предметинде ырларды окутуунун жана анын изилдениш тарыхы»* деп аталган 3-параграфта балдар адабиятынын, анын ичинде балдар ырларынын спецификасын жана классификациясын ачып берүү менен башталат. Аларды жалпысынан бөбөктөргө арналган чыгармалар (2-7 жаш); кенже балдарга арналган чыгармалар (7-12 жаш); өспүрүмдөргө арналган чыгармалар (12-15 жаш) деп үч топко бөлүп карап, биздин объектибиз II-IV класстар болгондуктан, демек, биринчи жана экинчи топтогу балдарга арналган ырлардын мектептерде окутулушун талдоого алдык.

Балдарга арналган ырларды окутуу XIX кылымдын экинчи жарымында жана XX кылымдын биринчи чейрегинде диний медреселерден башталган, кыргыз акындары Молдо Кылыч, Жеңижок, Нурмолдо, Молдо Нияз, Тоголок Молдо ырларын жазуу түрүндө кол китеп кылып алып, талабаларга тараткан, алардын ичинде атайын балдар үчүн жазылган поэтикалык ырлар да орун алган.

1924-жылы Ташкент шаарынан Ишеналы Арабай уулунун авторлугунда «Кыргыз алиппеси» деген китеп чыгуу менен адабий чыгармаларды китептен окуу, мугалимдин жардамы менен үйрөнүү ишмердүүлүгү башталат.

XX кылымдын 20-30-жылдарында К.Тыныстановдун, Э.Арабай уулу менен К.Карасай уулунун авторлогунда хрестоматия окуу китептери жарык көрүп, ал китептерге киргизүү үчүн жазма адабиятыбыздын алагачкы карлыгачтары окуп үйрөнүү багытындагы ырларды атайын жазып беришет жана балдар адабиятынын өнүгүшүнө салымдарын кошот.

Андан ары эмгекте мына ушул процесстин эволюциялык жолу көрсөтүлөт, балдар ырларынын тематикалары, алардын коомдук-социалдык турмушка жана партиялык саясатка карата өзгөрүп отурушу, ар бир программанын оң жана терс жактары сыпатталат. Балдар ырларын окутуу боюнча методисттер К.Сартбаев, С.Сакиева, С.Рысбаев, А.Саттарова, А.Токтомаметов ж.б. окумуштуулардын эмгектери жана алардын негизги илимий-методикалык багыттары талдоого алдык.

Совет адабияты, анын өкүлдөрүнүн чыгармачылыгынын жалпы багыты жана балдарга арналган чыгармалары жөнүндө сөз кылынды. Ошондой эле балдар ырларын окутууну изилдешкен окумуштуу илимпоздордун эмгектери, алардын теориялык жана практикалык маанисине токтолдук.

*«Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методологиялык негиздери»* деген 4-параграфта биздин изилдөөбүзгө байланыштуу орус жана жана кыргыз окумуштууларынын эмгектери талдоого алынды. Негизинен биздин иштин методологиялык пайдубалын философия, этика, эстетика, педагогика, психология, адабият таануу боюнча жазылган эмгектер түздү. Мына ушул методология таянуу менен өзүбүздүн максат-милдетибизди жүзөгө ашыра алдык. «Адабий окуу» предметинин негизги максаты болгон мектеп окуучуларынын окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу иш билгилигинин илимий-методикалык негиздери иштелди.

Жалпысынан бул экинчи бап илимий изилдөөбүздүн теориясын, тарыхый эволюциясын, проблеманын азыркы абалын, методологиясын туура аныктап алууга, ошол материалдарды анализдөөгө жана синтездөөгө, жекелештирүүгө жана жалпылаштырууга арналды.

# ЭКИНЧИ БАП. БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН «АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕГИ ЫРЛАРДЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУН МЕТОДИКАСЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨНҮН МАТЕРИАЛДАРЫ ЖАНА МЕТОДДОРУ

## 1.1. Илимий изилдөөнүн материалдары

Изилдөө ишибиздин негизги материалдары болуп «Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы, башталгыч класстарда кыргыз тили жана адабий окуу предмети боюнча мамлекеттик стандарттары, «Адабий окуу» курсу боюнча окуу программалары, окуу китептери, методикалык колдонмолор, окуулуктарда сунуш кылынган балдар ырлары сыяктуу материалдар пайдаланылды. Ошондой эле мугалимдердин балдар ырларын окутуу боюнча тажрыйбалары, окуучуларды жазуу иштери, оозеки жооптору да иштин материалдары катары орун алды.

Орто мектептин II-IV класстын окуучулары окуу иш билгилигинө активдүү киришкен курак болуп, бул мезгилде алардын адептик, эмоционалдык сезимдерин, эстетикалык табитин калыптоодо, таанып-билүүсүн кеңейтүүдө балдар үчүн элдик оозеки чыгармачылыктагы жана төкмөлөр өнөрүндөгү айтылган жана профессионал адабияттын өкүлдөрү тарабынан жазылган руханий туундулар өзгөчө мааниге ээ болот. Ошондуктан бул класстагы «Адабий окуунун» материалдарында прозалык да, поэтикалык тексттер да, фольклордук чыгармалар да, төкмөлөр мурасы да берилип, албетте, жазма адабияттын өкүлдөрүнүн чыгармалары басымдуу орунду ээлеген.

Биздин изилдөөбүздүн негизги материалдары II-IV класстын «Адабий окуу» китептериндеги балдар ырлары болуп эсептелет.

Азыркы учурда КР Билим берүү жана илим министрлигинин окуу планына ылайык сааттар төмөнкүдөй бөлүштүрүлгөн *(Таблица 2.1.)*.

**Таблица 2.1. – II-IV класстын «Адабий окуу» предметине сааттардын бөлүштүрүлүшү**

| класстар | жумалык саат | класстык саат | класстан тышкаркы окуу | жылдык саат |
|---|---|---|---|---|
| **II** | 4 саат | 3 саат | 1 саат | 136 саат |
| **III** | 4 саат | 3 саат | 1 саат | 136 саат |
| **IV** | 4 саат | 3 саат | 1 саат | 136 саат |

КР Билим берүү жана илим министрлиги бул класстарда төмөнкүдөй окуу китептерин колдонууга уруксат берген *(Таблица 2.2.)*.

.

**Таблица 2.2. – КР Билим берүү жана илим министрлиги сунуш кылган «Адабий окуу» китептери**

| класстар | авторлору |
|---|---|
| **II** | 1. А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу»<br>2. Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу» |
| **III** | 1. А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу»<br>2. Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу» |
| **IV** | 1. А.Токтомаметов «Адабий окуу»<br>2. С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова «Адабий окуу». |

Бул окуу китептеринин бири негизги окуулук болсо, экинчиси жарыш окуулук болуп эсептелет. Окуулуктардын авторлоруна чыгармаларды тандап киргизүү укуктары берилгендиктен, жогорку класстардан айырмалуу алар акын-жазуучулардын чыгармаларын өздөрү тандап алышат. Бирок мында КР

Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен «Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу боюнча стандарт» [116] аттуу нормативдик документ бекиткен жалпы жобону эске алат. Ал жободо тематиканын тартиби жана аталыштары ( же базалык мазмуну)  төмөндөгүдөй берилген:

- Китеп – билим булагы;
- Менин жан досторум;
- Менин жан дүйнөм;
- Алтын балалык;
- Туулган жердин топурагы –  алтын;
- Жыл мезгилдери;
- Апалардын майрамы;
- Нооруз – жаңынын башталышы;
- Жеңиш күнү;
- Бабалардан калган сөз (элдик оозеки чыгармачылык);
- Элибиздин улуу инсандары;
- Ата-Журтубузду, тилибиз менен дилибиздин байлыгын коргойлу;
- Эр эмгегин жер жебейт;
- Тилим – менин жан дүйнөм;
- Менин чыгармам;
- Сөз үйрөнүп алалы;
- Ойлонолу, табалы;
- Өткөн турмуш элеси;
- Күлкү – ден соолуктун мүлкү;
- Кыргыз акын-жазуучуларынын балдар чыгармалары;
- Дүйнө элдеринин балдар чыгармалары ушу сыяктуу багыттамалар берилген.

Мына ушулардын ичинен балдар ырлары «Кыргыз акын-жазуучуларынын балдар чыгармалары» деген бөлүмдө көбүрөөк сунушталганы менен бардык эле темаларда балдар ырлары коштолуп барат.

Мындагы берилген материалдар окуу китептерине төмөнкүдөй *чен-өлчөмдөр менен тандалган:*

- окуу материалдарынын жыл мезгилдерине жана даталарга туура келиши (мисалы, Нооруз тууралуу ырлар март айынын 19-25 числолоруна туш болушу, Жеңиш күнү тууралуу чыгармалардын май айынын биринчи он күндүктөрүндө өтүлүшү ж.б.);
- балдар ырларынын таанып-билдирүүчү сапаттары менен тарбия берүүчү сапаттарынын бирдей айкалышып келиши;
- сунуш кылынган чыгармалардын авторлорунун улуттук адабияттагы орду, салмагынын болушу;
- чыгармалардын эстетикалык көрөңгөсүнүн бийиктиги;
- балдардын эмоционалдык-психологиялык талабын канааттандыра алышы;
- чыгармалардын ар бир класстагы окуучулардын курак өзгөчөлүгүнө ылайыктуулугу;
- сабакта балдардын кабыл алуусуна, кыраат окуусуна, дисскуссия жүргүзүүсүнө, жаттап алуусуна шарт түзүп берүүсү.

Жогорудагы «...стандартта» белгиленгендей, «Адабий окуу предметинин негизги максаты – кенже мектеп окуучусунун окурмандык компетенттүүлүгүн калыптандыруу болуп саналат. Окурмандык компетенттүүлүк, жогоруда белгилегенибиздей, материалды туура, так, көркөм окуй алууну, окуганын жана укканын түшүнүп, ал материалдарды турмушунда колдоно билүү аркылуу кеп ишмердигин, карым-катыш кылуу мүмкүнчүлүгүн өстүрүүнү, сабаттуу окурман катары тексттерди, чыгармаларды окууга туруктуу кызыгуусун арттырууну, чыгармага карата баалуулук негизде өз пикирин айтуу жөндөмүн калыптандырууну көзгө тутат.

Адабий окуу предметинин милдеттери:

1. Базалык окуу көндүмү катары окуучулардын текстти так, туура, тиешелүү ылдамдыкта, түшүнүп окуусу, андагы жаңы сөздөрдү, маалыматтарды, түшүнүктөрдү өздөштүрүүсү.

2. Ар кандай текст менен иштөөнү камсыз кылуучу кеп ишмердигинин түрлөрүнө (угуу, айтуу, окуу жана жазуу) окуучулардын ээ болуусу жана алардын чыгармачылык дараметин арттыруусу.

3. Окуучулардын көркөм жана башка адабияттарды окууга болгон кызыгуусун арттыруу жана окуган чыгармасына карата пикирин, баасын билдирүү менен баалуулук мамилелерин калыптандыруусу» [116].

Демек, адабий окуу аркылуу окуучулардын төмөндөгүдөй компетенттүүлүктөрү жана ишмердүүлүктөрү калыптанат:

Биринчи этап:

- текстти так окуу компетенттүүлүгү;
- текстти туура окуу компетенттүүлүгү;
- текстти тиешелүү ылдамдыкта окуу компетенттүүлүгү;
- текстти түшүнүп окуу компетенттүүлүгү;
- текстти шар окуу компетенттүүлүгү;
- текстти үн кубултуп окуу компетенттүүлүгү;
- тексттеги жаңы сөздөрдү өздөштүрүү компетенттүүлүгү;
- тексттеги маалыматтарды кабыл алуу компетенттүүлүгү;
- текстти башка тексттер менен салыштырып талдоо компетенттүүлүгү .
- Экинчи этап:
- текстти угуу иш билгилиги;
- тексттин мазмунун айтуу иш билгилиги;
- текстти талдоо иш билгилиги;
- тексттин негизинде оозеки сүйлөө иш билгилиги;
- тексттин негизинде жазуу иш билгилиги;

Мына ушундай компетенттүүлүктөрдүн жана иш-аракеттеринин негизинде окуучулардын адабий-теориялык, этномаданий, тилдик-

коммуникативдик компетенттүүлүктөрү калыптанат да, алар төмөнкүдөй компетенттүүлүктөргө жетишет:

- адабий китептерди өз алдынча тандап окуй алуу;
- чыгарманын жакшы же начар экенине баа бере билүү;
- көркөм чыгарманы окууга болгон кызыгуусун жогорулатуу;
- окуган чыгармалары тууралуу башкалар менен ой бөлүшүүгө жарамдуулугу

Башталгыч класстар үчүн программада [43] «Адабий окуунун» милдети, маани-маңызы тууралуу: «Адабий окуу сабатка үйрөтүүнүн түздөн-түз уландысы гана эмес, аны менен тыгыз байланышта, биримдикте жүргүзүлөт. Анткени сабат ачуунун алгачкы күнүнөн баштап, окуучулар түрдүү тексттерди угушуп, алар боюнча аңгемелешип, суроолорго жооп беришип, ага карата өздөрүнүн мамилелерин тиешелүү деңгээлде билдиришип, андагы айрым сөздөр талдоого алынат. Алипседен кийинки мезгил окуучулардын окуу билгичтиктерин бекемдөөгө багыт алуу менен, андан ары окуунун машыккандыктарын калыптандыруу, б.а., адабий окуу башталат.

Адабий окуу окуучулардын текстти шар, туура, сезимдүү окуп, окуганын кайра айтып берүүсү, тексттеги тиешелүү суроолорго жооп берүүсү менен гана чектелбестен, окуганындагы негизги ойду бөлүп көрсөтүп, окуганын бөлүктөргө ажыратып план түзүп, тиешелүү деңгээлде көркөм сөз каражаттарына талдоо жасай билип, текстти өзгөртүп, өз алдынча чыгарма жаратып, окуп талдоого алган текст менен жаңы чыгарманын ортосундагы байланышты ача билүүсүнө жетиштирүүнү өзүнө алат. Окуу предметинин адабий окуу деп аталышы да мына ушуга негизделет, б.а., окуу предмети мурдагыдан айырмаланып, анын адабийлүүлүгү күчөтүлөт. Анткени ар кандай чыгарманы кабыл алуу – бул биргелешкен чыгармачылык, автор менен окурмандын биргелешкен чыгармачылыгы (М.М.Бахтин), ал эми сабак процессинде талдоого алуу – мугалим менен окуучунун биргелешкен орток чыгармачылыгы

(Г.Н.Кудина) болсо, образдарды, каармандарды үлгүсүз кабыл алуу да (айрыкча, жомокторду оозеки угууда) чыгармачылык болуп саналат (Л.С.Выготский).

Буга чейинки окуу программаларында окуучулардын адабий чыгармачылыгында анчалык маани берилбеген, окуу деген терминдин баштапкы мааниси менен гана чектелип калган.

Экинчиден, адабий окууда таанып-билүү мүнөзүндөгү тексттердин үлүшү кыскарып, дээрлик көркөм тексттер түзөт. Анткени бул окуу предметинин негизин идеялык-тематикалык принцип эмес, чыгарманын көркөмдүк-эстетикалык баалуулук принциби түзүп, тематикалык, жанрдык, автордук, мезгилдик, хронологиялык бөлүштүрүүлөр сакталат.

Негизги принцип төмөнкүдөй критерийлер менен коштолот:

1. Окуучулардын курактык-психологиялык өзгөчөлүктөрүнүн эске алынышы.

2. Текстти кабыл алуудагы мыйзам ченемдүүлүктөрдүн сакталышы.

3. Материалдын тилинин окуучулар үчүн жеткиликтүүлүгү, түшүнүктүүлүгү.

4. Окуу материалынын улуттук духту тарбиялоого жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды кабыл алууга багытталгандыгы.

5. Окуучулардын иш билгилигин калыптандырууга багытталгандык.

6. Окуучу менен мугалимдин, автор менен окурмандын кызматташтыгына таянуу.

Буга ылайык ар түрдүү методикалык ыкмаларды колдонууга, өзгөртүп түзүүгө ийкемдүүлүгү.

Тематикалык бөлүштүрүү жогорку класстарга салыштырмалуу кеңири колдонулат. Анткени чыгармалар, негизинен, тематикалык жактан топтоштурулат.

Ырларды жанрдык бөлүштүрүү мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө карай аны тереңирээк өздөштүрүү үчүн колдонулат. Ошондуктан аталган бөлүштүрүүгө таянып, бир жанрдагы чыгармаларды бир жерге топтоп салуу туура

болбойт. Бул, айрыкча, элдик оозеки чыгармачылыктын үлгүлөрүнө тиешелүү. Маселен, жомок, макал-лакап, табышмак, жаңылмачтар. Алар окуу жылынын бардык мезгилинде окутулат. Ошондой эле бир учурда аларга атайын токтолуп, алардын өзгөчөлүктөрү үйрөнүлөт».

Бул максаттар, милдеттер жана критерийлер окуу китебин жазуучу (түзүүчү) авторлор үчүн негизги көрсөтмө болуп саналат. Мына ушул окуу китептериндеги балдар ырлары биздин изилдөөнүн негизги материалдары болуп эсептелет.

Балдар ырлары менен окуучулар «Адабий окуу» китептерине чейин эле «Алиппе» китеби аркылуу тааныш болушат. Мисалы, элдик төкмөлөрдөн Б.Алыкуловдун «Балдарга насыят», Т.Сатылгановдун «Үлгү ырлар» деген ырларынан адамдык оң сапаттар тууралуу кабардар болушат, Жеңижоктун «Суу» деген ыры болсо жаратылыштын бир кубулушу менен тааныштырат, А.Осмоновдун «Китепти сүй», О.Соороновдун «Билим майрамы» деген ырлары билим алуунун маанисин чагылдырат. Б.Асаналиевдин «Капар менен карга», А.Рыскуловдун «Фермадагы машина», «Үйрөнөм», «Ат сыйлаган жөө баспайт», К.Жунушовдун «Парашют», «Жол», «Төө жумушка келатса» деген чакан ырлары балдардын өздөрүнүн турмушунан алынып жзылган. Кыргыз жери, табияты, жыл мезгилдери тууралуу Ж.Бөкөнбаевдин «Кыргыздын Ала-Тоосу», А.Токомбаевдин «Төрт мезгил», А.Токтомушевдин «Чыйырчык дос», Б.Сарногоевдин «Болуп калды жазгы убак» деген сыяктуу ырлары аркылуу билишет [80,112].

«Алиппеде» адабий тексттер өтө кыска, тамга үйрөнүүгө багытталып гана окутулса, «Адабий окууда» көркөм чыгармаларды сунуштоодо максат бир кыйла тереңдеп, тексттин идеялык-тематикалык бүтүндүгүн үйрөнүүгө көңүл бурулат. Бирок ошол «Адабий окуунун» биринчи жылы болгон II класста уланмалуулук, өткөндөрдү кайталоо принциптери сакталып, мурда өтүлгөн тексттер да эске алынат.

**II класстардын «Адабий окуу» китебинде** [8] жалпы 65 аталыштагы балдар ырлары сунушталган.

Алгач Ы.Кадыровдун «Тилегим» деген ыры үйрөнүлөт. Жаңы окуу жылынын ачылышы менен балдардын рухун көтөрүүчү, алардын максат тилегин билдирүүчү бул ырдын окуу жылынын эң башында берилгени абдан максатка ылайыктуу.

Манас атам тилеген,
Элинде тынчтык болушун.
Ошондуктан сактаган,
Душмандан жерин, конушун.

Даңазалап башка элге,
Даңкын келет чыгаргым.
Азыртадан жакшы окусам,
Элчи болуп чыгармын.

Башка элдин дилин түшүнгөн,
Дипломат болсом дейм.
Дүйнөдө канча эл болсо,
Достоштуруп койсом дейм [8,14].

Бул ырды окуу менен окуучулар Манас баатыр тууралуу, анын тынчтык үчүн эл-жерин коргогон идеясы тууралуу билет, ал эми ырдагы лирикалык каармандын максаты – элчи болуу, элчи болуу үчүн азыртадан жакшы окуу керек, көп тил билүү зарыл, тил билсең гана ошол элдин дилин билесиң, ошондо дүйнөдө канча эл болсо, ошолордун баарын достоштуруп коюуга болот. Ал эми дос болгон элдер бири-бири менен согушпайт, дүйнөнү ынтымак ээлейт. Ырдагы тилек – ушул. Ушул ыр менен бул класста балдар ырларын окуп үйрөнүү башталат.

Т.Нурматовдун «Күз келди», Ж.Абдылдаевдин «Ай, чегиртке, чегиртке», «Жалбырак», Т.Ражабалиевдин «Көпөлөк», А.Осмоновдун «Көпкөк көпөлөк», Б.Чотурованын «Кулунтайым» деген ырлары окулуу менен балдар күз тууралуу, ал жыл мезгилинин өзгөчөлүгү тууралуу билип, чегиртке, көпөлөк,

кулун деген бала дүйнөсүнө жакын жаныбарлардын жашоолору менен таанышат. Мисалы, Б.Чотурованын «Кулунтайым» деген ырын үйрөнүү процессинде окуучулар кулундун таскак салып чуркашын, туягы татынакай болушун, кулактарынын тикчийишин элестетет да, тилдик жактан «желе», «жал», «көкүл», «күлүк» деген жаңы сөздөр менен таанышып, коммуникативдик компетенттүүлүгү үчүн зарыл болгон лексикалык запаска ээ болот.

Мына ушундай жан-жаныбарлар, балдар жана айбанаттар темасы Б.Сейитбекованын «Бачайы чамчык», Ж.Абдылдаевдин «Чымын-чиркей ырлары», Т.Үмөталиевдин «Торпогум», Т.Кожомбердиевдин «Чычкандар» деген ырларында ачылып берилип, балдардын экологиялык тарбия алышына таасирин тийгизет.

А.Үсөнбаевдин «Комуз» деген ыры балдардын этномаданий компененттүүлүгүн калыптоодо элдик музыкалык аспап аркылуу эл жашоосундагы комуздун ролун билүүдө чоң мааниге ээ болсо, Ж.Абдылдаевдин «Музыка» аттуу ыры менен кыргыз жаратылышынын көрүнүштөрү – булбул, торгой, дайранын үнү, аарынын ызылдашы, шамалдын шуулдаган үнү, тал-теректин ыргалышы өзүнчө эле музыка болуп, ырды окуп жатып балдар жаратылыш койнунда, музыка дүйнөсүндө жүргөндөй болот.

Нурмолдо «Ай жаңыргандагы ыр» деген айтымы, элдин чыгарма болгон «Козу телүү» байыртадан бери келе жаткан элдик салттар менен азыркы окуучуларды тааныштырып, алардын таанып-билүү иш билгилигин жогорулатып, этномаданий компетенттүүлүгүн өстүрүүгө жардам берет. Кыргыздар Ай жаңырганда сыртка чыгып, жаңы Айды карап, ар кандай айтымдарды айтып, жакшылыктарды тилеп, бата кылган. Ошол чыгарма бул класста кыскартылып берилген:

Ай көрдүм – аман көрдүм,
Айдын мунарынан,
Жердин кучагынан
Жегилик дан, бир кыштык саман көрдүм,

Жөөгө – улоо,
Жалкоого – мээнет,
Жалгызга – эрмек,
Иштерманга – кут,
Сараңга – жут,
Ушакчыга – уу,
Ак ниетке – туу,
Барыга тең заман көрдүм.
Айдан – аман,
Жылдан эсен бололу.
Келерки айга чейин
Өсүп-өнүп, тололу.
Бакылга – тар,
Бапырга – бар ай бол,
Оомийин, Аллоо акпар! [8,62-63].

Мына ушул айтым аркылуу окуучуларды бир топ нерселерге үйрөтүүгө болот:

1. Эмне үчүн «Ай көрдүм – аман көрдүм» деген сөз айкашы башында келип жатат, мунун мааниси эмнеде?

2. Айдын көрүнүшү менен дандын жана самандын кандай байланышы бар?

3. Жөөгө – улоо, жалкоого – мээнет, жалгызга – эрмек, иштерманга – кут, сараңга – жут, ушакчыга – уу, ак ниетке – туу, бакыл – тар, бапыр – бар деген антоним жана карама-каршы байланыштагы сөздөрдүн маанилик байланыштарын чечмелөө.

4. «Айдан – аман, жылдан эсен болуу» батасынын мааниси.

5. Ай жаңырган кезде сыртка улуу адамдар менен ээрчий чыгып, алардын эмне деп айткандарына назар салуу.

Төмөнкүдөй элдик ишенимдерди көңүлгө алуу:

- Ай жаңырганда (тууганда) «Ай көрдүм, аман көрдүм, айдан аман, жылдан эсен бололу, келерки айга чейин өсүп-өнүп тололу» деш керек.

- Ай жаңырганда (тууганда) чалкалап жаңырса, ай жаанчыл болот. Ал эми тикесинен жаңырса, жаан-чачынсыз, кургакчыл болот.
- Ай жаңырганын көргөндө, аялдар ага карап үч жолу жүгүнүп коёт, эркектер жүгүнбөйт.
- Ай жаңырганын көргөндөр Ай тууптур деп да айтышат.
- Ай короолоп нур жакындан төгүлсө – жамгыр күт, нур алыстан төгүлсө – эки-үч күндөн кийин жаан болор.
- Ай короолосо – аягыңды камда, күн короолосо күрөгүңдү камда.
- Ай кышында чалкалап көрүнсө – кар көп болот.
- Ай ортосунда жамгыр башталса – аягына чейин жамгыр.
- Ай өткөн айда жаансыз болуп, жаңысы жамгыр менен башталса, айдын өз жүзүн өзү жууп атканы.
- Ай тике тууса – жамгырлуу болор.
- Ай толгондо туулган бала өмүрлүү болот.
- Ай толук толгондо сап болуп жалтырап турса – аба жакшы, караңгылап кубарып турса – жамгыр болор.
- Ай тууган айдын бешинчи күнүндө жел жүрөр.
- Ай тууганда төртүнчү күнү аба кандай болсо – ай бою ошондой.
- Ай тууганда үч күн аяз болсо – ай бою аяз, үч күнү бузук турса – ай бою бузук.
- Ай тууганда чалкалап тууса – анда жаанчыл, кырдана тууса кургакчыл.
- Ай чалк өйдө тууса – ай бою аяз, жер карап тууса – ай бою жамгыр.
- Ай чалкалай тууса – бул айда аязга, жүстөмөн тууса – жаанга.
- Ай чалкалап тууса – өзүнө тынч, элге бейтынч.
- Ай чалкасынан тууса – күн салкын болот.
- Айды көпкө карап турбайт.
- Айды сөкпөйт.
- Айды сөөмөй менен көрсөтпөйт.

- Айдын жаңырганын көргөн ар бир адам токтоп туруп, куран окуп же атайын айтымдарды айтат.

Мындай элдик ишенимдер азыркы окуучуларды ата-бабалардын салты, көз карашы, космогонниялык, астрологиялык билимдери менен байланыштырат, Ай тууралуу илимий билимдер менен элдик билимдерди жөнөкөй деңгээлде болсо да салыштыруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот.

Табият жана анын мезгилдери тууралуу Г.Рысбаеванын «Таңкы нур», Ш.Дүйшеевдин «Жаады кар», Ж.Абдылдаевдин «Жаа, жаа, ак карым», Б.Асаналиевдин «Ай», Д.Жамансартованын «Жамгырдан соң» деген ырлары берилген, бул ырларды окуу процессинде мугалим менен окуучулардын биргелешкен иш билгилиги жаратылыш менен адамдын гармониясын ачууга багытталат. Т.Самудинов «Байчечекей», Ж.Исабаева «Керемет учур», А.Осмонов «Балдар жана турналар», Ж.Абдыкалыков «Жайдын бир күнү», Ж.Исабаева «Соң-Көл жайлоосунда», «Күн менен торгой» деген ырларында ушундай эле тематиканы улантып, образдуу ой жүгүртөт.

II класстын окуучулары негизинен 8-9 жаш курагындагы окуучулар болгондуктан, алар али бул дүйнө, аалам жана анын чексиздиги тууралуу көп нерселерди ажыратып биле элек болушат. Т.Самудиновдун «Керик», «Акыра», «Маймылча», «Муну бил», Ж.Абдылдаевдин «Жирафтын жалкоо балдары», Б.Асаналиевдин «Бөрсө» деген ырлары жаңы аталыштагы жаныбарлардын өзгөчөлүктөрүн, жашоо-тиричиликтерин ачып бергендиги менен кызыктуу. Балдар кино жана мультфильмдерден, сүрөттөрдөн көрүп эле жүргөн жаныбарларды аттарын орусча айтышып келген болсо, бул ырларды окуу менен алардын кыргызча аталыштары бар экендигин түшүнөт.

Оюн ырлары, сөзгө сөздөрдү кошуу бул класстын окуучулары үчүн өзгөчө кызыгууну жаратат. А.Кыдыровдун «Тамга кошсок...», «Бир тамгадан өзгөртсөк», Т.Самудиновдун «Туурабы?», «Бир сөздөгү үч сөз», «Аралашкан ариптер» деген оюн ырлары окуучулардын акыл-сезимин, ойлоосун, тапкычтыгын арттырып гана калбастан, сөздүк запастарын байытат.

Элдик майрамдар тууралуу Т.Үмөталиев «Нооруз», Б.Асаналиевдин «Биринчи май», «Сулуу май», А.Токомбаевдин «Жашасын улуу жеңиш!», А.Кыдыровдун «Баарыбыздын майрамыбыз» деген ырларында поэтикалуу речь менен образдуу айтып берет.

Окуучулар үчүн адамды таанып билүү, адамдын дүйнөсүн ачуу, адеп-ахлак темасы – өзгөчө маанилүү. У.Мамбеталиевдин «Боорукер кыз», Ж.Исабаеванын «Бул адептүү кайсы кыз?», Б.Алыкуловдун «Балдарга насыят», «Ынтымак», Б.Асаналиевдин «Мактанчаак короз», Д.Жамансартованын «Азаматсың, жылкычы», Б.Чотурованын «Бак тигели» деген ырлары ушундай темаларга арналган, жомоктор дүйнөсүнө баштап кирүүдө А.Токтомушевдин «Чыпалак бала» деген ыры, калп жанрында Н.Ахмедулин «Беш өрдөк» аттуу чыгармасы өзгөчө кызыктуу.

Ошентип, II класстын «Адабий окуу» китебинде ырларды сунуш кылууда авторлор тематикалык көп түрдүүлүктү (жаныбарлар жана жыл мезгилдери тууралуу; балдардын кылык-жоруктары, мүнөзү, жүрүш-турушу тууралуу; майрамдар жөнүндө; сөз өстүрүүчү оюн ырлары, калптар, жомоктор ж.б.) жана стилдик ар түрдүүлүктү сакташкан.

**III класстар үчүн «Адабий окуу» китебинде** (авторлор Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова) [15] чыгармалар он сегиз бөлүмгө бөлүнүп, анын ичинен ырлар төмөнкүдөй бөлүмдөрдө берилет *(Таблица 2.3.)*.

.

**Таблица 2.3. – 3-класстын «Адабий окуу» китебинде балдар ырларынын берилиши**

| китептин бөлүмү (темасы) | ырдын автору | ырдын аты |
|---|---|---|
| Менин кымбат досум – китеп | Б.Асаналиев | «Жакшы китеп» |
| | А.Осмонов | «Китептин душманы» |
| Жыл | М.Алыбаев | «Коңур күз» |

| | | |
|---|---|---|
| мезгилдери боюнча | К.Жуманазаров | «Нан» |
| | Ч.Иманалиев | «Кышкы чилде» |
| | Т.Самудинов | «Үч аяз» |
| | М.Жангазиев | «Сүрөтчү аяз» |
| | Т.Самудинов | «Көктөм ыры», «Май айы» |
| | А.Кыдыров | «Сулуу май» |
| Өсүмдүктөр тууралуу | Б.Жолдошбай кызы | «Жоогазын» |
| | Ж.Абдылдаев | «Данек» |
| Канаттуулар тууралуу | И.Исаков | «Бала жана ак куулар» |
| | Ж.Тынымсейитова | «Таранчы» |
| Элдик мурастар тууралуу | Б.Асаналиев | «Мурас» |
| | Б.Чотурова | «Жети ата» |
| Ыр түрүндөгү калптар (апыртмалар) | А.Кыдыров | «Кадыбайдын калптары» |
| | Б.Асаналиев | «Калп айтканды билбеймин» |
| Оюн ырлары | Т.Самудинов | «Логогриф»,<br>«Амал менен окуучу» |
| | Ы.Кадыров | «Анаграмма», «Логогриф»,<br>«Метаграмма», «Шарада», «Ак<br>ыр»,<br>«Баш тамгасын өзүң тап» |
| | А.Кыдыров | «Бул эмне өөлөр?» |
| | Т.Самудинов | «Билесиңби, сен<br>албетте, билесиң?» |
| Ыр түрүндөгү тамсилде | Тоголок Молдо | «Бөдөнөнүн түлкүнү алдаганы» |
| Майрам (календарлык) ырлар | Т.Самудинов | «Апалардын майрамы»,<br>«Нооруз» |
| | Нурмолдо | «Нооруз айтымы» |
| | К.Жунушов | «9-Май» |
| | С.Жусуев | «Жеңиш майрамы» |
| Эне тили тууралуу ырлар | Б.Сарногоев | «Эне тилин жакшы бил» |
| | Ж.Абдылдаев | «Тамга үйрөтөм досума» |

Бул **окуу китебининин өзгөчөлүктөрү жана андагы балдар ырларын окуп-үйрөнүүнүн методикалык каражаттары жана ыкмалары катары авторлор төмөнкүлөрдү сунуш кылат:**

- «адабий тексттин жанрдык табиятын, негизги мазмунун, өзөгүндө жаткан идеялык мазмунун талдап билүүчү тапшырмалардын болушу;
- текст аркылуу окуучуларга адабий-эстетикалык билим берүүгө, нравалык-этикалык жана этнопедагогикалык таалим-тарбия берүүгө багытталган суроолордун коюлушу;
- окутууну ишмердүүлүктүн негизинде уюштуруу;
- тексттин мазмунуна жараша окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсүн өстүрүү;
- «акыл чабуулу» стратегиясы аркылуу окуучуларга проблемалуу кырдаалдарды чечүүнү сунуштоо;
- тексттин каармандарын мүнөздөй алууга, аларды бири-бири менен салыштыра билүүгө, алар аркылуу адамдардагы түрдүү мүнөздөрдүн, адамдык сапаттардын болушун иликтей алууга, алардын тарбиялык таасирин талдап билүүгө багытталган суроолордун болушу;
- сынчыл ойломдун түрдүү стратегияларын колдонуп, өз алдынча ой жүгүртүүсүн уюштуруу ж.б.

**Китептин методикалык аппаратын тексттен тышкары төмөндөгүдөй компоненттер түздү:**

- тексттин сюжетине жараша иллюстрациялар камтылды;
- текстти окугандан кийин анын идеялык мазмунун, адабий-мазмундук табиятын, тарбиялык таасирин ачуу максатында суроолор түзүлдү;
- текстке жараша окуучулар аткаруучу жекече тапшырмалар коюлду;
- түшүнүүгө кыйын сөздөрдүн маанисин чечмелөөчү сөздүктөр берилди;
- сынчыл ойломдун стратегияларына ылайык түрдүү кошумча чийме, таблицалар, диаграммалар орун алды;
- белгилүү авторлордун чыгармалары фото-сүрөттөр менен коштолду» [9].

Окуу китебинде балдар акындарынын көпчүлүгү туура тандалган, алардын ичинде А.Осмонов, Т.Самудинов, А.Кыдыров, М.Жангазиев, И.Исаков сыяктуу балдар поэзиясынын таанымал өкүлдөрүнүн ырлары киргизилген.

IV класстар үчүн окуу китебинин (авторлору С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова [131]) курамында балдар ырлары чейректерге жана тематикаларга бөлүнүп берилген. Төмөндө биздин изилдөөбүзгө материал болуп берүүчү чыгармаларды, алардын авторлорун жана бөлүмдөрүн көрсөтөбүз. Төмөнкү таблицадан көрүүгө болот *(Таблица 2.4.)*.

**Таблица 2.4. – 4-класстын «Адабий окуу» китебиндеги балдар ырлары**

| **ыр** | **автор** | **бөлүм** |
|---|---|---|
| «Кыргыздын Ала-Тоосу» | Ж.Бөкөнбаев | Даңктана бер, эгемендүү, өнөргө бай мекеним! |
| «Бишкегим» | Э.Ибраев | |
| «Кыргыз туусу» | Б.Чотурова | |
| «Герб» | А.Кыдыров | |
| «Дасторкон» | Г.Казыбай кызы | |
| «Ата Журтка айтарым» | Н.Алымбеков | Ата Журтубузду тилибиз менен дилибиздин байлыгын коргойлу |
| «Сары-Челек» | А.Исаев | |
| «Кыргыз тили» | Т.Үмөталиев | |
| «Кумурскалар коому» жомогу | М.Жангазиев | |
| Калптар: «Саякат». «Чымын». «Арстан менен күрөшкөндө» | Б.Асаналиев | Күлкү бар жерде – өмүр бар |
| «Сот болгон коён!» тамсил-ыр | М.Алыбаев | |
| «Эң эле керек үч нерсе» | Т.Үмөталиев | Менин дүйнөм |

| | | |
|---|---|---|
| «Алмамбет», «Чубак», | «Манас» эпосунан үзүндүлөр | Элибиздин улуу инсандары |
| «Ойногун спорт оюнун» | Б.Сарногоев | |
| «Эр Манастын турпаты», «Акылман Бакай», «Семетейдин Таласка келиши» | «Манас» эпосунан үзүндүлөр | Бабалардан калган сөз |
| «Кожожаш мерген» | «Кожожаш» эпосунан үзүндү | |
| «Эр Төштүктүн ак жолборс менен достошкону», «Эр Төштүктүн кумурска менен достошкону» | «Эр Төштүк» эпосунан үзүндүлөр | |
| «Асан кайгы бабабыз жана анын насааты» | Элдик | |
| «Телибай тентек»<br>«Эне жүрөгү»<br>«Эрдик» | Тоголок Молдо<br>Б.Сарногоев<br>Э.Ибраев | Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга |

Бул окуу китебинде кыргыз балдар ырларын сунуштоодо элдик көркөм мурастарга («Манас», «Кожожаш», «Эр Төштүк») кайрылып жаткандыгын өзгөчө кубаттоого болот. Ал чыгармалардан чакан үзүндүлөрү адаптацияланып сунушталган, б.а., балдардын кабыл алуусуна ылайыкташтырылган.

«Эр Манастын турпаты» деген үзүндүдө орто мектептин окуучулары алгачкы жолу Манастын туруш-турпатын, эпикалык образын эпостун өзүнөн алынган мындай саптар аркылуу таанышышат.

Болжолуна караса,
Болот өткүс кара таш,
Күрсү тийсе оюлгус,

Туюк сөөк, чулу баш.
Аз кийгеним дегени,
Атан төөлүк жүгү бар,
Адам уулу тик бакпас,
Ажыдаар түгү бар.
Сакалы саадак кабындай,
Муруту сайса, өткөндөй,
Букарлыктын шабындай.
Ызгаардуу айткан сөзү бар,
Шыркыраган ширендей
Кызыл жалын көзү бар! («Манас» эпосунан) [131,104].

Мында, албетте, окуучулар үчүн түшүнүксүз «күрсү»,»туюк сөөк», «чулу баш», «атан төө», «ажыдаар», «саадак кабы», «букаралык», «шаб», «шаркыраган ширен» ж.б. сөздөр кездешет. Мындай сөздөрдүн лексикалык маанисин ачуу менен мугалим окуучуларын кийинки класстарда үйрөнүлүүчү «Манас» эпосун өздөштүрүүгө тилдик-коммуникативдик жактан компетенттүүлүгүн калыптоого салым кошот.

Ошентип, биздин диссертациялык изилдөөгө материал болуучу балдар үчүн ырлары «Адабий окуу» китептеринде жетишерлик берилген, алардын авторлорунун стили ар тараптуу, тематикасы көп багыттуу, тилдик, эстетикалык жактан талаптарга ылайык келет.

## 2.2.Илимий изилдөөнүн методдору

Биздин илимий изилдөө педагогиканын дидактика, окутуунун теориясы жана практикасы багытында жүрдү. Ошого карата изилдөөбүздүн **методдору** тандалды. Илимий изилдөөдө объект, предмет, максат жана ошолордон келип чыккан милдеттер болору белгилүү Метод бул илимий изилдөөдө максатка жетүүнүн жолу, ыкмасы, субъективдүү ой жүгүртүүдөн объективдүү реалдуулукка жетишүүнүн каражаты.

Биздин изилдөө багытыбызда методологиялык адабияттарды үйрөнүп чыгып, төмөнкүдөй методдор менен илимий чындыкка жакындоого болорун түшүндүк.

1. Анализ, синтез, жалпылоо, салыштыруу, моделдөө, долборлоо ж.б. жалпы логиканын методдору.

2. Теманын айланасындагы илимий адабияттарга анализ жана контент-анализ; педагогикалык изилдөөлөрдү синтездөө; байкоо; алдыңкы тажрыйбаларды үйрөнүү жана алардын оптималдуу иш-аракеттерин пайдалануу; педагогикалык тажрыйба (эксперимент) ж.б. жалпы илимий методдор.

3. Анкета жүргүзүү (сурамжылоо), аңгемелешүү жана интервью алуу, мугалимдердин тажрыйбалары үйрөнүү сыяктуу социологиялык методдор ж.б.

Булардын айрымдарын дагы тереңдетип чечмелеп, классификациялап карап көрөлү. Алар мурда эле окутуунун теориясы жана практикасы боюнча изилдөөлөрдө колдонулган.

**I. Теориялык методдор:**

- балдар ырларынын табияты, балдар ырларынын сцецификалык белгилери, балдар адабиятынын жанрдык-тематикалык, образдык өзгөчөлүктөрү тууралуу философиялык, эстетикалык, адабияттаануучулук багытындагы методологиялык булактарга анализ жүргүзүү;
- адабий чыгарманы, поэтикалык текстти, лириканы, балдар ырларын окутуу багытындагы педагогикалык-дидактикалык, психологиялык эмгектерди үйрөнүп аларга теориялык жактан анализ берүү;
- балдар ырларын окутуу боюнча орус, казак, өзбек тили мугалимдеринин иш тажрыйбаларын, методикалык жаңылыктарын үйрөнүү жана аларды жыйынтыктап, жалпылоо.

**II. Эмпирикалык:**

- КР Өкмөтүнүн, Жогорку Кеңештин мыйзамдарын үйрөнүү, мектептеги окуу-нормативдик материалдарга (класстык журнал, окуу планы, окуу программасы, мугалимдердин күндөлүк пландары ж.б.) анализ;

- башталгыч класстардын мугалимдеринин «Адабий окуу» боюнча өткөн сабактарына катышуу, аларды талдоо жана жалпылоо;
- окуучулардан жөнөкөй тест алуу;
- методисттер, ата-энелер, мугалимдер жана окуучулар менен аңгемелешүү;
- балдар ырларына байланыштуу өткөн класстан жана мектептен тышкаркы иштерге катышуу, аларды талдоо;
- окуучулардын оозеки жоопторун талдоо;
- башталгыч класстын окуучуларынын жазуу жумуштарын (дил баян, эссе, көнүгүү ж.б.) талдоо ж.б.

**III. Эксперименталдык методдор:**

Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметтери үчүн экспериментатор мугалимдер менен бирге педагогикалык тажрыйбаларды жүргүзүү, аны атайын максатта уюштуруу, алардын жыйынтыктарын математикалык-статистикалык усулдар менен анализдөө.

Диссертациялык эмгекте коюлган максаттарга, негизги милдеттерге байланыштуу теориялык методдор тандалды.

Изилдөөнүн ***методологиялык негиздерин үйрөнүү (илимий булактарды изилдөө методу).*** Бул биздин окутуунун теориясы жана практикасы багытындагы эмгекте теманы биринчи кезекте философиялык эмгектерди таяныч кылып үйрөндүк. Алардын ичинде инсан жана анын руханий маданиятты өзгөртүүчү күчү тууралуу Ю.П.Азаровдун, С.Ф.Анисимовдун, В.Ф.Асмустун, Т.Аскаровдун, М.М.Бахтиндин, Н.А.Бердяевдин, Д.С.Лихачевдин, А.А.Салиевдин эмгектери үйрөнүлдү. Экинчи бир эмгектердин тиби – классик педагогдордун, өзгөчө К.Д.Ушинскийдин окуу эне тили боюнча окуу китептери. Үчүнчү типтеги эмгектер – балдар психологиясы, окуучулардын кабыл алуусу жана алардын жаш өзгөчөлүктөрү тууралуу психологиялык эмгектер. Изилдөө окутуунун теориясында байланыштуу болгондуктан И.Я.Лернер, М.И.Махмутов, Г.К.Селевко, Ю.К.Бабанский,

И.Б.Бекбоев, В.П.Беспалко, В.К.Дьяченко ж.б. дидактардын теориялык ойлорун үйрөндүк.

Дагы бир эмгектердин тиби – адабият таануу багытындагы изилдөөлөр, өзгөчө балдар ырларынын табиятын көрсөткөн, балдар акындарынын чыгармачылыгын изилдөөгө алган эмгектер *(булар тууралуу диссертациянын 1-главасында кеңири токтолгонбуз).*

***Аңгемелешүү методу.*** Бул метод кеңири тараган методдордун бири болуп, илимий так аргументтерди ала албаганыбыз менен изилдөө үчүн керектүү маалыматтарды алууга болот. Окуучулар менен да, мугалимдер менен да, ата-энелер менен да, улуу муундун өкүлдөрү менен да аңгемелешүү жүргүздүк. Мисалы, орто мектепти өткөн кылымдын 60-70-жылдарында бүткөн адамдар менен алар окуган мезгилдеги кайсы ырлар, кайсы авторлор, кандай саптар эске түшкөндүгүн сурап аңгемелештик. Ошол кездеги окуучулардын эсте калган чыгармалары Тоголок Молдонун балдар үчүн жазган «Каак-каак, каргалар», «Үркөр, үркөр топ жылдыз», «Турумтай», «Торпогум» деген ырлары. Биз аңгемелешкен кишилердин жарымынан көбү бул ырлардан цитата айтышты. Андан кийин ушул эле Тоголок Молдонун «Телибай тентек», «Кемчонтой» деген чыгармалары көбүнүн эсинде калган, бул чыгармаларды адамдардын эстеп жүрүшү аларда кишилердин мүнөздөрүн юмордук-сатиралык ыкмалар менен ачып бергендигинде. Сюжеттүү-окуялуу чыгармалар окурмандардын эсинен көпкө чейин чыкпай калышын, биз аңгемелешкендер Тоголок Молдонун «Иттин доолдай тиктирем дегени», К.Акиевдин «Ач карышкыр», «Акылман ата», А.Үсөнбаевдин «Жолборс минген киши», А.Токомбаевдин «Жетим менен сыйкырчы», Ж.Бөкөнбаевдин «Чептен эрдик күчү бек», Т.Үмөталиевдин «Күч бирдикте», «Алп кара куш», А.Осмоновдун «Толубай сынчы», Р.Шүкүрбековдун «Эки бөжөк» ж.б. чыгармаларынын негизинде айтып берди.

Орто мектепте 60-70-жылдарында окугандар Улуу Ата мекендик согуш тууралуу ырларды жатка айтышканын А.Үсөнбаевдин «Панфиловду эскерип»,

О.Бөлөбалаевдин «Баатыр Чолпонбай», Т.Үмөталиевдин «Үч баатыр» деген чыгармаларын экенин билдиришти.

Көп адамдардын эсинде Аалы Токомбаевдин «Ай акылман, энеке, колуңда бар береке», «Кечиктирбе тамактан, кечикпейин сабактан», «Балдар мага күлбөсүн, шылдың кылып жүрбөсүн» деген саптары калыптыр. Андай болушунун себеби – ыргактарынын куюлуп турушу, уйкаштыктарынын жөнөкөйлүгү, темасынын ар бир балага жакындыгы.

***Окуучулардын жазуу жумуштарын анализдөө.*** Жазуу жумуштары – окуучулардын билим деңгээлин, компетенттүүлүктөрүн аныктоонун эффективдүү каражаттарынын бири болуп саналат. Башталгыч класстардын окуучуларына эссе, дил баян, баяндама жаздырдык. Алардын айрым темалары «Ыр менен кара сөздүн айырмасы эмнеде?», «Өтүлгөн ырлардагы кайсы саптар сенин эсиңде калды?», «Кыргыз акындарынын ичинен кимисин жактырдың жана эмне үчүн», «Ырдагы уйкаштык дегенди кандай түшүнөсүң, уйкаштыкка мисал келтир» дегендей темаларда жазуу жумуштары аткарылып, алар жалпы класста талкуууга алынды.

***Окуучулардын чыгармаларын талдоо.*** Ырлар үйрөнүлгөндөн кийин окуучуларга ошол ырларга окшоштуруп ыр жазуу тапшырмалары берилди. А дегенде бул тапшырманы аткаруу татаалдык жаратса, бара-бара окуучулар жөнөкөй, уйкаштыгы анчалык чебер болбогон ырларды жаза башташты.

***Анкеттөө методу.*** Бул метод изилдөөлөрдө кеңири колдонулган метод. Биз эксперименталдык жана жөн гана мектептерде жүздөгөн анкеталарды таратып, алардын жообун алдык.

Мисалы, 106 мугалимге жана 782 окуучуга «Адабий окуу» китептери боюнча мындай суроолор жазылган анкеталар таратылды *(Таблица 2.5.), (Таблица 2.6.).*

**Таблица 2.5. – Мугалимдерге «Адабий окуу» китептери боюнча таратылган анкеталар**

| Анкеталардын катары | Анкеталардын суроолору |
|---|---|
| 1-анкета | Балдар ыр окууга кызыгабы, же кара сөзгө кызыгабы? Ан себептери кайсыар? |
| 2-анкета | «Адабий окуу» китептеринен кайсы балдар ырларын алып таштоо керек деп ойлойсуз? |
| 3-анкета | Окуу китептеринде суроо-тапшырмалардын берилиши, методикалык аппараттары боюнча кандай сын пикирлериңер бар? |
| 4-анкета | Азыркы мектептердин «Адабий окуу» китептеринде балд ырларынын берилишин жакшыртуу боюнча сунуштарың |

**Таблица 2.6. – Окуучуларга балдар ырларын үйрөнүү боюнча таратылган анкеталар**

| Анкеталарды катары | Анкеталардын суроолору |
|---|---|
| 1-анкета | «Адабий окуу» китептериндеги кайсы ыр сага өзгөчө жакты, чыгарма сага эмне үчүн жакты? |
| 2-анкета | «Адабий окуу» китептериндеги балдар акындарынын ичин кимисин жогору баалап калдың, эмне үчүн? |
| 3-анкета | Кайсы ырдагы кандай сөздөрдү түшүнбөй калдың? сөздөрдүн маанисин мугалимдериңен сурадыңбы? |
| 4-анкета | Сен кайсы ырга окшотуп ыр жазгың келди? Эмне үчүн? |

Бул анкеталар айрым гана мисалдар, мындай анкеталар көп алынып, алардын жооптору эмгегибизде анализденип, анан синтезделди.

**Байкоо методу –** изилдөөдө көп колдонулуучу метод. Мугалим окуучуну ар дайым байкап жүргөндөй эле, анын балдар ырларына болгон мамилесине,

өздөштүрүүсүнө, кабыл алуусуна көз салып келет. Байкоонун да өз максаты, милдети, каражаттары болот.

**Тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, аларды иште колдонуу методун** биз өлкөнүн көптөгөн мугалимдеринин иш тажрыйбаларын үйрөнүү жана диссертацияда колдонуу менен ишке ашырдык. Ноокат районундагы «Кеңеш» орто мектебинин мугалими Нуркыз Айтмамат кызынын, Таш-Көмүр шаарындагы №4 Токтогул орто мектебинин мугалими Жылдыз Анакееванын, Токтогул районундагы №32 Бекназар орто мектебинин мугалими Жазгүл Турус кызынын ж.б. мугалимдердин иш тажрыйбаларын үйрөнүп, жыйынтыктадык.

**Ыр жаздыруу методу.** Окуучуларга ыр формасынын өзгөчөлүктөрүн, андай чыгармалардын кара сөз (проза) жана драма тегиндеги чыгармалардан бөтөнчүлүктөрүн түшүндүрүү үчүн ыр жазууну практикалоонун мааниси чоң. Бул методдо балдар ырдагы уйкаштык (рифма), ыргак (ритм), куплет, муун саны, муунак сыяктуу адабий-теориялык түшүнүктөргө ээ болот, сүйлөмдөгү сөздөрүн орун тартибинин бузулушун (баяндоочтун ээден мурда келип калышы). Эгер адегенде окуучулар примитивдүү жана тавтологиялык уйкаштыктарды (аппак кар – алтын бар – жаш балдар; гүл тердик – биз келдик – жардам бердик ж.б.) колдонуп ыр жазса, бара-бара алар акындарга окшоп татаалыраак уйкаштарды колдонуп, муун сандарын сактап ырларды жазды. Мисалы:

Энем менин эң күйүмдүү адамын,
Энем менен кайда болсо барамын.
Жакшы көрүп суктанып мен турамын,
Энекемдин ар бир баскан кадамын.

**Моделдештирүү методунун** негизинде биз балдар ырларын башталгыч класстарда окутуунун кичирейтилген үлгүсүн (моделин) жана компоненттерин көрсөттүк *(Таблица 2.17.).*


.

**Таблица 2.7. – Башталгыч класстарда балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун компоненттери**

| | |
|---|---|
| **максат** | II-IV класстардын «Адабий окуу» предметиндеги окутулуучу балд ырларынын мазмунун, максатын аныктоо, аларды үйрөтүүн методикасын илимий-теориялык багытта иштеп чыгуу жана алард оптималдууулугун педагогикалык тажрыйбаларда текшерүү. |
| **милдет** | II-IV класстардын «Адабий окуу» предметиндеги окутулуучу балд ырларын окутуунун тарыхын, өзгөчөлүктөрүн аныктоо.<br>Балдар ырларын үйрөтүү багытындагы педагогикалы психологиялык, адабият таануу боюнча эмгектерди талдоо, б теманын изилдениш тарыхына обзор берүү.<br>Балдар ырларын II-IV класстардын «Адабий окуу» предметин компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун майнаптуу ыкмаларын жа жолдорун аныктоо, аларды үйрөтүүнүн заманбап технологиялар иштеп чыгуу жана аларды практикага сунуштоо. Иштелип чыкк теориялык сунуштарды педагогикалык эксперимент жолу мен сынактан өткөрүү. |
| **каражаты** | II-IV класстардын «Адабий окуу» китептериндеги балдар ырлары |
| **формалар** | «Адабий окуу» сабагы |
| **методдор** | кыраат окуу, талкуу, жаттоо, ролдоштуруу, оюндар, талаш-тартышт аңгеме жүргүзүү, сөздүк жумуштары, анкеттөө ж.б.д.у.с. |
| **натыйжа** | 1. Окуучулардын ырды түшүнүү, талдоо деңгээлинин жогорулаш<br>2. Окуучулар ырларды оозеки жана жазуу кебинде орду мен жана кеңири пайдаланышы.<br>3. Ыр менен кара сөздү айырмалай алууга жетиш компетенттүүлүгү.<br>4. Уйкаштырып жана көркөм сүйлөө маданиятынын жогорулашы<br>5. Ыр жазууга үйрөнүүлөрү. |

| | |
|---|---|
| **жыйын-тыгын текшерүүнүн чен-өлчөмү** | 1. Окуучулардын оозеки жоопторун жана жазма иштерин талд компетенттүүлүгү.<br>2. Окуучулардын ыр менен кара сөздү айырмалай алуусу жетишүү.<br>3. Окуучулардын көз карашындагы «ыр», «поэзия», «лирика ж түшүнүктөрүн анализдөө компетенттүүлүгү.<br>4. Акындар жөнүндө маалыматтарды ала билүүлөрү.<br>5. Окуучулардын ырлардын темасын, идеясын туура чечмел билүүсүн байкоо.<br>6. Тапшырмалар менен окуучулардын балдар ырларын өздөштүр боюнча билимин текшерүү мүмкүнчүлүгү |

Жогорудагы компоненттердин негизинде башталгыч класстарда балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун модели түзүлдү.




**Сүрөт 2.2.2. – Башталгыч класстарда балдар ырларын окутуунун модели**

Жогорудагы белгиленген теориялык методдордон башка да диссертацияны жазууда анализ жана синтез, интеграциялоо, индукция жана дедукция, жалпылоо жана системалаштыруу, типологиялык байланыш түзүү, ж.б. теориялык методдор колдонулду.

Теориялык методдор менен бирге эле изилдөөбүздүн көпчүлүк бөлүгүндө илимий ойлордун анықтыгына жетишүүдө эксперименталдык методду да колдондук.

## 2.3. Педагогикалык эксперименттин уюштурулушу, жүрүшү жана анын жыйынтыктары

«Адабий окуу» предметинде балдар ырларын окутуунун методикасы боюнча изилдөөбүздүн максатына жана милдеттерине, логикалык ырааттуулугуна ылайык аныкталган моделди жана жалпы сунуштарды педагогикалык процессте экспериментте текшерүү аркылуу чындыкка жетүү зарыл болду. Демек, биздин педагогикалык эксперименттин максаты илимий жактан негизделген моделдин эффективдүүлүгүн мектептерде сыноо жана сынактан өткөн вариаттарды практикага сунуштоо болуп эсептелет. Бул багытта биз педагогикалык эксперименттерди уюштуруу жана өткөрүү боюнча дидакттардын (Н.К.Дюшеева, Н.И.Загузов, В.В.Краевский, Н.В.Кузьмина, А.М.Новиков, Э.Мамбетакунов, Т.Сиёев, А.И.Пискунов, В.М.Полонский ж.б.) эмгектерин жетекчиликке алдык.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Ош областынын Араван районунун №2 Аман Эгенов, №10 Токтогул, Кара-Суу районунун №49 Эрнест Тельман атындагы орто мектептери, №87 Сыдык Алайчы уулу атындагы инновациялык гимназия билим берүү комплекси, Ош шаарынын Навои атындагы №18 гимназия мектеби, Баткен областынын Баткен районундагы Ж.Байжигитов атындагы орто мектептер алынды. Бул билим берүү уюмдарынын эксперименталдык база катары тандалышынын критерийлери (чен-өлчөмдөрү):

- башталгыч класстарда мугалимдердин билим деңгээлинин жана компетенттүүлүктөрүнүн жогорулугу;
- мектептердин биз менен иштешүүгө ыңгайлуу жайда болушу;
- окуучулардын санынын (параллелдүү класстарынын) жетиштүүлүгү;

- билим берүү уюмдарынын заманбап технологиялар менен жабдылышы (мектептик басмакана; көбөйтүүчү аппараттар; интернет; интерактивдүү доска ж.б.)

Мындай шарттар жана жагдайлар биздин ишибиздин үзгүлтүксүз жүргүзүлүшүнө жардам берди.

**Таблица 2.8. – Педагогикалык эксперименттин этаптары, максаттары, милдеттери жана методдору**

| I этап (2015-2016-жж.) | | |
|---|---|---|
| **максаттары** | **милдеттери** | **методдору** |
| **аныктоочу этап** | II-IV класстардын «Адабий окуу» предметин компетенттүүлүккө негиздеп окутулуш абалын аныктоо; II-IV класстардын «Адабий окуу» китептеринде балдар ырларынын компетенттүүлүккө негиздеп сунушталышын анализдөө; балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча алдыңкы тажрыйбаларды иликтөө; окуучулардын балдар ырларын өздөштүрүүсүнүн абалын деңгээлдер боюнча аныктоо; балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун кемчилдиктеринин себебин билүү; иштин эксперименталдык негизин даярдоо; | мектеп документтерине анализ; мыйзамдарды, окуу пландарын, окуу программаларын, окуу китептерин анализдөө; сурамжылоо; тест алуу; аңгемелешүү; байкоо; рейтинг; долбоорлоо; типологиялык байланыш түзүү; салыштыруу; |

| | | |
|---|---|---|
| | эксперименталдык базаларды аныктоо;<br>эксперименталдык иштин максатын жана милдеттерин тактоо;<br>балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун деңгээлин баалоо, чен-өлчөмдөрүн жана көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуу;<br>балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун эксперименталдык моделин иштеп чыгуу;<br>балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун педагогикалык-психологиялык шарттарын аныктоо;<br>балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун деңгээлин аныктоонун диагностикалык методдорун аныктоо жана сынактан өткөрүү;<br>эксперименттин жыйынтыгын сандык жана сапаттык жактан баалоонун жолун табуу. | жазуу иштери (дил баян, эссе, макала ж.б.);<br>өзүн-өзү баалоо;<br>математикалык жана статистикалык эсептөөлөр ж.б. |
| | **II этап (2017-2018-жж.)** | |
| **максаттары** | **милдеттери** | **методдору** |
| **Калыптан дыруучу (формирую щего)** | балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча иштелип чыккан моделдин оптималдуулугун текшерүү;<br>балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун заманбап | анализ;<br>синтез;<br>долбоорлоо;<br>жазуу иштери (дил баян, эссе, макала ж.б.); |

| | | |
|---|---|---|
| **эксперимент** | жолдорун, ыкмаларын, каражаттарын иштеп чыгуу;<br>иштелип чыккан жыйынтыктарды илимий жактан негиздөө;<br>калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгы менен алынган деңгээлдерди аныктоо жана аларды илимий жактан мүнөздөө;<br>окуучуларды контролдук жана эксперименталдык топторго бөлүштүрүү жана ошол бөлүштүрүүнүн критерийлерин, себептерин көрсөтүү. | ыраатка салуу;<br>жекелештирүү;<br>жалпылаштыруу;<br>салыштыруу;<br>инструкция-лоо;<br>түзөтүү;<br>калыптанды-руучу эксперимент;<br>тестирлөө;<br>математикалык-статистикалык эсептөө;<br>моделдештирүү ж.б. |
| **III этап (2019-2020-жж.)** | | |
| **максаттары** | **милдеттери** | **методдору** |
| **Текшерүүчү этап (эксперимен талдык материал дарды жалпылоо жана жыйынтык тоо)** | эксперименттин соңку жыйынтыктарын талдоо;<br>башталгыч класстын «Адабий окуу» предметин окуткан мугалимдер үчүн балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча илимий-методикалык сунуштарды иштеп чыгуу;<br>балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун моделинин натыйжалуулугун;<br>изилдөөнүн негизги илимий жыйынтыктарын диссертация | анализ жана синтез;<br>жалпылоо жана системалаштыруу;<br>салыштыруу;<br>анкета;<br>тестирлөө;<br>рейтинг;<br>жазуу иштери (дил баян, эссе, макала ж.б.);<br>өзүн-өзү баалоо;<br>математикалык |

| | | |
|---|---|---|
| | формасына келтирип, коргоого даярдоо. | жана статистикалык эсептөөлөр ж.б. |

**Таблица 2.9. II-IV класстарды «Адабий окуу» предметинде балдар ырларын окутуунун абалын аныктоочу экспериментке катышкан мектептердин жана окуучулардын саны (мында класстар текшерүү жана эксперименталдык болуп бөлүнө элек).**

| № | мектептердин аталыштары | класстардын аталыштары (окуучулардын саны) | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **II класс** | **III класс** | **IV класс** | **Бардыгы** |
| **1** | **А.Эгенов ат.о.м.** | 46 | 48 | 36 | 130 |
| **2** | **Токтогул ат.о.м.** | 48 | 50 | 52 | 150 |
| **3** | **Э.Тельман ат.о.м.** | 44 | 34 | 38 | 116 |
| **4** | **С.Алайчы ат.о.м.** | 42 | 36 | 38 | 116 |
| **5** | **А.Навои ат.о.м.** | 46 | 44 | 54 | 144 |
| **6** | **Ж.Байжигитов ат.о.м.** | 40 | 42 | 44 | 126 |
| | **Бардыгы – 6 мектеп** | 266 | 254 | 262 | 782 |

Жогорудагы таблицадагы сандар 2015-2016- окуу жылдарында алынган. Мында негизинен сурамжылоо методу менен балдар ырларын башталгыч класстарда окутуунун абалы анализденди. Ал мезгилде окуучулар али контролдук жана эксперименталдык топторго бөлүнө элек мезгил эле.

Алты мектептин 782 окуучусу менен жүргүзүлгөн сурамжылоо төмөндөгү милдеттерди аныктоо максатын көздөдү.

- окуучулардын окуган ырларынын идеясын, темасын айтып бериши;
- окуучулардын өтүлгөн ырларды жатка билиши;
- окуучулардын ырларды талдай алышы;

- окуучулардын окулган ырлардан үйрөнгөн сөздүк корун оозеки жана жазуу кебинде пайдалана алуу компетенттүүлүгү;
- окуучулардын ыр менен кара сөздү айырмалай алуу компетенттүүлүгү.

Ушул эле максатта абалды аныктоо үчүн башталгыч класстардын мугалимдери менен да иш жүргүздүк *(Таблица 2.10.)*.

**Таблица 2.10. – II-IV класстарды «Адабий окуу» предметинде балдар ырларын окутуунун абалын аныктоочу экспериментке катышкан мугалимдердин саны.**

| № | мектептердин аталыштары | мугалимдердин саны |
|---|---|---|
| 1 | **А.Эгенов ат.о.м.** | 16 |
| 2 | **Токтогул ат.о.м.** | 14 |
| 3 | **Э.Тельман ат.о.м.** | 14 |
| 4 | **С.Алайчы ат.о.м.** | 20 |
| 5 | **А.Навои ат.о.м.** | 18 |
| 6 | **Ж.Байжигитов ат.о.м.** | 11 |
| | **Бардыгы: 6 мектеп** | 93 |

Башталгыч класстардын 93 мугалими менен жүргүзүлгөн иштерде (анкета, аңгемелешүү, тест ) төмөнкүдөй проблемалар аныкталды:

- «Адабий окуу» китептеринде балдар ырларынын берилиши боюнча сын пикирлери, сунуштары;
- балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутууга кедерги болуп жаткан көрүнүштөр;
- мугалимдердин «балдар ырлары», «компетенттүүлүккө негиздеп окутуу» деген түшүнүктөрдү чечмелөөсү;
- окууга сунуш кылган балдар ырларынын тексттерин мугалимдердин өздөштүрүүсү;

- балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу үчүн мугалимдердин өздөрүнүн компетенттүүлүктөрү.

Бул аныктоочу эксперименталдык тажрыйба иштери жалпы абалды тактап билүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Ал мындай көрүндү *(Таблица 2.11.).*

**Таблица 2.11. – Мугалимдердин пикири боюнча (93 мугалим) балдар ырларын туура түшүнүү жана талдоо үчүн аларга зарыл болгон негизги компетенттүүлүктөр (% менен)**

| № | компетенттүүлүктөр | мугалимдердин пайызы |
|---|---|---|
| **1** | Балдардын курак өзгөчөлүктөрүн жакшы билүүсү | 26 |
| **2** | Балдардын психологиясын жакшы билүүсү | 20 |
| **3** | Көркөм адабияттарды көп окуусу | 14 |
| **4** | Ырларды жаттоо | 12 |
| **5** | Мугалим менен байланышуу | 10 |
| **6** | Ата-энелеринен жардам суроо | 8 |
| **7** | Окуу китебине таянуу | 6 |
| **8** | Дагы башка факторлор | 4 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, мугалимдердин 26% балдар ырларын туура түшүнүү жана талдоо үчүн эң биринчи фактор балдардын курак өзгөчөлүктөрүн жакшы билүүсү дейт. Демек, ырларды окутууда мугалим класста кайсы курактагы балдар отурганын толук билүүсү керек. Экинчи 20% мугалимдер эң зарыл нерсе деп мугалимдин балдардын психологиясын билиши деп эсептейт. Ооба, ар бир балага жөндөмүнө, кызыгууларына карата окуу тапшырмаларын жана материалдарды берүү − өзгөчө башталгыч мектепте чоң мааниге ээ. 14% мугалим балдар ырларын талапка ылайык өздөштүрүүнүн башкы шарты көркөм адабияттарды көп окуусу деп эсептейт. Андан ары

ырларды жаттоо – 12%, мугалим менен байланышта окуу иштерин жүргүзүү – 10%, ата-энелердин жардамын суроо 8%, окуу китебине таянуу 6%, дагы башка факторлор (телевидениенин жардамы, достордун жардамы) 4%.

Мына ушул көрсөткүчтөр «Адабий окуу» предметинде мугалим балдар ырларын окутууну кайсы багыттарга буруу керектигин аныктайт.

Алар:

- мугалимдин балдардын курак жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн терең үйрөнүүсү;
- азыркы окуучуларды көркөм адабиятты көп окутууга көнүктүрүү;
- балдар ырларын жаттатуу;
- окуучунун мугалим менен болгон чыгармачылык байланышын чыңдоо;
- балдардын окуу иш билгилигине ата-энелерди катыштыруу.

Окуучулардын балдар ырларын канчалык даражада өздөштүргөндүгүн аныктоо үчүн 4-чейректин соңунда мектептердин бардык эле топторунда изилдөө жүргүздүк. Анын жыйынтыгы төмөнкү таблицада көрсөтүлдү*(Таблица 2.12.).*

**Таблица 2.12. – Окуучулардын өтүлгөн ырлардын текстин, анын идея-темасын биле тургандыктары (% менен)**

| мектептер | жогорку деңгээл | орто деңгээл | төмөнкү деңгээл |
|---|---|---|---|
| **А.Эгенов ат.о.м.** | 20 | 42 | 38 |
| **Токтогул ат.о.м.** | 24 | 45 | 31 |
| **Э.Тельман ат.о.м.** | 23 | 46 | 31 |
| **С.Алайчы ат.о.м.** | 28 | 47 | 25 |
| **А.Навои ат.о.м.** | 19 | 43 | 38 |
| **Ж.Байжигитов ат.о.м.** | 21 | 42 | 34 |
| **Орточо** | **22,5** | **44,1** | **32,8** |

Бул жыйынтыкты алуу үчүн жогорудагы алты мектептин II, III, IV класстарынын окуучуларына жыл аягында төмөнкүдөй иштерди жүргүздүк.

1. Жыл ичинде окулган бардык ырлардын аталыштарын жазып чыгуу
2. Жыл ичинде окулган бардык ырлардын авторлорун жазып чыгуу
3. Канча ырды (окулгандардын ичинен) жатка биле тургандыгын аныктоо
4. Айрым ырларды тандап алып, алардын мазмунуну эмне жөнүндө экендигин (темасын, идеясын суроо) айттыруу
5. Экиден сап жазып, ал саптар кайсы ырдан экендигин суроо
6. Балдар ырларынан эсте калган макал-ылакап саптарды жазып берүү.

Мына ушул суроо-тапшырмалар, анкеталардан, жазуу иштеринен кийин окуучулардын компетенттүүлүктөрүн бааладык. 7-10 балл – жогорку деңгээл, 3-6 балл – орто деңгээл, 3 баллга чейинкилер − төмөнкү деңгээл.

Жогорудагы таблицадан көрүнүп тургандай, жалпы алты мектепти кошуп алганда, жогорку деңгээл – 22,5%, орто деңгээл – 44,1% болду да, төмөнкү деңгээлдегилер, б.а., 3 баллга чейинкилер 32, 8% түздү. Демек, балдар ырларын окутуу боюнча проблемалар көп экендиги айкындалды.

Андан ары биз окуучулар балдар ырларынын кайсы багыттарын кандайча өздөштүрө (же өздөштүрбөй) тургандагын изилдедик. Анын жыйынтыгын билүү үчүн жогорудагы таблицада көрсөтүлгөн окуучулардын 3-5 балл алгандары менен суроо-жооп, жазуу иштерин жүргүздүк, анын жыйынтыгы төмөнкү таблицада чагылдырылды *(Таблица 2.13.)*.

**Таблица 2.13. – Окуучулардын балдар ырларын өздөштүрүүдөгү кыйынчылыктары (төмөнкү деңгээл % менен)**

| **мектеп** | **сөз байлыктары** | **автордук ой** | **каармандар** | **темасы** |
|---|---|---|---|---|
| **А.Эгенов ат.о.м.** | 28 | 28 | 17 | 27 |
| **Токтогул ат.о.м.** | 21 | 34 | 14 | 31 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| **Э.Тельман ат.о.м.** | 24 | 28 | 19 | 29 |
| **С.Алайчы ат.о.м.** | 24 | 32 | 20 | 24 |
| **А.Навои ат.о.м.** | 22 | 36 | 23 | 19 |
| **Ж.Байжигитов ат.о.м.** | 26 | 32 | 21 | 21 |
| **Орточо** | **24,1** | **31,6** | **19,0** | **25,1** |

Мындан көрүнгөндөй, жалпы өздөштүрүүсү төмөнкү деңгээлдеги окуучулардын 24,1% балдар ырларындагы автор колдонгон сөз байлыктарын: фразеологиялык түрмөктөрдүн, идеомалардын, макал-лакаптардын, антонимдердин, синонимдердин ж.б. түшүнүктөрдүн маанисин билбейт. 31,6% окуучулар ошол сунуш кылган ырлардагы негизги автордук ойду, б.а., идеяны чечмелеп бере алган эмес. 19% окуучулар ырлардагы лирикалык каарманды, же сюжеттик чыгармалардагы катышкан каармандарды мүнөздөп бере албаган. 25,1% пайыз окуучулар (төмөнкү деңгээл алган гана окуучуларды сынакка катыштырдык) ырдын эмне жөнүндө экендигин, б.а., темасын туура аныктап бере алышкан жок.

Мына ушундай аныктоочу тажрыйбалардан кийин биз жогорудагы мектептердин окуучуларын текшерүү (байкоо) жана эксперименталдык (тажрыйба) класстарына бөлдүк *(Таблица 2.14.).*

**Таблица 2.14. – II-IV класстарды «Адабий окуу» предметинде балдар ырларын окутуунун абалы боюнча окуучуларды текшерүү (ТТ) жана эксперименттик топторго (ЭТ) бөлүнүшү.**

| № | мектептердин аталыштары | топтор | класстардын аталыштары (окуучулардын саны) | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | II класс | III класс | IV класс | Бардыгы |
| **1** | **А.Эгенов ат.о.м.** | **тт** | 23 | 24 | 18 | 65 |
| | | **эт** | 23 | 24 | 18 | 65 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **2** | **Токтогул ат.о.м.** | **тт** | 24 | 25 | 26 | 75 |
| | | **эт** | 24 | 25 | 26 | 75 |
| **3** | **Э.Тельман ат.о.м.** | **тт** | 22 | 17 | 19 | 58 |
| | | **эт** | 22 | 17 | 19 | 58 |
| **4** | **С.Алайчы ат.о.м.** | **тт** | 22 | 18 | 19 | 58 |
| | | **эт** | 22 | 18 | 19 | 58 |
| **5** | **А.Навои ат.о.м.** | **тт** | 23 | 22 | 27 | 72 |
| | | **эт** | 23 | 22 | 27 | 72 |
| **6** | **Ж.Байжигитов** | **тт** | 20 | 21 | 22 | 126 |
| | **ат.о.м.** | **эт** | 20 | 21 | 22 | 63 |
| | **Бардыгы –** | **тт** | 133 | 127 | 131 | 391 |
| | **6 мектеп** | **эт** | 133 | 127 | 131 | 391 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, параллель класстарды (мисалы, «А» класс, «Б» класс, же «В» класс) бирдей окуучуларды барларын тандадык.

Ошентип, текшерүү тобундагы (ТТ) жана экспериментик топтогу (ЭТ) окуучулардын саны бирдей 391ден болду да эксперменттик иштердин жүрүшү башталды.

Педагогикалык эксперименттин экинчи этабы калыптандыруучу (формирующего) эксперимент деп аталды. Бул мезгилде башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинен балдар ырларын окутуу боюнча жалпы абал белгилүү болуп, проблемалар аныкталгандан кийин, алты мектептеги экспериментaлдык (тажрыйбалык) топторго өзүбүз эксперменттатор мугалимдер менен бирге иштеп чыккан методикалык ыкмаларды, жолдорду жана каражаттарды сунуш кылдык.

Алар:

- окутуунун жаңы интерактивдүү технологияларын сунуштоо;
- ырдын тексттин кайра-кайра окуунун ар кандай формаларын өркүндөтүү;
- сөздүк жумуштарын көп жүргүзүү;

- окуучулардын чыгармачылык активдүүлүгүнө кеңири мүмкүнчүлүк берүү;
- экспериментатор мугалимдерге адабияттын теориясы жана эстетика боюнча эмгектерди көбүрөөк сунуш кылуу;
- акындар менен жолугушууларды өткөрүү;
- балдарга балдар үчүн ыр жазуу тапшырмаларын берүү;
- окуу программасына, окуу китептерине кээ бир өзгөртүүлөрдү киргизүү;
- кошумча материалдарды көбөйтүү;
- кээ бир класстарга өзүбүздүн сабак өтүүбүз;
- заманбап технологияларды (слайд, анимация, мультимедия, роликтер, интерактивдүү оюндар) кеңири колдонууу.

Изилдөөнүн экинчи этабында калыптандыруучу экспериментте мындай милдеттер коюлду:

- текшерүүчү жана эксперименталдык топтордун билим деңгээлин аныктоо жана алардын ийгилик-кемчилдиктеринин себебин билүү;
- балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун моделин ишке киргизүү;
- калыптандыруучу эксперименттин жыйынтыгы боюнча деңгээлдерди аныктоо жана аларды мүнөздөө. Буларды жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүдөй чыгармачылык жана уюштуруу иштерин аткардык:
- балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун максатын, компоненттерин, чен-өлчөмдөрүнүн көрсөткүчтөрүн тактадык;
- балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу максаттуу, үзгүлтүксүз, ырааттуу уюштурулган педагогикалык процесс экендигин белгиледик;
- балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуу мугалим → окуу китеби → сабак → окуучу биримдиги аркылуу ишке ашуучу чыгармачылык ишмердүүлүк экендигине ынандык.

Көздөгөн милдеттерге, максатка жетүү үчүн балдар ырларын төмөнкүдөй методдор менен окутуу эффективдүү экенин көрсөттүк.

*Текстти кыраат окуу.* Кыраат окуунун формалары, типтери, аткаруучулары көп, мисалы, мугалим окуйт, бир окуучу окуйт, ар бир окуучу окуйт, жогорку класстын окуучусу окуйт, артисттер окуйт. Мисалы, Турар Кожомбердиевдин ырлары окутуу процессинде биринчи окуучулар менен автордун өз ырларын өзү окуганы менен тааныштырдык (https://www.youtube.com/watch?v=5v7k8Gv4pgY), экинчи учурда кыраат окуучу акындын ырларын сүрөт коштолгон слайд менен окуду («Менин күчүгүм Акжолтой» (https://www.youtube.com/watch?v=FS_SY49fUFo), үчүнчү учурда акындын ырларын КР эмгек сиңирген артисти Р.Курбанов окуду (https://www.youtube.com/watch?v=EExSVODbGTc).

Текстти окуунун бул үч түрүнөн кийин класста мугалим өзү кыраат окуду, андан кийин ар бир окуучу өз алдынча кыраат окушту.

Кыраат окуу окуучулардын көңүл буруусун бир жерге топтойт, тексттеги жаңы сөздөр дароо байкалат, акындын эмоционалдык сезимдери түшүнүктүү болуп, ырдын жалпы темасы, максаты аныкталат.

IV класстын «Адабий окуу» китебинде Н.Алымбековдун «Ата Журтка айтарым» деген ыры берилет. Ырдын толук текстти мындай:

Алыстасам өзүңдөн, кеселдеймин,
Аккан суудан бошогон өзөндөймүн,
Ыракатын көрсөм да бөтөн жердин,
Ырым менен алдыңа төшөлөмүн.

Узак жүрсөм өзүңдөн калалбаймын,
Ууз сүтүн эңсеген баланЦаймын.
Башатыңа окшоймун эрке-тентек,
Башка суудай созулуп агалбаймын.

Бабам сенсиң, Ата Журт, урпагыңмын,

Баркын ойлойм бир кочуш турпагыңдын.

Купулуңа толомбу, аны билбейм,

Кулу болуп өтпөйүн курсагымдын [131,36].

Эми ушул ырды окуучуларга кантип жеткирүү керек? Албетте, эң биринчи кезекте кыраат окуу менен. Кыраат окуунун устаты – мугалимдин өзү болушу керек. Методист-окумуштуулар, М.Рыбникова, Е.Ильин, чыгаан мугалимдер Б.Исаков, А.Сманбаев, Б.Батыркулов, Б.Камчыбеков ж.б. баары кыраат окуунун чеберлери болгон. Жогорудагы ырдагы идеяны, образдуулукту берүү үчүн биз эксперименталдык мектептерге эң мыкты кыраат окуучуларды театрлардан чакырдык, экинчи учурда таасирдүү жана элестүү кылуу үчүн өзүбүз өкыраат окудук, үчүнчү учурда балдар окушту да, интерактивдүү доска аркылуу Ата-Журттун кооз жаратылышы – Ысык-Көл, Соң-Көл, Сары-Челек, токойлору – Арсланбап, капчыгайлары, жайлоолору, жылкылары, аркар-текелери көрсөтүлүп, комуз күүсү коштолуп, аягында Т.Байзаковдун сөзүнө чыгарылган А.Жайнаковдун «Кыргыз жери» деген ыры С.Садыкованын аткаруусунда уктурулду.

*Текстти талдоо же балдар ырларын интерпретациялоо жумуштары.* «Текст...төмөндөкүдөй негизги белгилерди камтыйт:

- текст – белгилүү бир темада сүйлөшүү, пикир алышуу;
- текстте сүйлөөчү адамдын негизги оюнун ишке ашырылышы;
- ар кандай көлөмдөгү тексттин бүткөн ойду билдириши;
- текстке теманы же айтылган негизги ойду билдирүүчү ат тандап алуу;
- тексттин демейде туура башталып, туура бүтүшү» [165,157].

Тексттин негизги бөтөнчөлүктөрү – ушулар. Башталгыч класстарда кара сөз түрүндөгү жана ыр түрүндөгү тексттер окутулат. Ыр түрүндөгү тексттерди талдоодо биз сунуш кылган усулдар:

- ыр текстинин темасын (аталышынан) башка тема менен атоо;
- текстте автор айткысы келген ойду (ойлорду) атап берүү;
- текст эмне тууралуу экендигин түшүндүрүү;

- мугалим чачып таштаган куплеттерди, саптарды бириктирип жыйнап берүү;
- тексттин ичиндеги жаңы (тааныш эмес) сөздөрдү табуу алардын маанилерин сөздүктөр аркылуу, мугалимдин жардамы менен чечмелөө;
- тексттеги антоним, омоним, синоним сөздөр менен иштөө;
- тексттеги образдуу сөз айкаштарын, сөздөрдү табуу, алардын тексттеги ордун белгилөө.
- «Текст, эгер ал татыктуу автор тарабынан жаратылган болсо жана тажрыйбалуу интерпретатордун жүрөгүнөн өтсө, анда мектепте адабий билим алган баладан түшүнүүчү, ойлонуучу, жаратуучу инсанды калыптандырууга көмөк берет. Окуучулар орто мектепте миңдеген тексттерди окуганы менен ошол тексттеги купуя маанилерге, сөз сырларына операция жасап, «колу менен кармап көрүп», дил туюмунан өткөрбөсө, анда ошол миңдеген тексттер бекер тандалган, ага кеткен убакыт текке кеткен болот. Мугалимдин текстти интерпретациялоосунан кийин окуучу ошол чыгарманын калган бөлүгүн, же ошол автордун башка чыгармасын китепканадан, же досторунан, болбосо башка бирөөдөн таап окуп, окуганын түшүнүп, түшүнгөнүн баалап, башкалар менен ошол чыгарманын негизинде сүйлөшө билүүгө, керек болсо талашка чыгууга жетишүүсү керек. Ушундай өз алдынча тексттин сырын ача билүү көндүмдөрүнө жетишүү гана окуучу менен автордун диалогун ишке ашырат. Өзгөчө тексттин таасиринен башка каармандын дүйнөсүнө кирип, ошол каармандын кайгы-кубанычы менен кошо жашап, образды интерпретациялоо азыркы адабият сабактарынын башкы милдеттеринен болуп саналат» [109,113-115].

*Балдар ырларынын негизинде иллюстрацияларды тартуу.* Бул ыкмада сөзсүз түрдө эле мыкты сүрөт тартуу талап кылынбайт, негизгиси тексттеги автордук идеяны сүрөт аркылуу туюнтуу, б.а., көркөм сөз өнөрүн сүрөт өнөрүнө айлантуу процессинен көрүнөт. Мисалы, IV класста А.Исаевдин «Сыры-Челек» деген ыры окутулат. Мына ушул ырды окутуу процессинде

окуучуларга сүрөт тартуу тапшырмалары берилген. Балдар тексттин негизги оюн – Сары-Челектин кооздугун тартуу үчүн борбордук орунга – көлдү, анын четиндеги бийик карагайларда коюшкан, чыгармачылык фантазиясы бай окуучулар кийиктерди, асмандагы бүркүттү, булуттарды тарткан. Мына ушундай чыгарманынын негизинде сүрөт тартуу иш билгилиги эксперименталдык класстарда кеңири жүргүзүлдү.

*Суроо-жооп аңгемелешүү методу* окуучу менен окуучунун, окуучу менен мугалимдин айланасында жүрөт. Мисалы, III класстарда Б.Чотурованын «Жети ата» деген ыры окутулат. Ырдын текстти окутулганга чейин мугалим кайсы бала жети атасынын туура айта аларын сурап чыгат. Бири билет, бири билбейт. Окуучулар ушул заманда эскинин саркындысы болгон жети атасын санап коюу эмне үчүн керек дегендей ойдо болот. Ошондо мугалим автордун текстиндеги мындай саптарды айтат: «Жети атасын билбеген, жетесиз кул аталган», «Жети атасын билгендин, жетик болот акылы». Мугалим аңгемелешүүдө айрым белгилүү адамдардын, өзүнүн жети атасын айтып берет. Бул метод пикир алышуу катары мугалим менен окуучуну кыйла жакындатат, алардын ортосундагы психологиялык барьерлерди бузуп берет.

*Талкуу, диспут методу* балдары ырларындагы тема жана идея менен балдардын турмушта көрүп-билгендери менен салыштырууга жол ачат.

*Ыр саптарын оңдоо методунда* айрым түшүп калган саптарды табуу, бир саптын ордуна башка саптарды коюу ж.б.у.с. тапшырмалар аткарылат.

*Дил баян, эссе, изложение ж.б. жазуу иштерин аткаруу методунда* окулган ырдын негизинде же анын таасиринде жазуу жумуштарын жүргүзөт.

Булардан башка да көптөгөн методдор аркылуу (алар тууралуу диссертациянын башка бөлүмдөрүндө кененирээк айтылды) эксперименталдык класстардын окуучулары менен балдар ырларын окуп үйрөндүк.

Калыптандыруучу экспериментте анализдөө жана синтездөө, салыштыруу, системага салуу, өзүн-өзү баалоо, иреттөө, компетенттүүлүктөрдүн пайыздык катыштарын тактоо, такталган маалыматты математикалык-статистикалык жол менен иштеп чыгуу ишке ашырылса,

үчүнчү текшерүү, же жыйынтыктоочу этапта балдар ырларын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун биз түзгөн моделинин жарактуулугу далилденип, жогорудагыдай эле анализ жана синтез, типологиялык салыштыруу, баалоо, жекеликтин жалпылыкка келүү жана такталган маалыматты кайрадан дагы бир жолу математикалык-статистикалык жол менен иштеп чыгуу методдору колдонулду.

Калыптандыруучу эксперименттин алдында окуучуларга, мугалимдерге аттайын тесттик тапшырмалар жана анкеталар берилген. Алардын натыйжалары окуучулардын балдар ырларын өздөштүрүү боюнча билим деңгээлинин көрсөткүчтөрү жана компетенттүүлүктөрү аныкталды, аны 10 баллдык баалоо системасы аркылуу көрсөттүк *(Таблица 2.15. )*.

**Таблица 2.15. – Калыптандыруучу эксперименттин алдында окуучулардын балдар ырларын өздөштүрүү боюнча билим деңгээлинин көрсөткүчтөрү, компетенттүүлүктөрү жана алардын чен-өлчөмдөрү (критерийлери) (10 баллдык баалоо системасы аркылуу)**

| № | деңгээлдер | чен-өлчөмдөрү (критерийлери) |
|---|---|---|
| 1 | **жогорку (7-10 балл)** | окуучулардын окулган ырлар боюнча түшүнүктөрүнүн толук болушу; ырлардын тематикасын, идеясын билиши; айрым саптарды, куплеттерди, же ырды толук жатка айта алышы; оозеки жана сүйлөө кебинде окулган ырларды колдоно алышы ж.б. |
| 2 | **ортоңку (4-7 балл)** | окуучулардын окулган ырлар боюнча түшүнүктөрүнүн болушу; ырлардын тематикасын, идеясын негизинен билиши; айрым саптарды жатка айта алышы; оозеки жана сүйлөө кебинде окулган ырларды салыштырмалуу бир аз колдоно колдоно алышы ж.б. |
| 3 | **төмөнкү** | окуучулардын окулган ырлар боюнча түшүнүктөрүнүн |

| | | |
|---|---|---|
| | **(4 баллдан төмөн)** | жоктугу; ырлардын тематикасын, идеясын билбеши; саптарды, куплеттерди, же ырды толук жатка айта албашы; оозеки жана сүйлөө кебинде окулган ырларды колдоно албашы ж.б. |

Ошондо калыптандыруучу эксперимент учурунда окуучулардын балдары ырларын өздөштүрүү боюнча көрсөткүчү төмөнкүдөй болду *(Таблица 2.16. ).*

**Таблица 2.16. – Калыптандыруучу экспериментте окуучулардын балдары ырлары боюнча билимдеринин жана компетентүүлүктөрүнүн көрсөткүчү**

| **текшерүү тобу (ТТ)** | | | **эсперименталдык топ (ЭТ)** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| төмөнкү | ортоңку | жогорку | төмөнкү | ортоңку | жогорку |
| 33% | 51% | 16% | 34% | 49% | 17% |

Биздин методикалык сунуштар жана экспериментатор мугалимдерге көрсөткөн ыкмаларыбыз жана жолдорубуз мындай жыйынтык жаратты *(Таблица 2.17).*

**Таблица 2.17. – Текшерүүчү (жыйынтыктоочу) экспериментте окуучулардын балдар ырлары боюнча билимдеринин жана компетентүүлүктөрүнүн көрсөткүчү (% менен)**

| **текшерүү тобу (ТТ)** | | | **эксперименттик топ (ЭТ)** | | |
|---|---|---|---|---|---|
| төмөнкү | ортоңку | жогорку | төмөнкү | ортоңку | жогорку |
| 31% | 50% | 19% | 24% | 48% | 28% |

Таблицадан көрүнүп тургандай, атайын эксперимент башталганга чейин текшерүү тобу (ТТ) менен эксперименттик топ (ЭТ) (төмөнкү деңгээл – 33%

жана 34%, ортоңку деңгээл – 51% жана 49%, жогорку деңгээл – 16% жана 17%) болуп, негизинен көрсөткүч бири-бирине жакын эле болсо, эксперименттин натыйжасында анын жыйынтыгы менен көрсөткүчтөрү (төмөнкү деңгээл – 31% жана 24%, ортоңку деңгээл – 50% жана 48%, жогорку деңгээл – 19% жана 28%) болуп, биздин компетенттүүлүккө негизделген методикалык сунуштар аркылуу окутуу 10% айланасында майнаптуу экендигин көрсөттү.

Мындай аныктоонун *критерийлери (чен-өлчөмдөрү):*

- ыр окуу маданияты;
- текстти кыраат окуусу;
- чыгарманын мазмунун түшүнүүсү;
- каарманды мүнөздөй алышы;
- пейзаж, интерьер тууралуу билүүсү;
- автор колдонгон көркөм сөз каражаттарын түшүнүүсү жана талдоосу;
- чыгарманын темасы менен идеясы жөнүндөгү түшүнүктөрү;
- ырдагы юмор менен сатиранын ролун (эгер колдонулса) билиши;
- стилистикалык каражаттар (ыргак, рифма, муун өлчөмү, строфа-ыр саптары, куплет, аллитерация жана ассонанс кубулуштары ж.б.) жөнүндө түшүнүгү;
- ырдын эпика же лирика экендигин билүү;
- ырды жанрларга (жомок, табышмак, поэма ж.б.) жана тематикаларга (Ата-Журт, жаратылыш, пейзаж, достук ж.б.) ажыратуу;
- окуган ырга пикир айта билүү;
- окуган ырды башка ырлар менен салыштыруу; ырдын текстине үстүрттөн жана кеңири талдоо жасоо;
- текстти анализдей жана синтездей алуу;
- окуган чыгарма боюнча жөнөкөй жана татаал план түзүү;
- ырдын негизинде эссе, баяндама, дил баян жазуу;
- окуган ырга пикир, чакан рецензия жазуу;

- чакан ырларды жаттоо.

Окуган балдар ырларын өз турмушунда колдоно билүү компетенттүүлүгүнө жетишүү – мугалимдин иш билгилигинин негизги жыйынтыгы. Бул багытта биз балдар ырларын окуучулар кандайча пайдаланып жаткандыгын билүү үчүн алардын сүйлөшүүлөрүнө байкоо жүргүздүк, жазуу жумуштарын жана оозеки жоопторун анализдедик, коомчулук менен мамилесин талдоо аркылуу төмөнкүдөй натыйжаларга жетиштик *(Таблица 2.18).*

**Таблица 2.18. – Окуучулардын балдар ырларын турмушта колдонуу деңгээлинин көрсөткүчү (% менен)**

| Деңгээл | текшерүү тобу (ТТ) | | эксперименттик топ (ЭТ) | |
|---|---|---|---|---|
| | Эксперимент ке чейин | Эксперимент тен кийин | Эксперимен тке чейин | Эксперимент тен кийин |
| Жогору | 10,2 | 11,4 | 9,8 | 19,4 |
| Орточо | 51,2 | 55,1 | 54,6 | 55,0 |
| Төмөнкү | 38,6 | 33,5 | 35,6 | 25, 6 |

Бул таблицадан көрүнгөн нерсе – окуучулардын күндөлүк турмушунда балдары ырларынан алган идеяларды, ыр саптарын колдонуу тажрыйба тобунда (ТТ) жогорку деңгээл экспериментке чейин 10,2 пайыз болсо, ал эми эксперименттен кийин 11,4 пайыз болуп, өсүш 1,2 пайызды берсе, эксперименттик топто (ЭТ) 9,8 пайыздан 19,4 пайызга чейин өскөн. Төмөнкү деңгээлде болсо эксперименттик топто (ЭТ) мунун тескерисинче экспериментке чейинки 35,6 пайыз, эксперименттен кийин 25,6 пайызга түшкөн. Демек, бул жагынан да биздин жүргүзгөн эксперименттер, сунуш кылган методикалык ыкмаларыбыз, каражаттарыбыз жана жолдорубуз эффективдүү экендигин тастыктады.

## Экинчи бап боюнча корутунду

**«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасы боюнча илимий изилдөөнүн материалдары жана методдору»** деп аталган экинчи баптын *«Илимий изилдөөнүн материалдары»* деп аталган биринчи параграфында изилдөөнүн материалы катары Билим берүү мыйзамы, Билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык түзүлгөн окуу программалары менен II-IV класстардын «Адабий окуу» китептеринде сунушталган балдар ырларынын тематикасы, бөлүмдөрү, автордук курамы, идея-темалары, алардын артыкчылык менен кемчиликтерине токтолуп, талдоодон өткөрдүк. Азыркы учурдун өзгөчөлүктөрү, дүйнөлүк цивилизациянын адамдын аң-сезимине, жүрүш-турушуна тийигизген таасирине токтолдук жана мына ушул процесстеги көркөм адабияттын, анын ичинде балдар ырларынын маанисин ачып бердик.

II-IV класстын окуучуларына окуу ишмердүүлүгүн калыптоо, адептик, эмоционалдык сезимдерин, эстетикалык табитин калыптоодо, адамды жана дүйнөнү, айлана-чөйрөсүн таанып-билүүдө балдар ырлары улуттук фольклордон, акындар чыгармачылыгынан, кыргыз совет адабиятынан жана эгемендүүлүк мезгилиндеги балдар адабиятынан алынган. Бул материалдар КР билим жана илим министрлиги бекиткен окуу планынан ылайык ар бир класста жумалык төрт саатка, жылдык 136 саатка, жалпы үч класста 408 саатка ажыратылган, бул сааттардын 150 сааттан ашыгы балдар ырларына бөлүнгөн. Ар бир класста экиден окуу китеби колдонууга жарактуу деп эсептелген:

- II класстар: А.Токтомаметов ж.б. «Адабий окуу» жана Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу».
- III класстар: А.Токтомаметов ж.б. «Адабий Балдардын руханий-адептик жактан тарбияланышында, эстетикалык табитинин калыптанышында С.Рысбаев, К.Ибраимова «Адабий окуу».

- IV класстар: А.Токтомаметов «Адабий окуу» жана С.Рысбаев, К.Ибраимова, Б.Абдухамидова «Адабий окуу».

Демек, биздин изилдөөбүздүн материалдары мына ушул алты окуу китебине киргизилген жана мектепте үйрөнүлүп жаткан балдарга ылайыкталган, балдар темасындагы ырлар болуп эсептелет.

Диссертацияда ар бир класста кайсыл автордун кандай ырлары сунушталгандагы, аларды жалпы тематикасы жана ирети көрсөтүлдү.

II-IV класстарда окутулган «Адабий окуу» предметиндеги атайын балдар үчүн жазылган же оозеки чыгарылган ырлардын мааниси өзгөчө жогору.

Ырлар – окуучулардын сезимине, эмоционалдык аракетине таасир этип, алардын дилин тазартуучу касиетке ээ.

2-параграф *«Изилдөөнүн методдору»* деп аталып, анда «компетенттүүлүк» деген түшүнүк ар түрдүү илимдердин объектилерине таянылуу менен чечмеленип, анын негизги белгилери көрсөтүлөт. Изилдөө ишибизде колдонгон теориялык методдордун колдонулуш максаты, мааниси жана технологиялары пайдаланылат. Диссертациянын негизги жоболорун иштеп чыгып, сунуштарды киргизүү үчүн изилдөөнүн методологиялык негиздерин үйрөнүү (илимий булактарды изилдөө методу), аңгемелешүү методу, окуучулардын жазуу жумуштарын анализдөө, окуучулардын чыгармаларын талдоо, анкеттөө, байкоо, тажрыйбаларды талдоо жана жыйынтыктоо, моделдештирүү методунун колдондук. Аларды кандай учурда колдонгондугубуз ушул бөлүмдө чагылдырылды.

*«Педагогикалык эксперименттин уюштурулушу, жүрүшү жана анын жыйынтыктары» аттуу параграфында* «Адабий окуу» предметинде балдар ырларын окутуунун методикасы боюнча изилдөөбүздүн максатына жана милдеттерине, логикалык ырааттуулугуна ылайык аныкталган моделди жана жалпы сунуштарды педагогикалык процессте экспериментте текшерүү аркылуу чындыкка жетүү зарыл болду. Демек, биздин педагогикалык эксперименттин максаты илимий жактан негизделген моделдин эффективдүүлүгүн мектептерде сыноо жана сынактан өткөн варианттарды практикага сунуштоо болуп

эсептелет. Бул багытта биз педагогикалык эксперименттерди уюштуруу жана өткөрүү боюнча дидакттардын (Н.К.Дюшеева, Н.И.Загузов, В.В.Краевский, Н.В.Кузьмина, А.М.Новиков, Э.Мамбетакунов, Т.Сияев, А.И.Пискунов, В.М.Полонский ж.б.) эмгектерин жетекчиликке алдык.

Изилдөөнүн эксперименталдык базасы катары Ош областынын Араван районунун №2 Аман Эгенов, №10 Токтогул, Кара-Суу районунун №49 Эрнест Тельман атындагы орто мектептери, №87 Сыдык Алайчы уулу атындагы инновациялык гимназия билим берүү комплекси, Ош шаарынын Навои атындагы №18 гимназия мектеби, Баткен областынын Баткен районунудагы Ж.Байжигитов атындагы орто мектептери тандалды. Аларды тандоонун критерийлери да көрсөтүлдү. Тажрыйбалык топтор менен эксперименталдык топтордо эксперименттин биринчи – аныктоо этабында билим деңгээли, ырларды өздөштүрүү боюнча окуучулардын көрсөтүчтөрү негизинен бирдей эле болсо, биз эксперимент жүргүзгөн класстарга окутуунун компетенттүүлүккө негизделген методикалык ыкмаларын, заманбап технологияларын сунуш кылдык. Жыйынтыгында биздин сунуш кылган окутуунун компетенттүүлүккө негизделген ыкмалар, каражаттар жана окутуу технологиялары майнаптуу экенин тастыктады. Бул майнаптуулук ушул эле баптын 4-параграфында математикалык-статистикалык методдор менен көрсөтүлдү.

# ҮЧҮНЧҮ БАП. «АДАБИЙ ОКУУ» ПРЕДМЕТИНДЕГИ ЫРЛАРДЫ КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮККӨ НЕГИЗДЕП ОКУТУУНУ УЮШТУРУУ

## 3.1. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун ыкмалары жана жолдору

Биз ишти адегенде методика деген эмне? Ал илимби же искусствобу? Методиканын изилдөө объектиси, предмети эмне? Окутуу методдору кайсылар? деген сыяктуу суроолорду тактап алууну көзгө туттук. Анткени методика жөнүндө окумуштуулардын арасында ар түрдүү көз караштар бар: б**ири** методиканы колдонмо адабият таануу катары; **экинчилери** окутуу өнөрү катары; **үчүнчүлөрү** сабак өтүүгө кеңеш берүүчү катары; **төртүнчүлөрү** окуучулардын курагын, психологиясын үйрөнүү аркылуу окутуу процессин уюштуруу катары карашат. Бул көз караштардын бардыгында чындыктын үлүшү бар. Жогоруда айтылгандардын баары методикада камтылат, чагылдырылат. Бирок буларды тактоо зарылдыгынан четтеп кете албайбыз. Чын эле методика деген эмне? Илимби же искусствобу, окутуу өнөрүбү? Биз ушул суроолордун башын ачып алышыбыз керек. Ошондо методика жөнүндө так түшүнүккө ээ болуп, анын максат-милдетин өзүбүз үчүн ачыктап алабыз.

Методика – бул илим, болгондо да педагогикалык илим. Илим болуш үчүн силерге дайын болгондой, 4 белгиге ээ болушу керек:

1-өзүнүн изилдөө объектиси, предмети;

2-өзүнүн изилдөө методдору;

3-изилдөөнүн коомдук зарылдыгы;

4-өзүнүн изилдөө методдору.

Кыргыз адабияты окутуунун методикасы илиминин өзгөчөлүктөрү, объектиси, предмети жөнүндө сөз кылганда: биринчиден, бул же тигил чыгарманы кандайча, кантип окутуу керектигин көрсөтөт; мугалимдин багытын аныктайт; мугалимге убакытты үнөмдөй билүүгө үйрөтөт, б.а., аз убакыт кетирип, көп нерсе үйрөтүүнүн жолдорун айтып берет; окуу материалынан

башкы жана экинчи даражадагы нерселерди таба билүүгө жардам берет; окуучулардын индивидуалдуулугуна карата билим берүүнүн жолдорун көрсөтөт; мугалимдин окутуу ишмердүүлүгүнүн каражаттарын, методдорун, принциптерин аныктайт.

Ушул жерде адабият теориясынан, адабият тарыхынан методика эмнеси менен айырмаланат? – деген суроо өзүнөн өзү келип чыгат.

Адабият теориясы бул көркөм чыгарманы үйрөнөт, т.а., көркөм чыгарманын курулушун, образдар системасын, чыгарманын тилин, жазуучунун же акындын индивидуалдуулугун, чеберчилигин, чыгарманын тек, жанрын, көркөм каражаттарын. Адабият тарыхы, аты айтып тургандай, көркөм чыгармачылыктын өнүгүү тарыхына үйрөнөт.

Методика ушул көркөм чыгарманы окуучуларга жеткирүүнүн жол-жоболорун, методикасын, технологиясын үйрөнөт. Албетте, мында көркөм чыгарма мугалимдин көңүлүнүн сыртында калат тура деген түшүнүк жаралбашы керек. Негизи, методика педагогикалык илим болгондуктан, билим берүү менен таалим-тарбия берүүнү биргеликте, шайкештикте жүргүзөт.

Конкреттүү айтканда, методика:

- адабий билим берүүнүн максаты менен мазмунун;
- окуучу-окурмандын куректык өзгөчөлүгүн, индивидуалдуулугун жана психологиясын;
- чыгарманы окуучулардын кабыл алуусун;
- чыгарманы талдоону;
- чыгарманы окуу ишин уюштурууну;
- чыгармага болгон окуучулардын кызыгуусун ойготууну;
- сабакты уюштуруу жана өткөрүүнү;
- окутуу методдорунун өз ара байланыштарын камсыз кыла билүүнү;
- мектеп балдарынын сүйлөө жана жазуу маданиятын калыптандырууну;
- окутууну индивидуалдаштыруу жана дифференциациялаштырууну;
- окутуунун жаңы технологияларын колдонууну;

- сабактын жаңы формаларын иштеп чыгууну д.у.с. үйрөнөт.

Ошентип, методика мугалимдин личностунун чыгармачыл дараметинин өнүгүшүнө жардам берет, болочок мугалимге окуучулардын адабий түшүнүктөрүн калыптандыра билүүсүнө, адабиятты окутуу методдору менен технологияларынын тарыхый жактан жаңылап туруусун түшүнүүсүнө, мугалимдик кесиптин иш-аракетинин өзгөчөлүгүн аңдап-сезүүсүнө жардам берет.

Методика ошондой эле окутуунун жакынкы перспективасына да көз жүгүртүп иштеп чыгат. Алсак:

- Окуу-тарбия процессин гуманизациялаштыруу;
- окутууну дифференциалаштыруу;
- окутуу технологияларын интеграциялаштыруу;
- окутуу деңгээлин азыркы илим менен маданияттын өнүгүү деңгээлине шайкеш келтирүү;
- сабакты окутуунун жаңы технологияларын иштеп чыгуу;
- вариативдүү окуу программаларын түзүү;
- адабиятты окутуу методдорун интенсифкациялаштыруу;
- сабактын жаңы формаларын издөө.

Негизи методика: адабиятты окутуу аркылуу окуучу-окурманга көркөм чыгарманын нравалык, эстетикалык жана эмоционалдык таасирин сезе билүүсүнө, адабий билим берүүнүн этаптарынынын системалуу байланышын аңдап-сезүүсүнө, өзүн өзү, өз алдынча тарбиялай билүүсүнө, чыгарманы окууга, аны кабыл алууга, кызыгуусун өркүндөтүүсүнө, сулуулукту, коздукту көрө билүүсүн, кыялдануусун, көз алдыга келтире билүүсүн калыптандырууга, ар кандай көрүнүшкө, окуяга чыгармачыл мамиле жасай билүүсүн жаратууга жардам бериши керек.

Методист окумуштуулар окутуунун ийгилигин мугалимдин баланын кимдигин, мүнөзүн, кылык-жоругун жакшы өздөштүрүүсүнөн көрүшөт.

М.А.Рыбникова методиканын пайдубалы катары төрт принципти сунуштаган:

- окутуу окуучунун кабыл алуусунун бардык жагына (угуу, көрүү, сезүү, элестетүү) таасир этиши керек;
- окуучу өзүнүн алдына коюлган милдетти ачык түшүнүүсү зарыл;
- татаалды жөнөкөй, жаңыны тааныш аркылуу берүү;
- дедукцияны индукция менен айкалыштыра билүү.
- Азыркы учурдагы окутуунун төмөндөгү заманбап принциптери төмөнкүлөр:
- материалды эркин тандоо принциби;
- билим берүүнүн предметке ылайыктуулук принциби;
- окуучулардын өз билгендеринин биринчилиги принциби;
- кубаттап окутуу принциби;
- продуктивдүү билим берүү принциби;
- окуучунун рефлексивдүү, өзүн-өзү аңдап-сезүү принциби .

Адабият – инсандын, адамдын руханий дүйнөсүнүн, анын адеп-ахлагынын, ойлоосунун, эмоциясынын, кебинин, чыгармачыл жигеринин калыптанышында өзгөчө орунга ээ.

Азыркы учурда фундаменталдуу билим берүү идеясы өзгөчө орунда турса да, традициялык жана азыркы методологиянын байланышы менен ажырымы, маданияттардын өз ара карым-катышы, окутуунун заманбап системасын түзүүчү принциптерди, инсандын нравалык координатын түзүүчү системаны издөө да окумуштуулардын көңүл борборунда турат. XXI кылымдагы билим берүүнүн Эл аралык комиссиясынын төрагасы Жак Делор өзүнүн баяндамасында: «билим берүү – адамзаттын бир топ терең жана гармониялуу өнүгүшүн бекемдөөчү негизги каражаттардын бири, ал жакырчылык, бөлүнүп-жарылуучулук, сабатсыздык, эзүү жана согушка каршы күрөшүүгө өбөлгө түзөт», – деп белгилеген. Мындан сырткары азыркы билим берүүнүн төрт түркүгүн атап көрсөткөн: «баланын таанып-билүүгө үйрөнүүсү; билгенин

аткарып-жасоого үйрөнүү; биргелешип жашай билүүгө үйрөнүү; жашай билүүгө үйрөнүү».

Негизи, заманбап билим берүүдө бул аталгандар компетенцияларга ээ болуу катары каралып жүрөт. Учурда төмөндөгүдөй компетенцияларды окумуштуулар белгилеп жүрүшөт:

- баалуулук-маанилүүлүк компетенциялар;
- жалпы маданий компетенциялар;
- окуп-таанып билүү компетенциялары;
- маалыматтык компетенциялар;
- коммуникативдик компетенциялар;
- социалдык-эмгектик (өндүрүштүк) компетенциялар;
- инсандын өзүн-өзү өркүндөтүү компетенциялары

Учурда адабиятты окутуу методикасынын алдында төмөнкү проблемаларды чечүү турат:

- көркөм чыгарманы окуу проблемасы;
- адабият таануу менен методиканын бири-бирине шайкеш келүүсү, бири-бирин байытышы;
- көркөм чыгарманын поэтикасын үйрөнүү проблемалары жана анын перспективасы;
- чыгарманы кабыл алуу, аны интерпретациялоо, талдоо менен окуучулардын өз алдынча иш-аракеттеринин ич ара тыгыз байланышы;
- окуучулардын адабий өнүгүү проблемасы;
- традицияга таянуу менен жаңыны түзүү;
- мугалим-окуучу диалогунун жаңы тибин түзүү, окуучулардын чыгармачыл жигерин жаратуу;
- сабактын жаңы структурасын издөө жана аны окутуу процессине кийирүү проблемалары.

Көркөм чыгарма – өтө татаал кубулуш. Ошондуктан философ М.С.Каган дүйнөнү көркөм чагылдыруу өзүнө иш-аракеттин төрт түрүн камтырын белгилеген:

- « кайра жаратуучулук (түзүүчүлүк);
- таанып-билүүчүлүк;
- баалап-багыттоочулук;
- коммуникативдик».

Демек, адабиятты окутууда ушул аталган иш-аракеттин төрт түрү окуучуларга жеткирилиши зарыл.

Адабиятты окутуу методикасы педагогика, психология, этика, эстетика, философия илимдери менен тыгыз байланышта жүргүзүлүшү максатка ылайыктуу. Ошондуктан Острогорский: «Адабият мугалими, белгилүү өлчөмдө, энциклопедист болушу керек», – деп белгилеген.

Биз азыр психология менен байланыштыруунун зарылдыгына, себебине кыскача токтололу. Психолог С.Л.Рубинштейн ойлоонун 2 концепциясын атаган: «1-даяр жалпылоолор менен иш алып баруу; 2-даяр жалпылоо эмес, жаңыны ачуу, чыгармачылык иш-аракет аркылуу иш алып баруу».

Л.С.Выготский: «Өнүгүүдөн алдыда жүргөн окутуу гана – жакшы окутуу», – деп белгилеген. Ошондой эле өнүгүүнүн жакынкы, алыскы чеги жөнүндөгү жобону да иштеп чыккан.

Адабиятты окутуу методикасынын структурасы: **окутуунун максаты → окутуунун мазмуну → окутуунун каражаттары → окутуунун субьектиси → окутуунун обьектиси. Бу**ларды жөнөкөйлөштүргөндө: эмне үчүн окутат → эмнени окутат → кантип окутат → ким окутат → кимди окутат? – деген суроолорго жооп табууну көзгө тутат.

Н.И.Кудрящев адабиятты окутуунун методдорун төмөнкүдөй бөлүштүрөт: Көркөм окуу, эвристикалык, изилдөөчүлүк, репродуктивдүү методдор.

Көркөм окуу методу көркөм чыгарманы окууда илимий, публицистикалык тексттерди окуудан айырмаланып турат. Окуучулардын тексттеги көркөм сөздү угууга, аны баалоого, андан рахат алууга, өз оюн билдирүүгө машыктырат.

Мында төмөнкү ыкмаларжы уюштурууга болот: мугалимдин көркөм окуусу, башка класстагы окуучулардын көркөм окуусу, актёрлордун же акындардын көркөм окуусу ж.б.

Эвристикалык аңгемелешүү аркылуу жүргүзүлөт. Мугалим: суроолордун системасын, тапшырмалардын системасын түзөт, проблемалык суроолорду коёт. Окуучу: суроолорго жооп табат, талдоо элементин камтуу менен айтып берет, эпизодду талдайт, образ-персонажды талдайт, дилбаяндын планын түзөт, проблеманы коет.

Изилдөөчүлүк окуучулардын өз алдынчалыгын калыптандырат. Мугалим: проблемалык суроолорду коет, изилдөөчүлүк тапшырмаларды берет. Окуучулар: чыгарманын бөлүгүн, чакан болсо толук өз алдынча талдашат, чыгармаларды, каармандарды салыштырышат, спектакль, кинолорго баа беришет.

Репродуктивдүү билимди даяр түрүндө алышат. Мугалимдин лекциясынан, окуу гитептеринен, тиешелүү адабияттардан. Окуучулар: лекцияны конспектилешет, анын планын түзүшөт, окуу китеби менен иштешет, даяр материалдын негизинде баяндама жасашат [81,59-67].

Өсүп келе жаткан жаш муунду окутуу-тарбиялоону уюштуруу процессин талдоо бир эле жүз жылдыкка эсептелбейт. Окумуштуу педагогдор окутуу иши уштурула турган реалдуулукту эске алуу менен, окутуу процессин жакшыртуунун шарттарын жана ыкмаларын талдап көрүшкөн. Педагог-философтор тиги же бул педагогикалык системанын алкагында сабакты уюштуруучулук жактан тариздөөгө негизденүү мене, окутууну активдештирүүнүн мүмкүнчүлүгү болгон маселелерди талкуулап келишет. Бүгүнкү күндө дүйнөлүк дидактиканын андан ары өнүгүү багыттарында жана окуу процессин активдештирүүнүн бир катар фундаменталдуу жоболорунда белгиленген педагогикалык системаларга алар ар кандай доорлорго таандык экендигине карабастан негизденбей коюуга болбойт.

Ю.В. Койново-Цёльнердин “Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары” [85,7] деген китебинде окуучулардын

активдүүлүгү жана алардын окууга болгон жоопкерчилиги өзүнөн өзү пайда болбойт, ага мугалим демилге көтөрүшү керек. Ошондуктан, активдүү окутуунун технологяларын сабактарда кеңири колдонсок, алардын мүмкүнчүлүктөрүн ачып берүүгө өбөлгө түзгөн болобуз. Бүгүнкү күндө «Менин башымдагы кино», «Пазлдар», «Чыгрмачылык кат», «Сөз жаса», «Ким тезирээк, ким көбүрөөк?», «Жандуу тамгалар», «Ат чакыруу», «Светофор», «Ротация» жана башка көптөгөн окутуу ыкмаларын пайдаланган практик-мугалимдер окуу мектеп окуучулары үчүн кызыктуу боло баштаганын, окууга болгон умтулуу жогорулап жатканын белгилешти. Анткени, мындай окутуу формасын киргизүү сабакта ролдун алмашуусуна алып келет. Демек, мугалимдин активдүүлүгү окуучуларга өтөт: окуучу «активдүү окуучу - актер» катары чыгат, ал эми мугалим «көрүүчү акивдүү байкоочу жана режиссер» болуп калат. Мындай окуу – мугалимдер үчүн класс менен иштөөдө дайыма ички социалдык контексттен келип чыккан чыгармачылык, активдүү, конструктивдүү жеке иш. Ошондуктан сабакка чейин окутуу үчүн маанай, абал түзүү эң маанилүү. Муну менен катар башталгыч мектептин окуучулардын жашоосу, окуучусу – өз күчүнүн жыйынтыгы экендигин билүүгө үйрөнүшөт. Окууну мындай түшүнүү – окуучулар үчүн абдан маанилүү. Алар билимди өз алдынча өздөштүрүүгө, өз алдынча чечим кабыл алууга жана бүтүндөй жашоосунда керек боло турган өзү кабыл алган чечимдерине – компетенцияларына карата жооп берүүгө үйрөнүшөт.

Окуучулардын жекече жашоо тажрыйбасына багытталган активдүү окутуу концепциясынын натыйжалуулугун төмөнкүлөрдөн көрүнөт: Окуучулардын жекече жашоо тажрыйбасын эске алуу дидактиканын демократиялык багытына ылайык келет. Дидактиканын бул багытытын негизги идеясы жана окутуунун максатынын бири – топто окуучунун адекваттуу социалдык-жооптуу жүрүм-туруму жана аны окуучунун жеке өзү ишке ашырууга умтулуусунда турат. Мында окуучулар окуу ишинин обьектиси мес, субьектиси болуп калат.

Окуучулардын ички умтулуусу жогорулайт. Активдүү окутуу ыкмалары төмөнкүлөргө жетишүүгө шар түзгөндүктөн өзгөчө натыйжалуу болуп саналат:

- Алган билимдерди практика жүзүндө колдонуу;
- Билгениңди жана үйрөнгөнүңдү, жекечн турмуштук билимди жана ой жүгүртүүнү өнүктүрүү;
- Көзөмөлдөөгө, үйрөнүүгө, оууга карата мамиелелерди оң жагына өзгөртүү.
- Мугалимдин окутуу стили өзгөрөт. Окуучуларга сый мамиле жасоо менен активдүү угуучу болот жана окуучуларды өз алдынча инсан жана өнөтөш катары кабыл алат, эмоционалдуулуктун жогорку деңгээлин көрсөтө.
- Ар бир ооучу кабыл алыыгу ылайык келген маанилүү мамилелердин деңгээли пайда болот.

Окутуунун жакшы жактарын колдонуу мектеп окуучусунун таанып-билүү компетенттүүлүгүн өстүрүүнүн негизги өбөлгөсү боуп эсептелет. Активдүү таанып-билүү жөндөмдүүлүгү таанып-билүү иш-ааркет аркылуу түзүлөт жана өнүгөт. Качан гана бала жөн  эле угуучу эмес, таанып-билүү процессинин активдүү катышуучусу болгондо өз эмгеги менен билимге ээ болот жана мыйндай билим абдан бекем болот. Бул учурда мугалимдин алдында төмөндөндөгүдөй жаңыча педагогикалык  милдеттер турат:

- Окуучуларды кызыктыруу, сыйлоо;
- Акылы, жүрөгү жана күч-ааркети менен окуу мүмкүнчүлүгүн ачуу, эмгек жана эс алууна пландоо;
- Предметтер аралык байланышты сактоо: күч жана акыл эмгегин бириктирүү;
- Окуучуларда кызматташууну, баарлашууну, чыгармачылыкты өнүктүрүү;
- Өз алдынчалыкты, өзүнө жоопкерчилкти ала билүүнү жана окуучуладын чыр-чатаксыз жүрүм-турумун өнүктүрүү;

- Жекече окуу жана эмгектенүү ыкмасын иштеп чыгууга дем берүү;
- Квалификация алууга карата окуучулардын максаттуу багытталган компетенциясын өнүктүрүү.
- Өзгөчө элементтер (үйрөтүүчү интеллектуалдуу көнүгүүлөр, шарждар, эпиграммалар), класстын көңүлүн буруу, бир ерге топтоо үчүн же окууга умтулуу жок болгондо, кызыкпаганда, чарчаганда пайдалануу үчүн керектүү каражаттар.
- Жекече ишке ашыруу – окуучуларга дифференциацияланган кооперативдик мамиле, окуучулардын топтук иш-аракеттерин уюштуруу (жуптарда, туруктуу курамдагы тпотордо, алмашуу курамындагы топтордо). Мындай сабактар адаттагыдан төмөнкүдөй принциптер менен айырмаланат:
- Сабакта класстагы бардык окуучуларды активдүү ишмердүүлүккө толук тартуу;
- Сабакта пайда болгон альтернативаны  жана көп пикирдүүлүктү колдоо.

Бул критерийлер боюнча окуучуларды педагогикалык негизде дифференциациялоо: окуу мүмкүнчүлүктөрү, кызыкчылыктары, кунт коюусу, ой жүгүртүү мүнөзү ж.б.

Сабактын түрүн тандап алуу окуу планын мүмкүнчүлүгүнө, анын маанисине, окуучулардын окууга болгон умтулуусунун жана алардын таанып-билүү мүмкүнчүлүгүнүн деңгээлине байланыштуу болот. Умтулуу деңгээли төмөн болгон класстарда сабактаны максатына жана темасына жараша анын төмөнкүдөй түрүн өткөрүү дурус: ролдуу оюн, саякаттоо, экскурсия, предметтер аралык байланыштагы интеграциялык сабак. Алардын максаты – предемтти үйрөнүүө карата окуучулардын умтулууларын ойготуу, активдүүлүгүн жана чыгармачылык мүмкүнчүлүгүн өнүктүрүү.

Оюндар (ролдук, имитациялык, дидактикалык). Оюн миллиондогон чондордун жашоо образы десек болот, ал эми балдар үчүн оюн жашоо турмуштаг зарылчылык жана өнүгүү үчүн шарт болсуп саналат. Башталгыч

мектептеги окуу компененти катары оюндар аркылуу балдардын гуманисттик мамилелеринин калыптанышына жол салууга болот.

Сабактын башталышында «сөзү жок байланыш»- көнүгүүсүн колдонсок болот. Мында сөздү колдонбостон, индивидум ортосунда коммуникациялык өз ара аракеттенүү. Бул маалыматты бири-бирине интонация, мимика, жаңсоо, пантомима аркылуу  байланышуу, б.а., сүйлөө жана тил каражатысыз, тикелей же кандайдыр бир дабыш менен билдирүү мындай байланыштын каражаты болуп адамдын өзүн туюнтуу формаларынын баарын өзүнө камтыган маалыматтарды берүү жана аны алмашуу ыкмалары менен каражаттарынын кеңири диапозонуна окуучу ээ болот. Психологдор сөзү жок сигналдарды туура интерпретациялоо натыйжалуу байланышуунун маанилүү шарты деп эсептешет.

«Унчукпас диктант» көнүгүүсү.  Классты топко бөлүп жана ар бир топко текст же сүрөт таратылат. Алар 5-10мүнөт сүрөттү карайт, андан соң жаңсоо жана кыймыл-аракеттердин жардамы менен (тексттеги же сүрөттөгү) кырдаалды ойноп беришет. Көрүүчүлөр сүрөттү атап, аны чечмелеши керек. Сүрөттү карап бүткөндүн кийин топ, өзүнүн сүрөтүн (текстин) даярдап, андан соң көрсөтөт.

«Таап алчы» оюну боюнча топтогу 3-5- адам тааныш ырды тандашат жана бул ырга кыскача пантомима даярдашат. Көрүүчүлөргө тапшырма – ырды, жомокту табуу. Беттин кыймыл-аракетинин жардамы менен ички сезимди билдирүүнү балдар менен машыгуу пайдалуу. Үйдөн карточка даярдап, бир бетине ички сезимдерди: кубанычты, кайгырууну, жини келүүнү, кайдыгерликти, достукту, сүйүүнү ж.б. жазуу керек. Окуучуларга  бир карточканы берип, даярдыктан  кийин (3-5мүнөт) окуучулар карточкадагы сезимди беттин кыймылы аркылуу туурашат, көрүүчүлөр болсо аны табууга аракет кылышат [85,27].

Тексттердин жыйынтыгы окутуунун башталгыч мезгилинде ооеки кепке салыштырмалуу окуучулардын жазуу кеби жарды экендигин көрсөтөт. Оозеки кеп өзүнүн өнүгүүнү бүтүндөй сүйлөмдөн баштаса, ал эми бала окуу-жазууну

үйрөнгөнү баштаганга чейин өз сөзүн үн тыбыштарынын фонетикалык курамынан турарын билбейт. Ошонуктан жазуу кеби сөздү үн тыбыштары катары талдоодон башталат.

Башталгыч мектепте сөз - жазуу кебин талдоонун предмети. Эгерде окууга үйрөтүүдө бүтүндөй сөздөр ыкмасын колдонуу мүмкүн болсо, мында окуучусу сөздүн тыбыштык курамын талдайт. Оозеки кепке үйрөтүүдө сөздүн манаилик курамы негизги болсо, жазуу кебин үйрөтүүдө ал көрүүчү образга кирет, анткени бүтүндөй сөз аркылуу жазуу кеибне үйрөтүү мүмкүн эмес жана ал жазуу техникасын талап кылат. Жазуу техникасы окуучулардан сөзгө карата аналитикалык мамилени, сөздү тыбыштардан жана муундардан турган бөлүктөргө бөлүүнү талап кылат. Сөздү талдай билүүгө дидактикалык оюндардын жардамы менен сөз ыргагын сезе билүүнүн үстүндө иштөө, сөздү муунга бөлүп ырдоо аркылуу үйрөнүүгө болот.

Балдарды сабаттуулукка үйрөтүүнүн табигый логикасына ылайык бардык дидактикалык оюндар төрт топко бөлүнөт: фонетикалык, графикалык, грамматикалык жана оозеки кепти өнүктүрүүчү оюндар [85,39].

«Жандуу тамгалар» оюну: балдарга тамагалар берилет, үндүү жана үнсүз тыбыштардан мууна пайда болушу үчүн алар түгөйүн табышы керек. Муундун башталашынан биринчи, экинчи жана акыркы тыбыштарды бөлүү менен сүрөттөр боюнча муундарды түзүү зарыл. Мисалы.арга, бугу тартылган сүрөттөр берилет. Балдар биринчи тыбыш (К) + (А) боюнча муун түзүшөт жана ошол муун боюнча сөз ойлоп табышат: ка-шык, ка-лак, ка-шаа ж.б. Андан соң сүрөттөрдүн ордун алмаштырып, А+К муундан эмне пайда болгонун билишет. Балдар бул муундар сөздүн башында катышкан сөздөрдү эстешет: ак – ча, ак-шак ж.б. кийинки тапшырма сөздүн аягындагы А+К тамгасын табуу: барак, тарак, жамак ж.б.

Андан аркы кадам сөз менен жүргүзүлөт. Балдар «сөз» түшүнүгү менен таанышат. Сөздөр кыска жана узун болот. ЭЭ, УУ – бир тыбыш, эки тамгадан турган сөздөр. Сөздүн лексикалык маанисин түшүнүү үчүн арк андай

тапшырмалар берилет: мааниси боюнча керектүү сөздү табуу: таяныч белгиси боюнча – жүндүү, сары, амалкөй (түлкү).

Жалпыланган түшүнүк: кайсы сөз ашыкча жана эмне үчүн? (жай, күз, жума). Жооп: жума- ашыкча сөз, башка сөздөр жылдын мезгилин билдирет.

Керектүү сөдөрдү кошуу: чапан, тумак, шарф ... (куртка, калпак, жоолук). Жалпы сөдүн аталышы: стол, стул, шкаф - ... (эмерек), чапан, тумак, шарф ... (кийим), сыр, нан, каймак, курут ... (тамак-аш).

Сөздөрдү муунга бөлүү, сөздөгү басым түшкөн уунду аныктоо, муундардын санын эсептөө жүргүзүлөт.

Муундардан сөз түзүү: га-нат-жар (сөз: жарганат), мен-гир-те (сөз: тегирмен).

Мааниси жакын сөздөрдү тандоо: жол, жолдош, жолоочу, жолдуу, жолбелги, жолчырак, жолбекет ж.б.

«Ким тезирээк, ким көбүрөөк?» оюну: бул сөздүн ар бир тамгасынан башка сөздү ойлоп чыгаруу: самын сөзүнөн сапат, алтын, мыкты, ынтымак, насип.

«Сөздөгү тамгалардан ким көбүрөөк сөз ойлоп табат?» көнүгүүсү: мисалы, азамат сөзүнөн: азык, замат, амал, мазар, атак, аманат, тамак, мазмун, таза ж.б. сөздөрдү алабыз [85,40].

Гумандуу психологияга ылайык, башталгыч мектепте окутуунун максаты окуучуга ким боло алаарына жардам берүү. Окуучунун бал максатка жетүүсү үчүн ага жардам берүү, аны жакшы адам болууга үйрөтүү зарыл.

Ошентип гумандуу психологиянын идеяларына негизделген активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары окуу материалын үйрөнүү процессинде окуучулардын активдүүлүгүн, ой жүгүртүү жана практикалык ишинин ар түрдүүлүгүн камсыздаган ыкмалар менен көнүгүүлөрдүн тутуму болуп, сабакта чыгармачыл абал түзүлөт, окуучулар белгилүү бир билим, билгичтик, көндүмгө ээ болушуп, предметтик компетенцияларынын калыптанышына мүмкүнчүлүк берет.

## 3.2. Адабий окуу» предмети аркылуу башталгыч класстардын окуучуларынын окуу компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу

«Адабий окуу» предмети кенже мектеп окуучуларынын билим-тарбия берүүнүн сапатын өркүндөтүүнүн жана алардын окуу иш билгилигин калыптандыруунун негизги булагы катары өз функциясын аткарып келет. Билим-тарбия берүү иши – азыркы демократиялык коомдо, Кыргызстандын дүйнөлүк цивилизацияга кошулуп жаткан мезгилинде өтө чоң маселелерди бири. Өнүккөн коомдун кадрларын тарбиялоо жана компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу иши эң биринчи кезекте мектепке жүктөлгөн. Ал эми мектепте окутуунун жана тарбиялоонун эффективдүү болушу башталгыч класстардын ишмердүүлүгүнө көз каранды.

Башталгыч класста ээ болгон компетенттүүлүктөр окуучунун жогорку класста окуп-үйрөнүүсүн фундаменти. Бул мезгилде 7-9 жаштагы балдар окуу көндүмөрүнө ээ болот, окурмандык кызыгууларын калыптандыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү алат. Баланын мүнөзү, иш-аракеттеринин багыты жолго түшөт. Кенже класс окуучусунун дүйнөнү жана адамды таанып билүү өзгөчөлүгүнө ылайык, башталгыч мектепте эне тили, жазуу, эсептөө (саноо), мекенди таануу, көркөм өнөр, дене тарбия, башка тилдер, музыка сабактары окутулуу менен адабий окуу интегарацияланат. Мына ошол билим берүүчү предметтерин мазмуну баланын дүйнөсүн калыптандырат.

Башталгыч класста баланын өнүгүшү – татаал жана өзгөчөлүү процесс. Бул мезгилдеги негизги иш-аракет – окуу иш-аракети. Психологдор бул мезгилде бала мектеп окуучусу деген укукка толук ээ болуу үчүн, ага жетишүү үчүн аракеттенет. Анын мектептеги мотивациясы ошого багытталат. Бул курактагы бала дүйнөнү образдуу чагылдырууда чабылдык кылат, окуганга караганда укканын, көргөнүн жакшы кабыл алат жана эстеп калат.

Ыр эгер бала өзү окубаса, мугалим түшүндүрүп бербесе, абстракттуу бир нерсеге гана айланат. Андыктан башталгыч класстагы баланын интеллектуалдык, социалдык, адептик сапаттарын өнүктүрүүдө мектеп

окутулган ырлардын мүмкүнчүлүгүн пайдаланып калуусу зарыл. «Адабий окуу» предмети ушул жерден негизги максат-милдетине келет, ал окуучуларынын окурмандык кызыгууларын ойготуп, окурман катары компетенттүүлүгүн өстүрөт. Окурмандык компетенттүүлүк – окуганын түшүнүү, башкаларга туура түшүндүрүү, аны үчүн ошол чыгарманы туура, көркөм, так окуу, интонацияларды, тыныш белгилерди өз-өз ордуна коё алуу

Окурмандык компетенттүүлүк – окуу үчүн тексттин тандай алуу жөндөмүнө ээ болуу, өзүнүн курагына ылайык ар кандай чыгармаларды өз алдынча окуй билүү, түшүнө билүү, талдай билүү ыктарына ээ болушу.

Окурмандык компетенттүүлүк – окууга кызыгуусун ар дайым арттырып туруу, класстан тышкаркы учурда да окуу ишмердүүлүгү менен алектенип туруу.

КРнын Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргыз Билим берүү Академиясы жана USAID Американын эл аралык фондусу менен биргеликте 2014-жылы Кыргызстандагы башталгыч класстарда окуу көндүмдөрүнө мониторинг (EGRA) жүргүзүлгөн. EGRA окутуу тилине байланыштуу кыргыз жана орус тилинде Кыргыз Республикасындагы Бишкек, Ош, Жалал-Абад, Чүй, Ысык-Көл областтарында өткөрүлгөн. Тестирлөөгө айылдык дагы, шаардык дагы мектеп окуучулары камтылган. Бир окуучуга жекече оозеки баа берүү 15 мүнөткө созулган. Изилдөө төмөндөгүдөй жүргүзүлгөн.

**Таблица 3.1. – Башталгыч класстардагы окуу көндүмдөрүнүн мониторинги** [42,9]

| к/н | **Компоненттер** | **Окуунун эрте көндүмдөрү** | **Окуучулар көрсөткөн көндүмдөр** |
|---|---|---|---|
| | **Тааныш эмес сөздөрдү окуу** | Алфавиттик принцип. Сөздөрдү которуу. | Алфавиттик принцип. Сөздөрдү которуу. |
| 2. | **Үзүндүнү үн чыгарып** | Окуунун ылдамдыгы. Окуп | Текстти туура жана жеткиликтүү шар окуу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **окуу жана сурооолор** | түшүнүү. | Текст боюнча суроолорго туура жооп берүү. |
| 3. | **Угуу** | Кепти үзүндүлөп окуп кабыл алуу. | Регистратор тарабынан үн чыгарып окуган текст боюнча туура жооп берүү. |
| 4. | **Жат жазуу** | Алфавиттик принцип. | Жазуу орфографияны текшерүү жана жат жазууда грамматиканын эрежелерин туура пайдалануу. |

Окуучулардын даярдык деңгээлине жана компетенттүүлүктөрүнө коюлуучу базалык талаптардын түзүмү дүйнөлүк тажрыйбада кеңири колдонулуп келген окуу көндүмдөрүнө коюлуучу талаптардын түзүмүнө негизделип, адабий окуу предметин эске алуу менен 5 окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү маселеси келип чыкты: фонеманы кабыл алуу, тамгаларды билүү (алфавиттик принцип), шар окуу, сөз байлык, окуп түшүнүү.

«Адабий окуу» предмети аркылуу башталгыч класстын окуучуларын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча эң негизги компонеттердин бири – фонеманы кабыл алуу. Фонеманы кабыл алуу айтылып жаткан сөздөрдөгү айрым тыбыштарды байкоо, ойлонуу жана алар менен иштөө жөндөмдүүлүгү болуп эсептелет. Балдар басма тамгаларды окуганды үйрөнгөнгө чейин, алар сөздөрдө тыбыштар кантип иштей тургандыгын, сөздөрдүн тыбыштардан турарын түшүнүүсү керек. Фонемалар – сөздүн маанисиндеги айырмаларды аныктай турган өз алдынча сөз жасоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон, андан ары майда бөлүктөргө бөлүп жиберүүгө мүмкүн болгон тыбыштык бирдик.

Мисалы: 2-класстын «Адабий окуу» китебинин VIII «Сөз үйрөнүп алалы» деген бөлүмүндө А.Кыдыровдун «Тамга кошсок же кемитсек» аттуу ыры аркылуу да башталгыч класстын окуучуларынын фонеманы кабыл алуу көндүмдөрүн жакшыртып өнүктүрүүгө болот.

БУЛга кошсом БУЛду,

Болуп калды БУЛБУЛ.

Б ордуна Дны койсоң,

Арыбаган ДУЛДУЛ. [8,81].

Фонемаларды кабыл алуу көндүмдөрүн өнүктүрүү үчүн кенже курактагы балдарга берилген тыбыштар менен фразалардан анча чоң эмес ырлардан бөлүп алуу үчүн бир топ көнүгүүлөрдү уюштурууга болот. Мисалы:

Ырдагы сөздөрдөгү акыркы тыбышты аныктоо (бул, бул, булбул).

Уйкаш сөздөрдү табуу (булду – булбул – дулдул).

Муундарды алакан чаап айттыруу (бу-бул, дул-дул).

Тизмектеги айырмаланган сөздөрдү аныктоо (бул, бул, булбул, дулдул).

Ойлон жана шашылба. Сөздүн акыркы тыбышына башталган сөздү танда: бул (лампа),  булбул (лезвия), дулдул (лампочка).

«Ойлонуп көрөлүк» деген IX бөлүмдө Т.Самудиновдун «Аралашкан ариптери» да мыкты көнүгүү болуп эсептелет.

СКАУГМЫЗРГААН

Куштан ала өңү бар,

Чопо идишти бөлүп ал (сагызган, кумура)

КБАУЙУРДААКН

Жерди эмне дейт суу ичпес,

Атты эмне дейт күйүкпөс (кайрак, буудан) [14,87].

Окуучулар аралашкан тамгалардан сөздү таап, ой жүгүртүүсүндө сөз байлыгы да өнүгөт. Окууга үйрөтүүдө сөз байлыгы маанилүү ролду ойнойт. Жаш окурман катары балдар текстте алар көрүп турган сөздөрдү түшүнүү үчүн уккан сөздөрүн пайдаланышат. Сөз байлыгы – окуп түшүнүү үчүн дагы өтө маанилүү. Балдар сөздөрдүн көпчүлүгү эмнени билдирерин билбесе, анда алар окуп жатканын да түшүнүшпөйт. Татаалыраак тексттерди окуп үйрөнүүдө алардын оозеки сөздүгүнүн запасында болбогон жаңы сөздөрдүн маанисин билүүсү жана таанышышы керек.

Тилдин структурасын жана сөздөрдү түзүүнү үйрөнүүдө жаңы сөздөрдү түзүүнүн эффективдүү ыкмаларынын бири болуп максаттуу багытта сөздүн бөлүктөрүнө үйрөтүү болуп саналат. Мисалы: 2-класстын «Адабий окуу» китебинде Т.Самудиновдун «Туурабы?» аттуу ыр-оюнун үйрөтүүдө «оюн» деген бир уңгулуу сөз аркылуу ар кандай сөздөрдүн жардамында окуучулар менен жаңы сөздөрдү түзүүгө болот. Оюн – оюн-зоок – оюнкараак – оюндар – оюн-чын – оюн салуу – оюн-тамаша – оюн-шоок – оюнчук. Мааниси жакын сөздөрдүн топторун окутууда аларга орун алган жана жаңы лексиканын ортосунда байланышты белгилөөгө жардам берет. Жалпы элементке ээ болгон бул сөзгө жакын сөздөрдүн топтору – сөздүн уңгусу оюн.

2-класстын окуулугунда Барпынын «Балдарга насыят» деген ыры аркылуу окуучулар сөз байлыгын өнүктүрүүдө «Бала» деген сөздү алсак, андан көптөгөн башка сөздөр пайда болушу мүмкүн. Классты кичи топторго бөлүп, «Ким күчтүү?» деген оюн аркылуу кайсы топ канча сөз жаза тургандыгын аныктоого болот.

Дагы бир методикалык ыкма – таблица боюнча ойлонуп, анын сүйлөм түздүрүү. Муну класстер деп атоого да болот. Мында берилген бир сөздүн айланасына көптөгөн сөздөр берилет. Алар ошол сөздөрдү жакындатат, бириктирет, карама-каршы коёт. Мындай сөз менен иштөө ишмердүүлүгү баланын логикалык ой жүгүртүүсү менен тилдик-коммуникативдүүлүк компетенттүүлүгүн байланыштырат. Кайсыл окуучунун сөз байлыктары кеңири болсо – ошол окуучу мындай класстер таблицаларды туура, тез иштейт.

Окуучулардын сөз байлыгы менен ойлоо ишмердүүлүгү байланыштуу, демек, окуучунун оозеки кебин, жазуу маданиятын өстүрүү үчүн анын ойлоно билүүсүн өстүрүү керек.

Башталгыч класстарда адабий окуу предметинин эң башкы милдеттеринин бири – окууну текст аркылуу туура сүйлөөгө үйрөтүү, туура сүйлөө үчүн ага сөздүк запас болушу керек, ал эми сөздүн запаска ээ болуунун башкы казынасы – жомоктор, табышмактар, жаңылмачтар, ырлар, аңгемелер, ошолорду окуп үйрөнүү аркылуу кантип логикалык ырааттуулукта сүйлөө

керектигин, өз оюн кантип жеткирүү керектигин үйрөнөт. Оозеки сүйлөө компетенттүүлүгүнө жетиши окуучунун жазуу маданиятына жогорулатууга жол ачат. Адабий чыгарманынын негизинде сүйлөө гана эмес, жазуу да, практикалык көнүгүүлөрдү такай иштөө да маанилүү.

Мындай ыкмаларды учурда мектеп тажрыйбасында кеңири колдонууга болот.

## 3.3. «Адабий окуу» предметин окутууда элдик педагогиканын негизинде окуучулардын толеранттуулуктарын жана этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун ыкмалары жана жолдору

Этнопедагогикалык идеялардын изилдениши боюнча эмгектердин анализин карап көргөндө азыркы окуучулар жетише албай жаткан нерселер төмөнкүлөр менен байланышат:

- балдар, жалпы эле жаштар кыргыз элинин макал-ылакаптарын сүйлөө жана жазуу кебинде аз колдонушат;
- окуучулар көп макал-ылакаптардын чыныгы маанисин, айтылыш максаттарын, коомдук-педагогикалык функцияларын анчалык аңдап түшүнбөйт;
- фольклордук чыгармаларды окуучулар кыгызып окушпайт, өзгөчө санат-насыят ырларын;
- окуу китептеринде тексттердин методикалык аппараттарында элдик педагогика менен ошол чыгармаларды байланыштыруучу суроо-тапшармалар аз берилет;
- окуучулар айылдагы, шаардагы элдик салттарды алып жүрүүчү аксакалдар, карыялар менен атайын максатта баарлашууларды жүргүзбөйт;
- кыргыз коомунда элдик салттарды сактап жүргөн үй-бүлөлөр улам азайып баратат;

- класстан тышкаркы учурда окуучулардын курчаган чөйрөсү, көргөн анимациялык жана көркөм фильмдери, интернет материалдары аларга этнопедагогикалык маңыз, анын ичинде толеранттуулук тууралуу жеткиликүү идеяларды бере албай келет ж.б.

Узак кылымдар бою жаратылган улуттук тарбиялоо маданияты менен байланыштырап кенже класс окуучуларында толеранттулукту колдонуп инсандык сапаттарын калыптандыруу проблемасы өтө актуалдуу болсо да азыркы күнгө чейин ар тараптуу изилдөөгө алына элек.

Толеранттуулук – ар түрдүү катмардагы чөйрөдө, ар кыл адамдар жамаатында алар менен эп келишип ынтымакта жашоо.

Толеранттуулук – элдердин тынчтыгын, биримдигин камсыз кылуу.

Толеранттуулук – ар кандай нерсеге чыдымдуулук, көтөрүмдүүлүк менен мамиле кылуу.

Толеранттуулук – сага душман болгон адамдар менен дос болуу, алар менен ымала түзүү.

Толеранттуулук – өзүн токтоо кармап башкара билүү, өзүн көзөмөлдөө, ачууга алдырбоо, кыйын учурдагы кырдаалга акыл менен баа берип, оң чечим жасоо.

Толеранттуулук – сабырдуулук.

Элибиздин тарбия салтында балдарга «сабырдуу бол!», «сабырдын түбү – сары алтын», «бир колуңдун ачуусун экинчи колуң менен бас», «үйүңө кирген жыланды ак чачып чыгар» деген насааттарды айтып, ушулар аркылуу толеранттуулукка тарбиялаган.

Элдик педагогикадагы толеранттуулук идеялары 2-4-класстардын «Адабий окуу» китебин окутуу процессинде жомокторду, ырларды, аңгемелерди, уламыштарды, эпостордон үзүндүлөрдү, макал-лакаптарды, тамсилдерди ж.б. жанрдагы чыгармаларды пайдалануунун мүмкүнчүлүгү кеңири.

Окуу китептериндеги элдик педагогиканын каражаттарына кошумча адабияттарды пайдалануу аркылуу кенже класс окуучуларында толеранттулукту калыптандырууга болот. Мисалы: адамдардын

сабырсыздыгынан, жер талаштын айынан, бири-бирин түшүнбөстүктөн согуштар чыккан. 2-класста «Адабий окуу» предметинде «Жашасын улуу жеңиш», «9-май – Жеңиш күнү» деген тексттер окутулат. Анда мугалим окуучуларга немисттик фашисттердин согуш аракеттерин максаты тууралуу айтып жатып, согушту болтурбай коюуга мүмкүн беле деген маселе коюп, аны чечүүнүн жолу адамдардын толеранттуу болушуна байланыштуу экендигин түшүндүрүүгө болот.

Окуу китебиндеги Б.Алыкуловдун «Ынтымак», С.Рысбаевдин «Адептүүлүк деген эмне» деген тексттерин окуучуларга үйрөтүүдө адамдардын ортосундагы бири-бирин түшүнүшүү, азчылыктын көпчүлүккө баш ийиши, демократия принциптери толеранттуу болсо гана максатка жетүү мүмкүн экендиги окуучуларга түшүндүрүлүү менен алар толеранттуулукту калыптандыруучу каражат катары пайдаланылат.

«Толеранттуулук» деген термин бизге жаңыдай сезилгени менен бул − сабырдуулук деп жүргөн эле адептүүлүктүн бир элементи. Сабырдуулук эзелтен эле элибизде болгон. Кыргыз эли эч кандай газета-журналдары, телевизору, радиосу, мектеби жок эле мекенин, элин-жерин сүйгөн мыкты уул-кыздарын тарбиялап келген. Буга кыргыз элинин оозеки чыгармалары, төкмөчүлүк өнөрү, чечендиги, меймандостугу, чеберчилиги, сабырдуулук көрөңгөлөрү далил боло алат.

Толеранттуулук деген – башка бирөөнүн оюн, мүнөзүн, жүрүш-турушун сыйлоо жана аны кабыл алуу дегенди билдирет. Толеранттуулук – бул кээ бир конфликти өз учурунда аныктап, анын алдын-алуу жана чыр-чатаксыз чечүү. Окуучуларга конфликти аныктап жана анын себептерин билдирүү, аны тынчтык жолу менен чечүү – толеранттуулукка жана конфликттен чыгууга үйрөтүүнүн негизги кадамы болуп эсептелет. Толеранттуу болуу − башка бирөөнү сыйлоо жана урматтоо. Башталгыч класстарда толеранттуулукту калыптандыруу булактары:

**Макал-лакаптар:**

Адам адам менен – адам.

Көз коркок – кол баатыр.

Бирөөгө ор казсаң, өзүң түшөсүң.

Улууларга сыртың салып акаарат кылба, акааратың өзүңдү жерге чабат.

Билеги жоон бирди жыгат, билими күчтүү миңди жыгат.

Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер.

Бакыттын ачкычы – биримдикте.

Ырыс алды – ынтымак.

Балдар ырларындагы Курманжан датканын, Манас баатырдын, Каныкейдин, Чыйырдынын, Б.Бейшеналиеванын, Т.Турсунбаеванын, К.Тыныстановдун сабырдуулугу, улуу-кичүүгө тең карагандыгы менен окуучуларды сабырдуу болууга чакырабыз.

Биздин улуттук оюндар, зергерлик, устачылык, төкмөлүк, манасчылык өнөрлөр толерантуулуктун үлгүсү, меймандостук, боордоштук сапаттар сабырдуулукту үйрөнүү булактарына кирет.

Ошентип, башталгыч класстардагы балдар ырларын окутуу процессинде элдик педагогиканын бай тажрыйбаларын пайдалануу аркылуу окуучулардын этномаданий, анын ичинде толеренттуулук компетенттүүлүгүн калыптоого чоң мүмкүнчүлүк жаратылган.

Кыргыз эли байыртадан бери эле оозеки чыгармага, адабий-тарыхый мурастарга бай. XIX кылымдын экинчи жарымында XX кылымдын башталышындагы төкмөлөр өз доорунун тарыхый окуяларын, адамдардын аң-сезимин, диний көз карашын, жалпы эле турмуштук идеяларын чагылдырышкан. Кыргыз элинде мыйзам аркылуу эмес, балдарды салттар арыклуу тарбиялоо ыкмалары колдонуп, ошол салттардын жолунан чыкпоо биринчи орунда турган.

Элдик төкмөлөрдүн санат-насаат ырлары – кыргыз элинин оозеки адабиятында жана акындар поэзиясында кеңири тараган лирикалык жанр болуп, мындай ырларда белгилүү бир каармандар, каршы-терши окуя кууган сюжеттер жок, окуялуулуктун ордуна кубулуштарды, адамдык сапаттарды орун алар, эмне жакшы, эмне жаман экендиги ачыкка чыгат да, адам кайсыл багытка

барышы керектиги ибаратталат. Мындай идеядагы чыгармаларды жараткан акындардын бири Токтогул Сатылганов ырчылар поэзиясынын залкар өкүлдөрүнөн болуп саналат. Ошондуктан бардык чыган ырчылар сыяктуу Токтогул да балдар үчүн санат-насыят ырларын жаратып келет. Анын терме, санат, насыят, үлгү ырларында дидактизим менен философия айкалыштырылат, бул дүйнө менен тигил дүйнө, балалык менен жаштык, жаштык менен карылык, барчылык менен жокчулук ассоциацияланат. Ушулардын баары жети саптуу ырларда жазгы нөшөр сабалагандай сабалап, төгүлүп өтөт. Анан ошол ойлор башка угуп отурган адамдардын дилине жетип, аларды тарбиялоого кызмат кылат. Ошол тарбиянын башатында жана өзөгүндө толеранттуулук турат. Токтогулдун ырларында эзелтеден келе жаткан элдик дүйнө кабылдоонун өзгөчөлүгүн бекем тутунуу менен жакшы, жаман, актык, арамдык, акылгөйлүк, наадандык, абийир, адепсиздик деген эмне деген нукура философиялык жана педагогикалык түшүнүктөрдү өзүнүн жеке акындык жан дүйнөсүнөн өткөрүп, бул түшүнүктөргө көркөм статус берип, жандуу сөз менен сүрөттөп кармап көрө тургандай шыңгырата үн чыгарып, уламдан улам бир эле жолку окуган адамдын жан дүйнөсүн козгоп, сезимин ойготуп, көөдөнүндө көпкө сактап кала турган көөнөрбөс деңгээлге жеткирип жараткан.

Токтогул Сатылгановдун 3-класстын «Адабий окуу» китебинде «Насыят» деген ырын окуучуларга үйрөтүүдө төмөндөгүдөй ыкмаларды колдонууга болот. Мугалим «мээ чабуулу» стратегиялык ыкмасы менен окуучулардын алдына проблемалуу ситуация түзөт, аны чечүү үчүн төмөндөгүдөй суроолорду коёт:

Ыр деген эмне экенин билесиңерби?

Силер буга чейин ыр жаттап көрдүңөр беле?

Жоопторду угуп талкуу өткөрөт.

Андан соң мугалим:

Ырлардын кызыктуу өзгөчөлүктөрүнүн бири – алардын ичинде уйкаш сөздөрдүн бар болушу. Ал эми уйкаш сөздөр деген эмне? Уйкаш сөздөргө

мисал келтире аласыңарбы? − деген суроолорду берип, окуучулардын түшүнүктөрүн угуп, талкуу жүргүзөт.

Демек, биз бүгүн үйрөнө турган ыр − Токтогул Сатылгановдун «Насыят» деген ыры.

Суроолор коюлат:

1. Бул ыр эмне жөнүндө деп ойлойсуңар?
2. Насыят дегенди кандай түшүнөсүңөр?
3. Силер насыят ырларын уктуңар беле?
4. Адамдарга эмне үчүн насыят айтышат?

Окуучулардын ойлору угулат.

Жаңы тема мугалимдин ырды кырааты менен, үн чыгарып окуусунда башталат. Мугалим ырды окуп бүтүп окуучуларга төмөндөгүдөй суроолорду берет:

1. Бул ыр жөнүндө эмне айта аласыңар?
2. Силер тааныш болбогон жана чечмелеп түшүндүрүүнү керектеген сөздөр кайсыар?
3. Ырдан уйкаш сөздөрдү уктуңарбы? ж.б.

Бул суроолор ырдын мазмунун гана эмес, формасын да адабий-теориялык негизге таянып түшүнүүгө өбөлгө түзөт.

Кийинки кадамда мугалим экинчи жолу ырды кыймыл-аракеттерди көрсөтүү менен окуйт. Анткени кыймыл-аракеттер менен коштоп окуу ырдын сөздөрүн жаттап, эстеп калууга мүмкүнчүлүк берет.

Мисалы: «Дениң соодо эринбей (өзүн көрсөтөт)

Бекерликке берилбей (эки колуп көкүрөккө алат)

Эркиң менен жумуш кыл (эки колун кыймылдатып жумуш кылган абалды көрсөтөт)

Эринчээк жалкоо дедирбей» (оң колунун сөөмөйүн көрсөтүп, башын чайкайт).

Мугалимдин кийинки иш-аракети – окуучуларды ордунан тургузуп, чогуу «жаңырык» окуусун уюштурат. Ырдын ар бир сабын коштоочу

кыймылдар менен окуп, окуучуларды артынан кайталоону суранат. Окуучулар ырды жаттап калганга чейин көп жолу кайталоого болот. Ырды окуу тажрыйбасынын дагы башка ыкмасы – окуучуларды топторго бөлүп (жынысы, класстагы окуучунун абалын же көйнөгүнү өңү боюнча ж.б.), ар бир топту 2 саптан окутууга болот.  Андан кийин ар бир топтон бир же эки каалоочуларды доскага чакырып, ырды кыймыл-аракеттин коштоосунда толугу менен айтып берүүгө чакырат.

Ошентип, ырды бир нече жолу кайталагандан кийин окуучуларга уйкаш сөздөрдү таптыруу иш-аракети жүрөт. Окуучулар тапкан уйкаш сөздөрдү доскага жазып, уйкаш сөздөр муундары бирдей угулган сөздөр экенин түшүнүшөт. Мисалы: эринбей – берилбей – дедирбей. Мындагы уйкаштыкты түзгөн каражаттарды табуу керек («и» табышы, -бей мүчөсү) ж.б.

Окуучулар мына ушундай ырларды окуп, талдоо менен мына мындай адабий-теориялык компетенттүүлүктөргө ээ болот:

1. Ырлардагы уйкаштык жана анын түрлөрү
2. Уйкаштыкты түзүүчү каражаттар
3. Уйкаштыктын ыр сабынын ар түрдүү жеринде (башкы уйкаш, ортоңку уйкаш, аяккы уйкаш) келиши
4. Ырдын куплеттерден куралышы
5. Ыр саптары тууралуу түшүнүк
6. Ыр менен кара сөздүн айырмасы ж.б.

Сабактын аягында классты үч кичи топторго бөлүп, төмөнкү суроолор боюнча кайтарым-байланыш түзүүгө болот:

1. Бул сабак боюнча кандай ойлоруңар бар?
2. Сабактын милдети эмнеде?
3. Ырды окуганда кыймыл-аракеттин коштоосуунун максаты эмнеде?

Демек, мугалим булар жөнүндө окуучулардын ойлорун угуп, анализдеп, өзү толук маалымат берип, ырдын мазмунун түшүнүүгө, жаттап калууга мүмкүндүк бергендей деңгээлде, окуучулардын кызыгуусун ойготуп, өз алдынча окууга өбөлгө түзүүгө тийиш. Мындай уюштурулган окутуу

процессинын натыйжасы – окуучуну алдын ала аныкталган илимий билимдерге, билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ кылып, чыгармачылык жөндөмдүүлүгүн, дүйнөгө чыныгы илимий көз-карашын, адамзаттык баалуулуктардын чегинде адеп-ахлактык нормаларын калыптандырууда эффективдүү жыйынтыкты берет жана адабий-теориялык компетенттүүлүгүн жогорулатууга салым кошот.

Акындын мындай күчтүү философиялык ыр саптары башталгыч класстын окуучуларын жаш кезинен тартып бекерликке, жатып ичерликке, жалкоолукка жанаштырбай, зиректик, эмгекчилдик жана адеп маданиятын калыптандырууга үндөйт. Ушундай турмуштук кырдаалдар Т.Сатылгановдун «Замана» деген насаат ырында да тереңдетилет. Ыр философиялык поэзия, мезгил тууралуу акындын ой жүгүртүүсү. Анын дидактикалык поэзиясынын таалим-тарбия берүүчүлүк, адамды жана дүйнөнү тааныттуучулук маңызынын тереңдиги ушуларда жатат. Ошондуктан акындын балдар үчүн чыгармалары кылымдар бою жашап келген калк каймактарынын педагогикалык ойлорун өзүнө сиңиргендиги, элдик фольклор менен канатташ болгондугу, элдик акылмандыкы чагылдыргандыгы менен күчтүү жана таасирдүү. Ал ошону үчүн түбөлүктүү акылман акын-педагог. Мына ошол көрөсөндүктү, акылмандыкты, дидактикалык насааттарды окуучуларга жеткирүү менен мугалим балдардын дүйнө таанымын кеңейтип, адабият илимин өздөштүрүү боюнча компетенттүүлүгүн жогорулатат.

Кыргыздын элдик балдар акындарынын улуу өкүлүнүн дагы бири − Барпы Алыкулов. Устаты Токтогул Сатылгановдун салтын улап Барпы Алыкулов Чыгыш поэзиясындагы дидактикалык адабиятты ислам дини аркылуу алган, ал куран, хадис китептериндеги идеяларды өнүктүрүп, өзүнүн дидактикалык-нравалык, философиялык-этикалык постулатын түзгөн. Анын поэзиясы – элдик жана жеке автордук афоризмдерге бай, андай нуска жана учкул сөздөр ар бири ырында учурайт. Ошолордо акын жакшы кыз, жаман кыз, жакшы бала, жаман бала, жакшы аял, жаман аял жөнүндө ойлорун айтат. Анын башкы идеясы – адам сабырдуу болушу керек, сабырдуулук гана көздөгөн

максатка жеткирет, андай болушу үчүн адептүү тарбия алышы керек. Адеп тарбиясынан башаты – үй-бүлөдө, аны ата менен эне берет, андан соң элден үйрөнөт.

Мектеп программасында залкар ырчы, апыз Барпы Алыкуловдун дидактикалык чыгармалары кеңири орун алган. Залкар ырчы Барпы Алыкуловдун чыгармаларында да ынтымак-ырашкерликти баарынан жогору коюп, кайсыл элде ынтымак болсо, ошол элде ырыс, кут болору тууралуу элдик терең турмуштук философияны 2-класстын «Адабий окуу» китебинде «Ынтымак» деген ырында таамай чагылдырат.

Автор ынтымактуу элдин даны мол болот, курсагы ток келет, ал эми ынтымагы жок эл болсо бири-бири менен урушуп, талашып турары, ынтымактуу калктын башкаруучулары баарына тең караган адилет болору, ал эми ынтымагы жок болсо ошол элдин ичинен бузуктар чыгып элин каргашага кабылтары айтылат. Элде ынтымак болсо – ошол эле душманга каршы бир муштум болуп тура алат, алар бириге алат, мындай элдин баркы бар, ал эми ынтымаксыз болсо жоо келгенде дыркырап качат, бириге албай өз ичинен бүлүнөт [14,151].

Акын карама-каршылыктар, антитеза аркылуу уккан эл түшүнсүн үчүн жөнөкөйлөтүп айтып берет. Ынтымак бул – толеранттуулукта жашоонун бир көрүнүшү, улутту, элди, адамды сактап калуунун кепилдиги.

Башталгыч класстын окуучулары «Ынтымак» деген ырды үйрөтүүдө мугалим алгач окуучуларга мындай суроолорду коёт:

Эмне үчүн ыр «Ынтымак» деп аталган?

Силер эмне деген атты божомолдоп жатасыңар?

Бул сөзгө мааниси жакын дагы кандай сөздөр кездешет ж.б.

Алардын жооптору угулат.

Ырды толук окуп бүткөндөн кийин, мугалим окуучуларга дагы суроо менен кайрылат:

Ырдын мазмуну жөнүндө эмне айта аласыңар?

Силердин божомолуңар туура чыктыбы?

Мугалим ырды үйрөтүүдө «хордук окуу» ыкмасын колдонсо болот, б.а., биринчи сабын өзү, кийинки сабын окуучулар менен кошо окуйт. Жыйынтыгында, окуучулар ырдын мазмуну менен терең таанышып түшүнүшкөндө гана, «ынтымак бар жерде ырыс, береке, элдерде биримдик, токчулук, бири-бирине болгон сый-урмат, кадыр барк болоруна» ишенишип, адептүүлүк сапаттары калыптанат.

Ал эми «Куштардын санаты», «Балдарга насыяты» деген сыяктуу чыгармалары да окуу китебинде орун алган. Барпы Алыкуловдун «Балдарга насыяты» атайын балдарга ылайыктап чыгарылган, бүт ырдын маани-маңызы балдарды жакшы сапаттарыга ээ болууга чакырып турат. Аларды окутуп, үйрөтүүнүн өзгөчөлүктөрүн жана окутуунун ылайыктуу метод, ыкмаларын колдонууга болот. Мына ошол ырда «Ырыскыны бекерге, төкпөгүлгө, балдар, ай [8,122] деген сап бар. Бул жерде окуучулар кыргыз элинин салттуу маданиятындагы «ырыскы» түшүнүгүн билип, тилдик-коммуникативдик жана этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырышат.

Аны үчүн «Бала тарбиялоодогу кыргыз кереметi» деген китептен «Ырыскы» деген теманы окуп берип, ал материалды окуучулар менен бирге талкуулайбыз.

«Ар бир адамдын, адамдын гана эмес, жаныбардын да өз ырыскысы болот, бирөөнүн ырыскысын талашпа, бирөөнүн ырыскысы сага буйрубайт», − дейт кыргыздар. Андай болсо ырыскы эмне? Ар бирөөнө гана тиешелүү энчи, аны бирөө тартып ала албайт.

Көчмөн кыргыздар балдарды эрте тургузат. Ата-энелер балдарына «Эрте тургула, эртең менен жараткан ырыскы бөлүштүрөт, ошондон калып калбагыла», − дечү. «Эртең менен келген тамакты түгөтө жегиле, эртең мененки муштан да калбагыла, ырыскыдан кур каласыңар», «Эрте тургандын бир ырыскысы ашык», − деген улуулардын сөзү эчен жолу айтылып келет. «Күн чыккандан соң жараткан ырыскысын чачып бүтөт, силерге калбай калат», − деп айтат энелер уктап жаткан балдардын башына келип. Чын эле эртең менен ырыскы чачылгандай көп иш бүтөт: мал каралат, мал кошулат, малдын

асты тазаланат, чөп орулат, эшик шыпырылат, саандар саалат, сүт бышырылат, от жагылат, суу алып келинет ж.б.

Эртең мененки ырыскы деген − ошол. Эгер ошол күнү эрте туруп ырыскы алып калбасың, бүт ошол күнүң майнапсыз өтөт. Жолго чыксаң да эртең мененки ырыскы деп жок дегенден ак ичип, нан жеп ырыскыңды таштабай кетесиң. Жолоочулап баратканда да бирөө үйгө чакырса ырыскы деп кирип даам ооз тийип чыгасың. Бул ырыскы насип делет.

Уламыш боюнча Жараткан сен муну жейсиң, а сен муну жейсиң деп өзү жан-жаныбарларга ырыскыларын кошо айтыптыр, кошо жаратыптыр. Ошондон кийин ар бир жандуу жаныбар ырыскысын терип жей баштайт. Бир гана бөрү уктап калып, ырыскыдан куру калыптыр. Не кыларын билбей, Жаратканга жалынып барат. Бөрүгө берейин десе, ырыскы жок, акыры айласы кетип айтыптыр: «Сенин ырыскың алдыңда, алдыңдан эмне чыкса жей бер». Ошондон кийин «Бөрү азыгы − жолдон», «Карышкырдын ырыскысы алдынан чыккан», − делип калыптыр.

Кыргыздарда конок келсе сүйүнөт, «ар бир конок өз ырыскысы менен келет», − дешет, көп балалуу болсо да «буларды кантип багат элем» дешпейт, «ар биринин өз ырыскысы бар» дешет.

Бирөө жакшы адамдар менен байланышын үзүп койсо, же чакырган жерге келбесе – «өз ырыскысын өзү кыйды», «өз ырыскысын өзү тепти» дешет»[107,320-321].

Кыргыздарда ушул ырыскыга байланыштуу мындай элдик ишенимдер жана тыйымдар айтылып келет:

Отту очоктон чыгарбайт, ырыскы кошо кетет.

Атактуу адамдар тамак ичип кеткен идиш-аяктан башкалар да тамак ичишет, ошол кишинин ырыскысы, дөөлөтү жуксун дешет, андай адамдардын берген устуканын талашып, бөлүп жешет.

Мал короого даарат ушатпайт, андай кылсаң ырыскысыз, малсыз болуп каласың.

- Ичип аткан тамагына чымын-чиркей түшүп калса, калбаа кылбай, акырын ырыскы, каскак деп ичип коёт.
- Тамактын бир бөлүгү жерге түшүп кетсе, аны алып жеп коёт, андай кылбаса, ырыскы ошол менен бирге кеткен болот.
- Башты устукан катары алган киши үйүнө алып кетпейт, алып кетсе, ошол үйдүн мал-жанынын ырыскысын кошо алып кеткен болот.
- Даараткананын эшигин кыбыланы каратып салбаш керек, үйдөн береке, ырыскы качат.
- Дасторкон чоң болуп бүктөп салууга туура келсе, бүктөлгөн жагын босого тарапка каратпайт, андай кылса ырыскы, береке дасторконго кирбей калат.
- Дасторконду каккан балага ырыскы жугат.
- Дасторконду түнү эшикке күбүбөйт, ырыскы кошо күбүлөт.
- Жер төшөк (жакандөс) чоң болуп, бүктөп салууга туура келсе, бүктөлгөн жагын босого тарапка каратпайт, андай кылса ырыскы, береке бул үйгө кирбей калат.
- Идиш-аякты кагыштырбайт, андай кылса ырыскы качат.
- Ит – ырыскы, короого чочун ит өзү келип калса, ырыскы келет.
- Итаякты теппейт, итаякты тебүү – адам менен ырыскылаш жаныбарды тебүү, демек, ырыскыңды жоготуу.
- Итти теппейт, итти тепсе ырыскы качат.
- Каалганы бут менен түртүп ачпайт, ал ырыскыңды тепкен менен барабар.
- Казанга салып идиш-аяк жуубайт, ырыскыны качырат.
- Казандын жугундусун казандагы бойдон төкпөйт, ырыскы төгүлөт.
- Караңгыда от бербейт, башка үйгө ырыскы кетип калат.
- Кол жуугандан кийин колун силкпейт, андай кылса, ырыскы, байлык кошо кетет.

- Сүмөлөк куюп жатканда, казан түбүндөгү таш идишиңизге түшсө, сизге ырыскы келет.
- Тамак куюлган идишти колдун сырты менен түртүп жылдырбайт, бул ырыскыны түрткөн болот.
- Түндөсү чака-чөгүндөргө суу толтуруп, үстүн жаап жатса, ырыскы толот
- Тулганы теппейт, ырыскы качат
- Түшкө бышкан эт кирсе – ырыскы.
- Үбөлүк менен адамды, малды урбайт, ырыскыңды кошо урган болосуң.
- Үй ичин кумурска каптап кетсе, түшүмү мол болот, ырыскы келет.
- Чайды, тамакты оң кол менен сунуу керек. Ырыскынын баары оң колдо [107,322-323].

Мына ушундай элдик ишенимдерди айтып, ар бирин чечмелөө менен окуучулардын адептик-ыймандык түшүнүгүнө ырыскынын маанисин жеткирүүгө болот, мында элдик педагогикалык идеялар колдонулуу менен окуучулардын этномаданий компетенттүүлүгүн жогорулатып жатат.

2-класстын «Адабий окуу» китебине Б.Алыкулов «Балдарга насыят» деген ыры киргизилген.

Анда балдарга айтылган насааттар:

- бирөөнүн көңүлүн оорутпаш керек;
- бирөөнүн көңүлүн оорутсаң акыры-түбү өзүңө кайтып келет;
- келген ырыскы, дөөлөттү кармап калуу керек;
- бирөөгө акарат айтпоо керек;
- бирөөнү урушуп, сөкпөө керек;
- башка бир жерлерге жөн эле, максатсыз басып барбоо керек;
- ар ишти жасоодо акыл-эсти токтотуп, сабыр менен жасоо керек;
- ушулардын баарын ойлонуу керек;
- минип жүргөн жылкыңды бекер эле чаба берүү керек эмес;
- бирөө билбей сүйлөп койсо аны кага бериш жарабайт;
- бирөөнүн бош куржунуна кызыгып, колуңду сала бербөө керек;

- бирөөнүн буюмун такыр албоо зарыл;
- башкаларга кеп тизгинен бербей эле, такымданып сүйлөй берген жарабайт;
- балдар өзүнү топтогон адеби өзүнө пайда берерин ойлонушу кажет;
- илим жана билимге ээ болуш керек, аны үчүн окуш керек [8,122].

Бул накыл кептер азыр да болсо өзүнүнүн маанисин жоготпойт. Анткени балдарга үлгү сабак болчу сөздөр – бүгүнкү күнү да мааниге ээ. Демек, окутуу процесси кандай метод жана форма менен уюштурулбасын анын ички түзүлүшү дээрлик бирдей болот. Ошондуктан алгач окутуунун жыйынтыгын алдын-ала белгилеп алууга болот. Ал эми окутуу процессинин жыйынтыгы окуучулардын баштапкы абалындагы деңгээли менен окутуу процессинин аягындагы абалынын деңгээлинин ортосундагы айырма эсептелинет.

Адабий-теориялык, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөр менен бирге эле этномаданий компетенттүүлүк да башталгыч класстарда адабий билим берүүнүн маанилүү компонеттеринин бири болуп саналат.

*Этномаданий компетенттүүлүк* тууралуу А.Алимбеков, С.Рысбаев, А.Муратов, С.Момуналиев, С.Батаканова, Б.Акматов адабиятты окутууга байланыштуу ойлор айткан. Этномаданий компетенттүүлүк менен биз окуучуларды өз элинин, улутунун салттарын, маданиятын туура түшүнгөн, кабыл алган жана аларды башкаларга жайылтууга аракет кылган инсан катары тарбиялайбыз. Андай инсандар өз улутунун руханий байлыктарына кызыгат, аны өздөштүрүү үчүн аракет кылат, ата-бабалардын мурастарын сыйлайт, эне тилинин байлыктарын өздөштүрө билет, ата журтунун тарыхын билүүгө кызыгат, элдин адептик-этикалык салттарын өз жашоосунда колдонот, мекенчил болот, элдик искусствого, элдик педагогикага кайдыгер карабайт, өзүн элдик маданияттан бөлүп карабайт ж.б.

«Адабий окуу» предметиндеги чыгармаларды үйрөтүү процессинде окуучулардын ушундай этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу мугалимдин башка милдеттеринин бири болуп эсептелет.

IV класстардын автору А.Токтомаметов «Адабий окуу» китебинде [158,232] Э.Ибраевдин «Сүттөн эмне жасалат» деген ыры сунушталган. Автор кыргыз этносунун турмуш-тиричилигиндеги, жашоосундагы эң зарыл азык – сүт тууралуу азыркы балдарга айтып берүү ниетин көздөйт. Кыргыздардын дүйнөлүк цивилизацияга, жалпы адамзаттын тамак-аш маданиятына кошкон эң чоң салымы – сүт азыктарын иштетүүсү. Бул − өтө байыркы жана кеңири тараган маданият. Бирок азыркы балдар, өзгөчө шаарда өскөн балдар, сүт азыктары кайда келерин толук билишпейт. Алардын этномаданиятын жогорулатууда бул ырдын мааниси өзгөчө.

Ыр «Уйдун сүтү – тилинде» деген макал катышкан сап менен башталат. Окуучулар үчүн бул макалдын мааниси анча түшүнүксүз. Айрымдар кантип эле сүт тилде болсун, мындай болушу мүмкүн эмес десе, айрым окуучулар бул сөзгө чын эле ишенип алат. Андан ары автор ошол айтылган ойду чечмелейт. Бир эле күндө уйдан эмнелер алынат? − деген суроо коёт да, анын жоопторун берет.

Сүттү бир деп оболу,
Майды эки деп коёлу.
Сүзмө, каймак, камкаймак,
Кошулса беш болобу?

Булар − сүттөн алынуучу эң негизги азыктар. Окуучулар түшүнүүчү нерсе сүт жана андан алынуучу нерселер – май, сүзмө, каймак, камкаймак. Мугалим билген окуучулардын жардамы менен класста майдын, сүзмөнүн, каймактын, камкаймактын кандай болорун жана кантип алынарын түшүндүрөт. Мугалимдин сары май тууралуу кыска түшүндүрмөсү: Кыргыздар сары майда өзгөчө азык катары эсептешип, ар бир конокко койгон, наристе жаңы төрөлгөндө, анын оозуна сары май сүйкөп, оозандырган, демек, баланын биринчи жеген тамагы (оозандыруу) сары май болгон, эртең менен балдарына сары май жедиришкен, сары май менен алыстан келген, же сыйлуу конокторду тосуп чыккан, дасторконго сөзсүз сары май коюлган, аны дары катары

колдонушкан. Сары май менен каттама, май токоч, май нан, боорсок, куурдак ж.б. тамактарды жасаган.

Мугалимдин сүзмө тууралуу кыска түшүндүрмөсү: Сүзмө – айранды суусун сарыктырып баканга илип коюп, бир-эки күндүн ичинде даяр болуучу кычкыл, коюу азык. Аны тоголоктоп курут жасайт, сууга кошуп, чалап жасайт, тамакка катыктайт.

Мына ушинтип каймак, камкаймак тууралуу түшүнүк берет.

Кыргыз уулу дегидей,
Малды сүйгүн жерибей.
Жуурат ичип ныксырап,
Жедиң беле эжигей?

Бул куплеттерден кийин жуурат жана эжигей кандай даярдаларын, алар кайсы убакта колдонуларын айтат, сүрөтүн же видеосун көрсөтөт. Автор бул жерде кыргыз болсоң – малды сүйгүн деген идеяны айтат. Анын уйкаштыктары да (дегидей – жерибей – эжигей) шыдыр, жөнөкөй жана балдардын кабыл алуусуна, жаттоосуна ылайыктуу.

Кийинки саптарда чөбөгө, олобо, быштак, айран тууралуу айтылат да, мунун баары чыккан айылды эстеп жүргүлө, малга чөптүн гүлүнөн берүү зарыл деп окурмандарына насаат берет.

Андан кийин автор мындай саптарды жазган:

Ак – дары, деп байкасаң,
Айткан элиң капкачан.
Көнөчөккө ачытып,
Көөрчөк ич чаңкасаң.

Мындагы ой ак (айран, кымыз, сүт ж.б.) адам организмине өтө пайдалуу экендиги тууралуу элдик медицинадагы түшүнүктөр ыр аркылуу берилип жатат.

Жаңы сөздөр менен иштөө зарылдыгы туулат.

*Ак* – кыргыздар жалпы эле бээнин, уйдун, эчкинин, койдун, топоздун, төөнүн сүтүн саап, ошолордон даярдалган азыктарды ак деп аташкан. «Акты

төкпөйт», «Бирөө ак сурап келсе, сөзсүз берүү керек» дегендей ишенимдери бар.

*Көнөчөк* – териден ыштап, бышырып, бычып, кандайдыр бир кепке келтирип, суюктук куюлуучу идиштин түрү. Аны алты баканга илип коюуга, ат жалында бара жатып ичиндеги акты ичүүгө, айран ачытууга, каймак куюуга пайдаланган.

Көөрчөк – малдын, эчкинин сүтүнө айран, кымыз кошуп, суусундук кылып алган да, жанына алып жүрүп суусунун кандырган.

Жыйынтыктоочу кийинки саптар мындай:

Түгөнбөгөн гүл азык,

Курут алсаң кургатып.

Эсиң болсо малды сүй,

Мал нан берет жыргатып [158,26-27].

Автор катары Э.Ибраевдин бул ырдагы башкы ою ушул жерде өзгөчө чечилет – малды сүйүү керек, ал эт берет, сүт берет, жашооңо эмне керек болсо, ошолордун баарын сүт азыктарына алмаштырып алууга болот. Ал үчүн малды багуу зарыл, от берүү, суу берүү, жем берүү керек, а аларды мал оозу жана тили менен кабыл алат. «Уйдун сүтү – тилинде» деген мына ушундай чечмеленет. Мугалим ырды үйрөтүүдө окуганга чейин, окуу учурунда, окугандан кийинки стратегияны колдонуп, оозеки жана жазуу тапшырмаларын берүүгө болот. Мисалы, “Сүйлөм: түзүү, жайылтуу, бириктирүү” ыкмасы аркылуу окуучулар өз сөздөрү менен карточкадагы сүйлөмдөгү бош орундарды толтуруп ыр саптарын жазууга аракеттенишет.

Бул сабактан күтүлүүчү натыйжалар эмнелер болду?

**3.1. Таблица - Э.Ибраевдин «Сүттөн эмне жасалат?» деген ырын талдоо процессинде окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр**

| Компетенттүүлүктүн багыттары | Окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр |
|---|---|
| **Адабий-теориялык** | |

| | |
|---|---|
| -ырдагы идея, тема;<br><br>-ырдагы предметтүүлүк;<br>-ырдагы образдуулук;<br>-ырдагы поэтикалуулук;<br>-ырдын түзүлүшү. | -ырдын идеясы эмнеге байланыштуу экендигин аңдап билет;<br>-ырдын темасын талдайт;<br>-образдуу сөздөрдү ылгай билет;<br>-автордун жазуу бөтөнчөлүгүн аңдап билет;<br>-куплет, уйкаш, ыргак (ритм) жөнүндө билимин тереңдетет. |
| **Тилдик-коммуникативдик** | |
| -ырдын текстинен жаңы сөздөрдү табуу;<br><br>-ырды негиз кылып ой бөлүшүү, баарлашуу;<br>-ырдагы сөздөрдү колдонуп, кеп байлыгын өнүктүрүү;<br>- “сынчыл ойломго» ынанымдуу жооптор менен катышуу;<br>- суроо бере билүү ж.б. | -“Уйдун сүтү – тилинде» деген макалдын маанисин түшүнүү жана аны турмушунда колдонуу;<br>-сүт азыктарынын аттарын билүү жана аларды кебинде пайдалана алуу;<br>-ырдын негизинде текст түзүү (оозеки жана жазуу);<br>-ырды кыраат окууга көнүгүү;<br>-ырды уйкаштыктарга таянуу менен оңой жаттай алуу |
| **Этномаданий** | |
| -кыргыз элинин маданиятын билүү;<br>-көчмөн элдин жашоо тиричилиги менен таанышуу;<br>-Ата Журттун ыйыктыгын түшүнүү;<br>-ата-бабаларды, алардын салттарын урматтоо ж.б. | - кыргыз элинин маданиятындагы малга мамилени билишет;<br>- көчмөн элдердин мал асыроо маданиятын түшүнөт;<br><br>-эмгекчил болууга тарбияланат;<br><br>-сүткө жана сүт азыктарына мамилеси, аларга урматтоосу жогорулайт ж.б. |

Ошентип, бир ырды окутуунун мисалында “Адабий окуу” предметинде башталгыч класстын окуучуларынын компентенттүүлүктөрүн жогорулатуунун мисалдарын көрсөттүк. Алар: ыр жана анын түзүлүшү, ырдагы тема жана идея, образдуулук тууралуу адабий-теориялык компетенттүүлүктөр, кыргыздардын малга мамилеси, эл турмушундагы мал чарбачылыгы тууралуу этномаданий компетенттүүлүктөр, жаңы сөздөрдү үйрөнүү, алардын маанилерин, колдонулуш функцияларын билүү жана кебинде пайдалануу боюнча тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөр.

## Үчүнчү бап боюнча корутунду

**Бул бап «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана аны өткөрүүнүн методикасы» деп аталат.** Анын *«Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметиндеги ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн ыкмалары жана жолдору»* аттуу 1-параграфында алгач методика терминине, методика боюнча окумуштуулардын көз караштарына жана аныктамаларына, ошондой эле адабият теориясы менен адабияттын методикасынын айырмачылыктарына токтолдук. Методика көркөм чыгарманы окуучуларга жеткирүүнүн жол-жоболорун, методикасын, технологиясын үйрөнөт. Билим алуудагы методика – билим алуу процессиндеги педагогикалык ишмердүүлүктүн конкреттүү ыкмаларынын жана техникаларынын баяндалышы. Азыркы окутуу процессин өркүндөтүүнүн натыйжалуу жолу катары активдүү окутуу методдору сунуш кылынат. Бул ыкмада балдар өзүнүн интеллектуалдуу деңгээлин аныктайт, окуу процессинин жыйынтыгын майнаптуу кылат, окуучулардын активдүүлүгү артат. Башкы нерсе окуу процессин проблемалаштыруу маанилүү экендиги айтылды. Ан үчүн ой жүгүртүүнү активдештирүүчү методдорду колдонуу майнаптуу. Окуучулардын жекече жашоо тажрыйбасына багытталган активдүү окутуу концепциясынын

натыйжалуулугун көрсөтүүгө жана өзүбүздүн иш тажрыйбабызда пайдаланган окутуу методдордун айрым үлгүлөрүн мисалдар менен берүүгө аракет жасадык.

*«Адабий окуу» предмети аркылуу башталгыч класстардын окуучуларынын окуу компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу»* деген 2-параграфта «Адабий окуу» предметинин башкы максаттарынан бири болгон башталгыч класс окуучуларынын окурмандык кызыгууларын жана компетенттүүлүгүн калыптандыруу ишмердүүлүгүнүн илимий-методикалык негиздери иштелди. Бул компетенттүүлүк текстти туура, так, көркөм, аң-сезимдүү окуй алууга, окуганын түшүнүүгө, түшүнгөнүн жеке жашоосунда колдоно билүүгө жетиштирет. Эмгекте бул багытта 2-класстын «Адабий окуу» китебинин «Сөз үйрөнүп алалы» деген бөлүмүндөгү А.Кыдыровдун «Тамга кошсок же кемитсек», Т.Самудиновдун «Аралашкан ариптер», «Туурабы?» аттуу ырлары талдоого алууда колдонулган ыкмалар көрсөтүлөт.

*«Адабий окуу» предметин окутууда элдик педагогиканын негизинде окуучулардын толеранттуулуктарын жана этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун ыкмалары жана жолдору аттуу 3-парагарфта* элдик педагогика аркылуу кенже класс окуучуларында толеранттуулук идеяларын калыптандыруунун жолдору баяндалат. Мындай тарбиялоодогу балдар ыларынын, алардын ичиндеги уламыштардын, эпостордон үзүндүлөрдүн, макал-лакаптардын, тамсилдердин мааниси өзгөчө жогору. Ал эми Токтогул Сатылгановдун 3-класстын «Адабий окуу» китебинде «Насыят» деген ырын окуучуларга жеткирүүдө «акыл чабуулу» стратегиясы, ырды кыраааты менен, үн чыгарып окуу, суроо-жооп, жаңы сөздөрдү түшүндүрүү, ырды кыймыл-аракеттерди көрсөтүү менен окуу, окуучуларды ордунан тургузуп, чогуу «жаңырык» окуусун уюштуруу, топторго бөлүп, ар бир топту эки саптан окутуу методдорунан соң окуучуларга уйкаш сөздөрдү, аларды түзүүчү каражаттарды, куплеттерди таптыруу, ыр менен прозаны айырмалоо менен алардын адабий-теориялык компетенттүүлүктөрү жогорулайт.

2-класстын «Адабий окуу» китебиндеги Б.Алыкуловдун «Ынтымак» деген ырын үйрөтүү процесси бул главада бир кыйла кеңири чагылдырат. Мында суроо-жооптор, «хордук окуу» ыкмасы эффективдүү ыкмалардан. Ушул эле автордун «Балдарга насыят» деген ырын окутууда эң биринчи тексттеги түйүндүү сөз болгон «ырыскы» деген түшүнүктүн кыргыз элинин салттуу маданиятындагы ордун, маанисин билип, тилдик-коммуникативдик жана этномаданий компетенттүүлүгүн калыптандырат. Андан ары IV класстардын автору А.Токтомаметов болгон «Адабий окуу» китебиндеги Э.Ибраевдин «Сүттөн эмне жасалат» деген ырын тилдик-коммуникативдик, этномаданий компетенттүүлүктөргө таянып талдоонун жолдору чагылдырылат. Бул ырды окуу менен балдар «ак», «көнөчөк», «көөрчөк» дегендей этномаданий лексика менен таанышып, кыргыздардын мал чарбачылыгына байланыштуу жашоо-тиричилигин аңдаштырат.

Ошентип, экспериментте көрсөткөндөй башталгыч класстарда көркөм тексттерди, анын ичинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окууга жана изилдөөгө үйрөтүү окуучулардын окууга болгон кызыгуусун арттырып, алардын поэтикалык чыгарманы түшүнүүсүн жакшыртат жана адабияттын башка чыгармаларын кабыл алууга, турмушта өз ордун табууга даярдайт.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР

Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу көйгөйүнө арналган изилдөөнүн жыйынтыктары төмөнкү тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет:

1. Башталгыч класстын мугалимдеринин практикалык тажрыйбасын изилдөөнүн, талдоонун, жалпылоонун жана системалаштыруунун жүрүшүндө балдар ырларын окутуу көйгөйү, атап айтканда, башталгыч мектептин 2-4-класстарында «Адабий окуу» предметинде азыркы психологиялык-педагогикалык жетишкендиктерди жана адабиятты окутуунун методикасын эске алуу менен компетенттүүлүктүн негизинде чечилиши мүмкүн экендиги аныкталды. Ошондой эле башталгыч класстардын «Адабий окуу» предмети боюнча жаңы окуу-ченемдик документтерди (мамлекеттик стандарт, программалар, окуу китептери ж.б.) иштеп чыгуу жана иштеп жаткан окуу-ченемдик документтерди өркүндөтүү, мугалим-практиктер мектептин «Адабий окуу» предметинде колдонуу үчүн 2-4-класстардын окуучуларына ырларды окутуунун методикасын, компетенттүүлүктү калыптандыруунун баалоо критерийлерин, ырларды окутуунун салттуу жана инновациялык методдорунун, формаларынын, каражаттарынын комплексин иштеп чыгуу, ырларды окутуу боюнча аудио жана видеоматериалдарды, 2-4-класстарда руханий-адеп-ахлактык сапаттарды, анын ичинде окуучулардын эмоционалдык сезимдерин жана эстетикалык табитин өнүктүрүүгө багытталган сабактардын циклдары, методикалык сунуштары иштелип чыкты.

2. Алынган жыйынтыктар философиялык, адабий, педагогикалык, психологиялык жана методикалык эмгектерди талдоо, изилдөө, жалпылоо жана башталгыч класстарда ырларды окутуунун практикалык тажрыйбасын жалпылоо диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизин иштеп чыгууга мүмкүндүк берди. Башталгыч класстарда ырларды окутуунун тарыхын, XX кылымдын 20-30-жылдарынан баштап окуу программаларын, окуу китептеринин мазмунун, «Адабий окуу» предмети боюнча 2-4-класстар

үчүн окуу куралдарын, колдонулган усулдарды, формаларды жана окуу каражаттарын талдоонун, авторлорду жана алардын чыгармаларын изилдөө үчүн тандап алуунун негизинде балдар ырларын изилдөө дайыма жана ыраатту жүргүзүлүп, программалардын жана окуу китептеринин мазмуну идеологияга, советтик коомдун жана өлкөнүн турмушундагы өзгөрүүлөргө байланыштуу, ал эми өткөн кылымдын 90-жылдарынан тартып Кыргызстан көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин, окуу-ченемдик документтери жаңы мазмун менен алмашылган деген жыйынтыкка келип, башкача айтканда улуттук аң-сезимди көтөрүп, улуттук иденттүүлүктү чагылдыруучу чыгармалар окуу китептерине көбүрөөк киргизилгени белгиленди.

3. Диссертациялык изилдөөдө коюлган максаттарды жана милдеттерди ишке ашырууга башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасын иштеп чыгуу жана аны Кыргызстандын 6 эксперименталдык мектебинин мектеп практикасына киргизүүгө көмөк көрсөттү. Ырларды экспрессивдүү окуу, угуу, талдоо жана жаттап алуу боюнча салттуу жана инновациялык методдордун, формалардын, каражаттардын жана ыкмалардын иштелип чыккан комплекси; компетенттүүлүктүн негизинде ырларды окутуунун модели; 2-4-класстардын окуучуларынын адабий-окуу, коммуникативдик-тилдик жана этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптантыруу деңгээлин аныктоо критерийлери; класстар жана темалар боюнча сабактардын иштелмелеринин циклдары, ырларды тандоо, балдар ырларын окутуу боюнча аудио жана видеоматериалдарды колдонуу; мугалим-практиктер үчүн методикалык сунуштар – булардын бардыгы башталгыч класстарда балдар адабиятын комплекстүү окутуунун методикасын өркүндөтүүгө өбөлгө түздү.

4. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча иштелип чыккан жана апробацияланган методикасынын натыйжалуулугу Кыргызстандын 6 мектебинде педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө аныкталды. Ага 2-4-класстын 782 окуучусу тартылып, башталгыч мектептин 2-4-класстарынын

окуучуларынын ырларды окуп-үйрөнүүдө окуу-теориялык, коммуникативдик-тилдик жана этномаданий компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу деңгээли эксперименттин калыптануу этабынан кийин 10%га өстү. Мунун жыйынтыгын окуучулардын оозеки жана жазуу иштери, алган билимдерин иш жүзүндө колдонуу көндүмдөрү көрсөтөт.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Жүргүзүлгөн изилдөө жана анын натыйжалары келечекте иш жүзүндө төмөнкү максаттарды ишке ашырууга мүмкүндүк берет:

1. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предмети боюнча окуу-ченемдик документтерге (мамлекеттик стандарттар, программалар, окуу китептери жана окуу-методикалык куралдар) ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун методикасын өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү.

2. Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын гуманитардык жана филологиялык адистиктеринин студенттери үчүн, ошондой эле башталгыч класстардын мугалимдеринин квалификациясын жогорулатуу, даярдоо жана кайра даярдоо факультеттери үчүн изилдөөнүн жүрүшүндө алынган материалдарды жана методикалык сунуштарды «Кыргыз адабиятын окутуу методикасы» курсуна киргизүү.

3. Башталгыч класстардын «Адабий окуу» предмети боюнча хрестоматияны даярдоо жана басып чыгаруу, заманбап балдар акындарынын ырларын, мультфильмдерди, иллюстрацияларды, сүрөттөрдү ж.б. жазуу менен аудио-видеоматериалдар түрүндө даярдоо.

4. 2-4-класстар үчүн «Адабий окуу» предметинде ырларды компетенттүүлүккө негиздеп окутуу боюнча сабактардын иштелмелер циклдарын жана мектеп практик-мугалимдери үчүн методикалык сунуштарды даярдоо жана чыгаруу.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН АДАБИЯТТАР:


1. Абакиров К. Жанровое своеобразие киргизской советской детской литературы и проблема становления нового героя: 1924-1956 г.г.) [Текст]: автореф. дис. ...канд. филол. наук. – Алматы, 1987. – 20 с.

2. Абдраева Н.Э. «Балдар адабияты» дисциплинасынын окуу-методикалык колдонмосу. – Б.: 2016. – 48 б.

3. Абдраева Н.Э. Педагогикалык жогорку окуу жайларында «Балдар адабияты» дисциплинасын окутуунун методикасы[Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. / Н.Э.Абдраева. – Б.: 2017. – 20 б.

4. Абдукаимов У. Адабият хрестоматиясы: Башталгыч мектептер үчүн, I бөлүк. 3-окуу жылына арналган [Текст] / У.Абдукаимов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1933. – 71 б.

5. Абдукаимов У. Адабият хрестоматиясы: Башталгыч мектептер үчүн, I бөлүк. 3-окуу жылына арналган [Текст] / У.Абдукаимов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1935. – 67 б.

6. Абдукеримов М. Адабият хрестоматиясы: Башталгыч мектептер үчүн, II бөлүк. 4-окуу жылына арналган [Текст] / М.Абдукеримов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1938. – 104 б.

7. Абдукеримов М. Адабият хрестоматиясы: Башталгыч мектептер үчүн, II бөлүк. 4-окуу жылына арналган [Текст] / М.Абдукеримов. – Ф.: Кыргызмамбас, 1939. – 107 б.

8. Абдухамидова Б. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 2-классы үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. – Б.: Принт-Экспресс, 2016. –26-б. 180 б. https://st-0.akipress.org/st_bilimlib/6/09e4dc830c6ac1ff3492794187c303295f0a1e11.pdf

9. Абдухамидова Б. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 3-классы үчүн окуу китеби [Текст] / Б.Абдухамидова, С.Рысбаев, К.Ибраимова. – Б.: Полиграф бумресурсы, 2014. –184 б. https://www.kitep.edu.gov.kg/ru/view/416

10. Абдухамидова Б.А. 3-класста адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо [Текст] / Б.А.Абдухамидова, К.Ибраимова, С.К.Рысбаев. – Б.: 2012. – 136 б.

11. Абрамович Г.Л. Введение в литературоведение. – М.: 1976.

12. Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / Түзгөндөр: Шериев Ж., Муратов А. – Ф.: 1987. – 120 б.

13. Адабияттын окуунун программасы. – Ф.: Кыргызмамбас, 1947. – 14 б.

14. Азаров, Ю.П. Искусство воспитывать [Текст] / Ю.П.Азаров. – М.: 1985. – 448 б.

15. Айзерман А.С. Уроки литературы сегодня [Текст] А.С.Айзерман. – М., 1974. – 188 б.

16. Айыжман. Окуу-окутуу ишин уюштуруу системасы // Жаңы маданият жолунда. – 1928. - №2. – 18-20-бб.

17. Айыл-кыштак башталгыч мектептеринин программасы.–Ф.:1932.– 40-б.

18. Айыл-кыштак башталгыч мектептеринин программасы: 1-4-топтор үчүн [Текст]. – Ф.: 1932. – 40 б.

19. Акматов Б. Болонья процесси жана жогорку окуу жайларында кыргыз адабиятын компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун теориясы жана практикасы: окуу куралы [Текст] / Б.Акматов. – Б.: «Фаст принт», 2016. – 584 б.

20. Акматов Б. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы [Текст]/ Б.Акматов. – Б.: «Фаст принт», 2016. – 456 б.

21. Акматова Б.М. Кыргыз адабиятын жогорку окуу жайларында компетенттүүлүккө негиздеп окутуунун технологиясы [Текст]: пед. илим. док. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. / Б.М. Акматов. – Б.: 2017. – 42 б.

22. Акылбеков К. Адабият методикасынан // Окутуучуларга жардам. – 1941. - №2. – 19-22-бб.

23. Акылбеков К. Адабият сабагын окутуу методикасы // Окутуучуларга жардам. – 1940. - №5. – 27-29-бб.

24. Алимбеков А. Мектеп окуучусунун этномаданий компетенциялары. [Текст ] / А.Алимбеков // Шоокум. – 2012. – №2. – 26-б.

25. Алимова М. Китеп окубаган жаштарга кантип келечекти ишенебиз? // https://www.bbc.com/kyrgyz/learning_english/2014/02/140218_book

26. Алымов Б. Кыргыз адабиятын (1920-1990-ж.ж.) мектепте окутуунун илимий-методикалык негиздери: Педагогикалык илимдердин доктору деген окумуштуулук даражаны изденүү үчүн илимий доклад түрүндөгү диссертациянын авторефераты [Текст] / Б.Алымов. /13.00.02. – Б.: 1994. – 42 б.

27. Ананьев, Б.Г. Человек как предмет познания [Текст] / Б.Г.Ананьев // Избр. психологические труды: в 2-х т. М.: Изд-во Московского университета, 1980. – Т. 1. – С. 16-178.

28. Анисимов С.Ф. Духовные ценности: производство и потребление. – М.: Мысль, 1998. – 253 с.

29. Асаналиев, К. Көркөм нарк [Текст] К.Асаналиев. – Ф:. 1988. – 131б.

30. Аскаров Т. Эстетикалык жаңы сапаттарга.- Ф.:Кыргызстан,1980.– 375 б.

31. Аскаров Т. Эстетическая оценка словесного творчества. –Б.: Кыргызстан, 2000. – 120 б.

32. А смолов А.Г. Формирование установок толерантного сознания: что могут СМИ? // Век толерантности [Текст] / А.Г.Асмолов. – М.: 2003. - №5. – 4-10 сс.

33. Асмус, В.Ф. Вопросы теории и истории эстетики: Сборник статей. [Текст] В.В.Асмус. – М.: Искусство, 1968. – 654 с.

34. Баб анский Ю.К. Оптимизация учебно-воспитательного процесса [Текст] / Ю.К.Бабанский .– М.: 1992.

35. Байгазиев С. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы [Текст] / С.Байгазиев. – Б.: 2012. – 476 б.

36. Байгазиев С.О. Өлкөбүздөгү бүгүнкү адеп тарбиясы: абалы жана проблемалары // Педагогика илимдеринин доктору, профессор Абдыкерим Муратовдун 60 жылдык маарекесине карата 2017-жылдын 12-майында И.Арабаев атындагы КМУда өткөн «Ааламдашуу доорундагы адабият менен педагогиканын орду» деп аталган эл аралык илимий-тажрыбалык конференциянын материалдары / И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Б.: 2017. – 1-Чыг. 2-бөлүк, Серия: педагогика жана психология. – 11-12-бб.

37. Балдарга арналган элдик оозеки чыгармалардын үзүндүлөрүнөн [Текст] / түз.: П.Ирисов. – Ф.: Мектеп, 1984.

38. Батаканова С.Т. Орто мектептерде кыргыз адабиятын окутууда көркөм чыгармаларга талдоо жүргүзүүнүн илимий-педагогикалык негиздери [Текст]: пед. илим. доктору дисс. автрефераты. 13.00.02 / С.Т.Батаканова. – Б.: 2011. – 42 б.

39. Бахтин, М.М. Творчество Франсуа Рабле и народная культура Средневековья и Ренессанса [Текст] / М.М.Бахтин. – М.: «Художественная литература», 1990. – 536 с.

40. Б

ашиева С. Толерантность и норма как основа этнического мировидение народов Кавказа [Текст] / С.Башиева, А.Геляева // Век толерантности. – М.: 2003. - №6. – 90-94 сс.

41. Башталгыч класстардагы кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт, Бишкек – 2019 http://kao.kg/wp-content/uploads /2020/03/Кыргыз-тил-жана-окуу_1-4_кырг.pdf

42. Башталгыч класстардын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча усулдук колдонмо. – Б.: 2014.

43. Башталгыч класстардын программалары: кыргыз тил, адабий окуу жана класстан тышкаркы окуу, математика, мекен таануу (1-4-кл.) [Текст]. – Б.: 2016. – 56 б. http://kao.kg/wp-content/uploads/2020/09- Начальный-класс - 2018.pdf

44. Башталгыч мектептин программасы (Айыл-кыштак жана шаар мектептери үчүн): түзөтүлүп 2-бас. [Текст]. – Ф.: 1934. – 23-24-б.

45. Бекбоев И.Б. Окуучу, мектеп, мугалим: улуттук педагогика илиминин контекстинде: илимий-педагогикалык макалалар жыйнагы. 2-китеп. – Б.: 2015. – 464 б.

46. Бектенов З. Эне тил. 4-класс үчүн [Текст]: 4-класс үчүн окуу китеби / З.Бектенов, Х.Карасаев, У.Абдукаимов. – Ф.: 1946. – 347 б.

47. Белинский, В.Г. Тандалган чыгармалар [Текст] / В.Г.Белинский; түз. Ж.Абдраимов. – Ф.: Кыргызстан, 1973. – 274 б.

48. Бердяев, Н. А. Духовный кризис интеллигенции. Текст. / Н. А. Бердяев. – М.: Канон, 1998. – 389 с.

49. Бес палько В.П. Педагогика и прогрессивные технологии обучения [Текст] / В.П.Беспалько. – М.: 1995. – 336 с.

50. Бобулов К. Жаңы тилке. – Ф.: Адабият, 1991. – 349 б.

51. Божович, Л.И. Избранные психологические труды: проблемы-формирования личности Текст. / Л.И.Божович, под.ред. Д.И.Фельдштейна. – М.: Изд-во Междун.пед.академии, 1994.

52. Борбугулов М. Единство национальное и интернациональное. – М.: Советский писатель, 1979.

53. Бөкөнбаев Ж. Балдарыбызга кандай адабият керек?// «Ленинчил жаш». – Ф., 1935, 14-апрель.

54. Вакуленко В. Детская литература в Киргизии. – М.: Детгиз. – 1976.

55. Выготский Л.С. Педагогическая психология [Текст] / Л.С.Выготский. – М.: Педагогика, 1991. – 480 с.

56. Голубков В.В. Методика преподавания литературы [Текст] В.В.Голубков. – М.: Учпедгиз, 1962. – 490с.

57. Гуляев Н.А. Теория литературы. – М.: Высшая школа, 1977.

58. Даутов К. Издегеним тубаса акын, тунук поэзия. – Б.: 2008. – 476 б.

59. Добролюбов Николай Александрович. 3-е изд. – М.: Советская энциклопедия, 1969.

60. Дьяченко В.К. Новая дидактика [Текст] / В.К.Дьяченко. – М.: 2001.

61. Жаңыбаев М. Окуу сабагын жүргүзүү жөнүндө // Окутуучуларга жардам. – 1939. - №5. – 39-45-бб.

62. Жигитов С. Ырлар жана жылдар. – Ф.: 1972.

63. Жирмунский В.М. Теория литературы. Поэтика. Стилистика. – М.: Наука, 1997. – 407 с.

64. Жолдошева А. Методика развития речи учашихся 1-класса [Текст]: автореф. канд. дис...канд.пед.наук: 13.00.02 / А.Жолдошова. – Бишкек, 1999. – 21 б.

65. Ибраимов О. История кыргызской литературы XX века», 2- изд-е, дополненное. – Б.: 2014. – 517 с.

66.Ильин, Е.Н. Урок продолжается: Из опыта работы учителя [Текст] / Е.Н.Ильин. – М.; Просвещение, 1973. – 152 с.

67. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери [Текст] / К.Иманалиев. – Ф.: «Мектеп», 1984. – 176 б.

68. Исаков Б., Исакова Ч. Кыргыз адабияты. Орто мектептердин 8-классы үчүн окуу китеби. 1-бас., [Текст] / Б.Исаков, Ч.Исакова. – Б.: 2002.

69. Ишекеев Н. История изучения кыргызской литуратуры в школах республики и ее акуальные проблемы на соврменном этапе [Текст]: автореф. дисс. док. пед. наук: 13.00.02./ Н.И.Ишекеев – Алматы, 1994. – 45 б.

70. Ишекеев Н. Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы [Текст] / Н.Ишекеев. − Б.: 1994. −387 б.

71. Калдыбаева А. Эл акындарынын чыгармаларындагы этнопедагогикалык идеялар [Текст] / А.Калдыбаева. – Б.: 2005.

72. Кан-Калик В.А. Психолого-педагогические основы преподавания литературы в школе [Текст] В.А.Кан-Калик, В.И.Хазан. – М.: Просвешение, 1988. – 254 б.

73. Каранова, Т.Н. Кыргыздын элдик балдар чыгармаларынын таалим-тарбиялык ролу. Атайын курстун программасы [Текст] / Т.Н.Каранова. //– Б.: Гүлчынар, 2009. – 10 б.

74. Каранова Т.Н. ЖОЖдордун педагогикалык факультеттеринде балдар фольклору аркылуу студенттерди окуучуларга атуулдук тарбия берүүгө үйрөтүүнүн жолдору[Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. / Т.Н.Каранова. – Б.: 2012. – 20 б.

75. Качурин М.Г.Организация исследовательской деятельности учащихся на уроках литературы. Книга для учителя.– М.:Просвещение, 1988.– 173с.

76. Кичева И.В. Обогащение педагогической терминологии в 90-е годы XX века. – Пятигорск, 2004. – С. 95.

77. Коменский Я.А. Я.А.Коменский. Избранные педагогические сочинения. Том 2. – М.: Педагогика, 1982. – С. 576.

78. Кондучалова С. Балдардын өз бетинче окуусу [Текст] / С. Кондучалова // Эл агартуу. – 1998. – №8. – 16-19-бб.

79. Корсунский Е.А. Развитие литературных способностей школьников. – Л., 1985. – 90 с.

80. Кубаталиева Б. Алиппе. Жалпы билим берүүчү мектептин 1-классы үчүн окуу китеби. 2-бас. [Текст] / Кубаталиева Б., Абыканова А., Асаналиева М. – Б.: «Кутаалам», 2016. – 112 б.

81. Кудряшев, Н.И. Взаимосвязь методов обучения на уроках литературы [Текст] Н.И.Кудряшева. – М.: Просвещение, 1981.

82. Култаева Ү. Азыркы кыргыз балдар поэзиясы. – Б.: 2014.

83. Курбанбаева А. Баланын сөз байлыгын арттыруудагы менин иш-тажрыйбам [Текст] / А.Курбанбаева // Эл агартуу. – 1979. – №9.

84. Кыргыз балдар адабияты боюнча программа. Désинституттардын мектеп жашына чейинки балдарга тарбия берүү факультетинин күндүзгү жана сырттан окуу бөлүмдөрүнүн студенттери үчүн. Түз.: М.Түлөгабылов. – Ф.: КМУ. – 1987. – 40 б.

85. Койнова –Цёльнер Ю.В. Башталгыч мектепте активдүү окутуунун педагогикалык технологиялары [текст] / -Б.:2011. -144с.

86. Кыргыз тили жана адабияттык окуунун программалары: Жети жылдык жана орто мектептердин 5-7-класстары үчүн [Текст].– Ф.:1952.–21-27-б.

87. Ланин Б.А. Методика преподавания литературы. Учебная хрестоматия-практикум. – М., 2007. – 508 с.

88. Леонтьев А.Н. Избранные психологические сочинения в 2-х т., Т. 2. [Текст] / А.Н.Леонтьев. – М.: Педагогика, 1983.

89. Лихачев, Д.С. Великое наследие. Классические произведения литературы Древней Руси [Текст] Д.С.Лихачев. – М.: Современник, 1990. – 670 с.

90. Макешов Н. Эне тил [Текст]. 4-класс үчүн окуу китеби / Н.Макешов, М.Жаңыбаев. – Фрунзе, 1947-.

91. Мамбеталиев А. Жаңы доордун жаралышы сабакта [Текст] /А.Мамбеталиев //Эл агартуу. – 1973. – №2.

92. Маразыкова З. 1-класста сабат ачуу жолдору [Текст] /З.Маразыкова //Эл агартуу. – 1993. – №1-2.

93. Маразыкова З. Төртүнчү класста класстан тышкаркы окууну өткөрүү. – Ф.: Мектеп, 1988.

94. Маразыкова З. Үчүнчү класстагы класстан тышкаркы окуу [Текст] / З.Маразыкова.– Бишкек,1991.

95. Маразыкова З. Экинчи класста класстан тышкаркы окууну өткөрүү. – Ф.: Мектеп, 1986.

96. Маранцман, В.Г. Содержание и этапы литературного образования. //Методика преподавания литературы. Под ред. О.Ю.Богдановой и В.Г.Маранцмана. - Ч. 1. [Текст] В.Г.Маранцман. – М.: Просвещение, 1995.

97. Маткеримов А. Окуу сабагынын эффективдүүлүгү жөнүндө [Текст] / А.Маткеримов // Эл агартуу. – 1974. – №8.

98. Махмутов М.И. Современный урок. Вопросы теории [Текст] / М.И.Махмутов. – М.: Педагогика, 1981. – 191с.

99. Мещерякова Н.Я. Нравственное воспитание учащихся на уроках литературы в 6-7 классах. – М., 1984. – 159 с.

100. Миңбаева К. Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп- үйрөнүү жолдору [Текст]: пед. илим. канд. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02. / К.Миңбаева. – Б.: 2016. – 19 б.

101. Миңбаева К. Азыркы кыргыз балдар акындарынын чыгармаларындагы педагогикалык идеялар жана аларды окуп-үйрөнүү жолдору. – Ош, 2016. – 20 б.

102. Момуналиев С. V–VIII класстарда лирикалык чыгармаларды окутуунун теориялык жана практикалык негиздери [Текст]: пед. илим. канд. дис… автореф. 13.00.02 / С.Момуналиев. – Б.: 1995. – 17 б.

103. Момуналиев С. Кыргыз орто мектептеринде лирикалык чыгармаларды окутуунун педагогикалык-методикалык негиздери [Текст]: пед. илим. док. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01; 13.00.02 / С.Момуналиев. – Бишкек, 2011. – 34 б.

104. Момуналиев С. Орто мектептердеги лирика. I к. [Текст] / А.Момуналиев. – Б., 2008. – 155 б.

105. Мукамбаев Ж. Башталгыч класстарда элдик оозеки чыгармачылыкты үйрөтүү жолдору [Текст] / Ж.Мукамбаев. – Фрунзе, 1966. – 72 б.

106. Мукамбаев Ж.Эне тили. 1-класс [Текст] / Мукамбаев Ж., Шукүралиев Ш., Байбураев Т.– Фрунзе,1970.– 136 б.

107. Муратов А. Бала тарбиялоодогу кыргыз керемети [Текст] / А.Муратов, К.Акматов. – Б.2020. – 368 б.

108. Муратов А. Кыргыз адабияты сабагында көркөм тексттин маңызын ачуу [Текст] / А.Муратов. – Б.: 2009. – 116 б.

109. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу: теориясы жана методикасы [Текст] / А.Муратов. – Б.: Турар, 2013. – 554 б.

110. Муратов А., Исаков К. Кыргыз балдар адабияты.– Б.: 2012.–12-б. 264 б.

111. Наматов С. Кичинекей колхозчу [Текст] / С.Наматов. – Фрунзе, 1934.

112. Наматов С. Тилибиздин методикасынан [Текст] / С.Наматов. – Фрунзе, 1932.

113. Никольский, В.А. Методика преподавания литературы в средней школе [Текст] В.А.Никольский. – М.: Просвещение, 1971. – 256 с.

114. Ожегов С.И., Н.Ю.Шведова Н.Ю., Толковый словарь русского языка. – Москва, 2013. – 268 с.

115. Озмитель Е.К. Теория литературы. – Ф.: «Мектеп», 1986.

116. Окуу көндүмдөрү түшүнүгү жана адабий окуу боюнча стандарт [Текст] http://www.kao.kg/images/stories/doc/195_059.pdf

117. Онищук В.А. Урок литературы в современной школе. – М.:Просвещение, 1981. –190 с.

118. Орозова Г. Баш сөз // Балдар фольклору. «Эл адабияты» сериясынын 20-тому. Түзгөн жана баш сөзүн жазган Г.Орозова. – Б., 1998, 6-7-б.

119. Осмонов А. XIX кылымдын адабият хрестоматиясы: толук эмес орто мектептер үчүн, 1-бөлүк [Текст] А.Осмонов, М.Кырбашев. – Фрунзе-Казан. – 1939. – 235 б.

120. Оторбаев Б.К. Адабиятты окутуунун интерактивдүү жана салттуу метод-ыкмалары, кызматташуу педагогикасы. – Б.: 2008. – 96 б.

121. Педагогика. Учеб. под ред. Л.П. Крившенко. – М.: 2005. – С. 417.

122. Перченок Р.Л. Основы педагогики. – М.: 2003. – С. 13.

123. Песталоцци И.Г. Избранные педагогические сочинения [Текст] / И.Г.Песталоцци. – М.: 1981. – т. 2. 416 с.

124. Равен Дж. Компетентность в современном обществе: выявление, развитие и реализация / Пер с анг. – М.: «Когито-Центр», 2002. – 396 с.

125. Рез З.Я. Изучение лирических произведений в школе (IV-VII кл.). – Л.: Советский писатель, 1968. – 96 с.

126. Рубинштейн С.Л. Проблемы общей психологии [Текст] / С.Л.Рубинштейн. – М.: Педагогика, 1973. – 423 б.

127. Рыбникова, М.А. Избранные труды [Текст] М.А.Рыбникова. – М.: Педагогика, 1985. – 247 с.

128. Рысалиев К. Кыргыз ырларынын түзүлүшү. – Ф.: «Мектеп», 1965.

129. Рысбаев С. Кыргыз акын-жазуучулары – балдарга: балдар үчүн окуу хрестоматиясы. 2-китеп [Текст] / С.Рысбаев, Б.Абдухамидова, Ч.Бекбаева, М.Ибраева. – Б.: 2010. – 300 б.

130. Рысбаев С. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы [Текст] / С.Рысбаев. – Б.: 2006. – 364 б.

131. Рысбаев С.К. Адабий окуу. Кыргыз орто мектептеринин 4-классы үчүн окуу китеби [Текст] / С.Рысбаев, К.Ибраимова. Б.Абдухамидова. – Б.: 2015. – 168 б.

132. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар адабияты: проблемалар, портреттер жана окуп-үйрөнүү маселелери: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 5-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2015. – 232 б.

133. Рысбаев С.К. Кыргыз балдар фольклорунун педагогикасы: «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 1-китеп. 2-бас. [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2014. – 312 б.

134. Рысбаев, С. Азыркы кыргыз балдар адабияты: проблемалар жана портреттер [Текст] / С.Рысбаев. – Б.: 1998.

135. Рысбаев, С.К. Алиппе [Текст]: кыргыз мектептеринин 1-классы үчүн окуу китеби /С.К.Рысбаев. – Б.: 2003. – 96 б. (көп жылдан берки басылыштары)

136. Рысбаев, С.К. Баланы көркөм сөз менен тарбиялоо [Текст] / С.К.Рысбаев. – Б.: 1998. – 64 б.

137. Рысбаев С. Кыргыз тили, адабияты мугалимине жүз кеңеш «Педагогикалык технологиялар» сериясы. 4-китеп [Текст] / С.К.Рысбаев. – 2014. – 236 б.

138. Рысбекова Б. Алиппени окутуу жана класстан тышкаркы окуу [Текст] / Б.Рысбекова, К.Сартбаев. – Фрунзе,1986.

139. Садыков А. Алыкул Осмоновдун поэзиясындагы традиция жана новатордук.– Ф.: Кырг. ССР ИА,1962. – 131 б.

140. Садыков А. ж.б. Адабият теориясынын проблемалары. – Ф.: «Илим», 1965.

141. Сакиева С.С. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери [Текст]: пед. илим. докт. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.01.; 13.00.02 / – Б.: 2013. – 49 б.

142. Сакиева С.С. Башталгыч мектепте адабий окууга үйрөтүүнүн педагогикалык негиздери [Текст]: монография / С.С.Сакиева. – Бишкек, 2007. – 200 б.

143. Салиев А. Акыл-эс дүйнөсү жана көркөм элес [Текст] / А.Салиев. – Ф.: Мектеп, 1981. – 256 б.

144. Сартбаев К. Окуу китептери – башталгыч класстарда билим берүүнүн негизги фундаменти [Текст] / К.Сартбаев //Эл агартуу. – 1991. – №5.

145. Сартбаев К. Эне тили [Текст] 4-класстын окуучулары үчүн. / К.Сартбаев, Г.Корголдоева,У.Каримов. – Фрунзе, 1961

146. Саттарова А.Т. Балдар ырларын мектепте окутуунун технологиялык негиздери [Текст]: пед. илим. докт. деген окумуш. даражаны из. үчүн жазыл дисс. авторефераты. 13.00.02 / – Б.: 2019.– 42 б.

147. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии: Учебное пособие [Текст] / Г.К.Селевко.– М.: Народное образование,1998.–256 с.

148. Сооронов О. Балдар адабияты / Кыргыз адабиятынын тарыхы. 1-т. – Ф.: Илим – 1987.

149. Сулайманов М. Азыркы балдар прозасы [Текст] / М.Сулайманов. – Ф.: 1980.

150. Сулайманов М. Балдар аңгемелери жөнүндө [Текст] / М.Сулайманов. – Ф.: 1976.

151. Сулайманов М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы [Текст] / М.Сулайманов. – Ош, 1994.

152. Султан И. Адабиет назариясы. – Ташкент: «Укутивчи», 1980.

153. Тимофеев М.И. Основы теории литературы. – М.: Просвещение, 1976.

154. Токтомаметов А. Кыргыз башталгыч класстарында адабий окуунун дидактикалык негиздери [Текст]: канд.дисс.авторефераты: 13.00.01 /А.Токтомаметов. – Бишкек, 1995. – 25 б.

155. Токтомаметов, А. Адабий окуу [Текст]: 2-класс үчүн окуу китеби, ондолуп 2-бас. / А.Токтомаметов. – Б.: «Акыл» ААК, «Мектеп», 2003. – 216 б.

156. Токтомаметов, А. Адабий окуу [Текст]: 3-класс үчүн окуу китеби, ондолуп 2-бас / А.Токтомаметов. – Б.: «Акыл» ААК, «Мектеп», 2003. – 298 б.

157. Токтомаметов, А. Адабий окуу [Текст]: 4-класс үчүн окуу китеби / А.Токтомаметов. – Б.: «Акыл» ААК, «Мектеп», 2003. – 326 б.

158. Токтомаметов, А.Д. Адабий окууну 2-класста өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү [Текст] / А.Токтомаметов. – Б.: 1996.

159. Толстой Л.Н. Педагогические сочинения [Текст] / Л.Н.Толстой ; АПН СССР. – М.: Педагогика, 1989. – 542 с.

160. Томашевский Б.В. Поэтика: краткий курс [Текст] / Б.В.Томашевский. – М.: «GG», 1996. – 126 с.

161. Түлөгабылов, М. Кыргыз балдар адабиятынын тарыхы [Текст]/ М.Түлөгабылов. – Б.: «Мектеп», 1991. – 272 б.

162. Түлөгабылов, М. Кыргыз элдик оозеки чыгармалардын балдарга арналган ырлары жана алардын түрлөрү // Эл агартуу. – 1984. - №12. – 34-40-бб.

163. Тыныстанов К. Окуу китеби [Текст] / К.Тыныстанов. – Ташкент, 1924.

164. Ушинский, К.Д. Проблемы педагогики [Текст]/ К.Д.Ушинский. – М.: Изд-во УРАО, 2002. – 529 с.

165. Үсөналиев С., Иманалиев С. Кыргыз тилинин справочниги. 5-бас. – Б.:2004. – 157-б.

166. Хуторской А.В. Ключевые компетенции как компонент личностно-ориентированной парадигмы // Народное образование. – 2003. – №2. – с 58-64.

167. Чернышевский Н.Г. Соч. в 2 томах. – М.: «Мысль», 1986-1987

168. Шамырза уулу С. Комплекс жолу менен сабак берүү // Жаңы маданият жолунда. – 1928. - №6-7. – 27-29-бб.

169. Шериев, Ж. Адабият теориясы [Текст] Ж.Шериев, А.Муратов. – Б.: 2004. – 178 б.

170. Щербина В.Р. Проблемы литературного образования в средней школе. – М.: Просвещение, 1982. – 320 с.

171. Эльконин, Д.Б. Введение в психологию развития: в традиции культурно-исторической теории Л.С.Выготского [Текст] / Д.Б.Эльконин. М.: Психология, 1994. – 167 с.

172. Эркебаев А. Азыркы учур жана кыргыз поэзиясы. Адабий-сын макалалар. – Ф.: Кыргызстан, 1980. – 140 б.

173. Юдахин К.К. Русско-киргизский словарь. – Москва, 1957. – 293-б.